Анаркан Карабаева

# Жалгыз өскөн жоогазын



УДК 821.51
ББК 84Ки7-5
К 21

Карабаева А.Т.
К 21 “Жалгыз өскөн жоогазын” Ырлар
- Б.: Полиграфбумресурсы, 2013. 228 б.

ISBN 978-9967-457-31-7

Бул китеп акындын 2001- жылдан берки жазып келген биринчи ыр жыйнагы. Эскерүүлөр, арноолор, ата-мекен, эл,жер жана сүйүү, махабат, тагдыр темасында жазылган ырлары топтоштурулган. Окуган поэзия күйөрмандары, акындын оюн түшүнө билип, жакшы деген бүтүмгө келет деген ишеничтебиз.

К 4702300200-13
УДК 821.51
ББК 84Ки7-5

ISBN 978-9967-457-31-7
© Карабаева А.Т.,2013

# Жоогазын жылда ачылат.

Жылдын жаз айында жердин бетин көркко киргизип, адамдардын ички сезимдерин башкача ойлорго кабылдырып, кучагын толтурган гүлдөрү менен жүздөрүнө кубаныч толтурган жоогазын гүлдү жакшы көрбөгөн, билбеген адамдар аз эле болсо керек. Албетте, кыргыз жерибиз тоолорго бай болуп, ак мөңгүдөн агып түшкөн булактардан куралып келип чоң дарыялар куралып, буркан-шаркан түшө, жерибиздин кооздугун жандандырып турат эмеспи. Жер энени жандандырып, андагы жашап жатышкан адам баласын жана жан-жаныбарлар менен өсүмдүктөргө жашоо берип турган ошол суулардын шарында жибек менен токулган көркөмдүү кийим өңдөнгөн, жыпар жыты мурундун каңылжырын рахаттандырган жоогазындын 4-5 салаа гүлү көздүн гана жоосун алат го чиркин.

Ооба, автор жазган ырларында өзгөчө басым жасаган жоогазын гүлү да ушул жыйнагынан көрүнүп турат. Анын ый-муңу, шат-күлкүсү б.а. өзүнүн турмуштук болуп өткөн баардык ойлорун камтыган чыгармалар экендигин окуган окуучулар билишеер.

Жашы алтымыштарга жакындап бара жатса дагы, каарып баратам дебестен, жазылган ырлары анын мээнети болгондуктан, өзүнчө китеп кылып элине тартуулап коюуну туура көргөндүгүнө маакул болбой коё албайсың.

- Китебим менин сырлары. Ушул китептеги ырлар менен кошо жашап, муңумду жаздым, Көзүмдөгү жашымды аарчыдым. Күлкүмө шерик болду.

Балдарымды, неберелеримди эркелеттим. Досторум менен сырдаштым.

Мүмкүн, алар китебимди окуп калышса менин жашап өткөн жаштыгыма, андагы сүйүү менен махабатка, тагдырыма түшүнүшөөр деп ойломун.

Дагы улантып жаза берем деймин, - деп айтат автор.

Чамдай бер, Анаркан! Жазган чыгармаларыңды окуп көрүп, көптөгөн жылт эткен жакшы ойлоруңду ырларыңа камтыганыңды көрүп, мындан ары да ырларыңды элге тартуулай беришиңди каалаймын.

"Жалгыз өскөн Жоогазын"- деп ат койгонуң, өзүңдүн тагдырыңа байланыштырып койгонуң болсо керек. Адам баласына эч качан жалгыздык берилбесе деп кудайдан суранып кетээр элем.

Жылда ачылат жоогазын көркүн ачып,
Жылды санап жашайбыз улам шашып.
Ошол гүлдөй бийиктеп өскүн басып,
Сен өмүрдүн жакшысын тандап алгын,
Анда сенден алыстайт кайгы качып.

Мындан ары дагы чыгармачылык ийгиликтерди каалап кетемин.

Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү жана Кыргыз композиторлор союзунун ардактуу мүчөсү, композитор, акын жана жазуучу

**Бостонкулов Маматибраим.**

# Жаштыгым – жаркын элесим



## Өткөн күндү эскерүү

Тору күлүк минип чапкандай,
Толкундап дайра аккандай.
Тоорулуп өмүр өтүптүр,
Тоо ашып булут баткандай.

Жарым жаш өмүр өткөнчө,
Жанымды кыйнап тынбапмын.
Жаштыгым таштап кеткенче,
Жарытып иш да кылбапмын.

Өттү өмүр жанды өксүтүп,
Өчөштүң тагдыр кыйнаган.
Өкүнүп тайкы таалайга,
Өпкөлөп канча ыйлагам...

Жалындап жарык күйбөдүм,
Жаркырап өмүр сүрбөдүм.
Жаштыгым өттү тумчугуп,
Жамандык болду билгеним.

Жакшы адам жарым болбоду,
Жашоого көөнүм толбоду.
Жамандан көрүп жамандык,
Жанчылды жүрөк ойлору.

## Ырларым сырдаш болоор

Айттым ушул ырларга сөз чындарын,
Жазып койдум түбүнө ай, жылдарын.
Сызыгынан тайысам бул өмүрдүн,
Сырдаш болоор сиздерге бул ырларым.

Бир бөксөрүп, бир толуп тирүүлүккө,
Арбаламын көр турмушта күнүмдүккө.
Алдоо менен өтүп жатат жалган өмүр,
Кээде капаа, кээ күнү сүйүнүчтө.

Турмушумда ачуу, таттуу күндү көрдүм,
Аргасыздан баарына тегиз көндүм.
Өксүп келдим, ыйладым, жүрөк күйдү,
Ай, арман ай! Жакынымды кантип көмдүм?

Окуганда окурманым ырларымды,
Жазып койдум ырларыма сырларымды.
Жашырбадым эч бирин толук айтпай,
Жарым өмүр азап менен жыргалымды.

Калган өмүр калуууда чын, жалганбы?
Биле албадым өмүр шатпы же арманбы?
Көрөмүн да тагдырымдын буюрганын,
Бешенеме Жараткыным не салганды?

2-19-2011ж

## Жаштыгыма

Мейманымдай келген менин жаштыгым,
Кеттиң окшойт сен да мага таарынып.
Көз ачканча таппай калдым дайныңды,
Калып барам жаштыгымдан айрылып.

Тоо суусундай толкуп, ташып, шарпылдап,
Агып кетип кайрылбадың жаш курак.
Таштап кеткен күндөрүңдү сагынып,
Олтурамын өзүңө арнап ыр курап.

Кеттиң менден жамгыр болуп төгүлүп,
Кеттиң менден ай, күн болуп көрүнүп.
Дуулап өткөн ал күндөргө кайрылбай,
Калдым окшойт булут сымал бөлүнүп.

## Сыйлашып өтөлүчү

Өтсөк дагы бул жалган дүйнө кезип,
Бир-бирибиз кадырга жетсек кана.
Көрө албасты, ач көздү алыс коюп,
Көр дүйнөдө сыйлашып өтсөк кана.

Бир байкушуң алсырап турган кезде,
Алдуусузду бир сурап өтсө кана.
Боорукерлик бой берип адамзатка,
Боору ооруп көз жашын төксө кана.

Кайыр сурап, калтырап Кадыр түндө,
Колдо бары кайрылып өтсө кана.
Жалдыраган жалаң бут жетим турса,
Көкүл сылап маңдайын өпсө кана.

Жаның барда ыманга башың ийип,
Кеч калтырбай сооп жыйнап алсак кана.
Кудай алдына эрте-кеч барган кезде,
Куру барбай сооп алып барсак кана.

Курал алба пенделер колго кармап,
Кирбегиле шайтандын жолдоруна.
Өзүңө окшош инсанга ажал болуп,
Чалдырбагын каргаша торлоруна.

Үйбө пенде күнөөнү өз мойнуңа,
Шамшар менен сайбагын өз бооруңа.
Аруу болгун, ак болгун, чынчыл болгун,
Аралатпа шайтанды ак жолуңа.

Каалгып учуп асманда, баарын көрдүм,
Курч тырмактуу кыйындар бүркүт болуп.
Жез тырмактуу көрөгөч будайыктар,
Кала албайт дүйнөгө түркүк болуп.

Өмүрүңдү Еврого сата албастан,
Бир өчсөк кара күйүп жаналбайбыз.
Пенделербиз аманат бул дүйнөгө,
Эч бирибиз өлбөстөн калалбайбыз.

Башың жетсе булутка, о пенделер,
Бутуң жерде унутпа, о пенделер.
Алхамду лиллахи Мусулман экениңди,
Дилиңден эч чыгарба, о пенделер.

## Тоолорум сенден айланам

Кыркалуу тоолор тирелип,
Кылымдар жашайт түбөлүк.
Коктулар уюп мөңгүгө,
Кырларда түркүн гүл өнүп.

Тирелген бийик тоолоруң,
Тиктесем көзүм тойбогон.
Тизилген катар зоолоруң,
Түлкү, барс, илбирс жойлогон.

Ала – Тоом сенин бооруңан,
Аркарың качса капталдап.
Азуусун кайрап азууга,
Кулжалар оттоп жайраган.

Аскасы көктү тиреген,
Аркандап булут өрүлгөн.
Көнөктөп куюп асмандан,
Ак жааны, мөндүр төгүлгөн.

Кулпурса күңгөй гүлдөргө,
Тескейде ышкын жайнаган.
Теребел шаңга бөлөнүп,
Термелте булбул сайраган.

Кырларың асман тиреген,
Бийиксиң улуу Ала – Тоом.
Кылымдан кылым карыткан,
Ыйыксың улуу Ала – Тоо.

Кыраңга боз үй тигишип,
Кыргызым жайлоо жайлаган.
Кылымдын кымбат сыймыгы,
Кырка тоом сенден айланам.

## Эгемен Кыргызстан

Эгеменге ээ болуп Кыргызстан,
Колубузга эркинидик тийген кезде.
Биримдикте бир болуп көп улут эл,
Туусу орноду достуктун элибизде.

Эгемендик жогунда кыргыз эли,
Алсыраган эл элек көз каранды.
Колго алып азаттык, эркин болдук,
Жасай алдык өз алды каалаганды.

Кагылайын көп улут, кутман жерим,
Каалгаң ачык, койнуң кең улуу элим.
Өзүңө-өзүң ээ болуп туу көтөрдүң,
Кут болсун – Кыргызстан, эгемениң!

Узак жылда, эгемен жолун басып,
Келүүдө көп улут эл асманы ачык.
Кыргызстан, кең пейил, меймандос эл,
Салт күтүп, конок күтүп, төрүн ачып.

Улуу элим, бир болуп бөлүнбөйлү,
Бүтүндөн ыдырашып сөгүлбөйлү.
Эгемендүү эркиндикти кусур кылып,
Электен аккан кумдай төгүлбөйлү.

8.08.2011ж.

## Жакшы көрөмүн

Жер бетин толук агартып,
Ааламды бүтүн тазартып,
Аруулукка чакырган,
Кыш айын жакшы көрөмүн.

Чайыттай көкмөк ачылган,
Асманды жакшы көрөмүн.
Агарып шоола нур чачкан,
Ак таңды жакшы көрөмүн.

Дарактар толук гүл ачкан,
Апрель айды сүйөмүн.
Каптаса жыпар ааламды,
Жашарып калат жүрөгүм.

Жапжашыл шибер чөп чыккан,
Жаз айды жакшы көрөмүн.
Талааны кызыл гүл баскан,
Май айын жакшы көрөмүн.

Мөмөлөр бышып төгүлгөн,
Бетеге белден өрүлгөн.
Чер жазып көлгө чөмүлгөн,
Жай айын жакшы көрөмүн.

Коон, дарбыз бышып, дүйүмдөн,
Кырманга толуп үйүлгөн.
Дыйкандын толгон кампасы,
Күз айын жакшы көрөмүн.

Жуурулушуп биз менен,
Жупташып кошо бир келген.
Жашоонун жаркын символу,
Төрт мезгилди сүйөмүн.

## Жаз элем

Жаз элем, жазгы гүлдөй жашыл көктөм,
Күн элем асмандагы нурун төккөн.
Жаштыгым өткөн тура байкалбастан,
Булуттай жылып аккан бийик көктөн.

Күн өтөт, күндөр менен жаштык өтүп,
Өмүрлөр кыскарууда жардай көчүп.
Байкалбай балалыгым өткөн белем,
Мезгилдин шары барат курчу кетип.

Жайнаган жашыл жаздын күнү бүтүп,
Жайкалган кызыл гүлдүн бүрү түшүп.
Өмүрдүн мөмөлөгөн күзү келди...
Турамын келээр күндүн кышын күтүп.

Калсачы, өткөн жаштык арман болбой,
Бул дүйнө калаар бекен жалган болбой?
Өмүрдүн өткөн көчүн үзбөй улап,
Жүз кылым карыбаган узак жолдой.

## Атаганат...

Күн кызарып аскадан ашса шашып,
Нуру өчүп, булуттарга батса шашып.
Жымжырттык тегиз каптап айлананы,
Жер бетин караңгы түн жапса шашып.

Тунжурап, асман уктап жаткан кезде,
Үкү да кең уйкуга баткан кезде.
Асманда жыбырашып көп жылдыздар,
Купуя сырын ичке каткан кезде.

Бир гана үмүт өпөй күйүп-жанат,
Басасың, бирде учуп канат байлап.
Чабыттап аалам кезип ойлор кетет,
Аксак ой, бирде таскак атаганат.

Кусалык тынчтык бербей уйку качкан,
Кыйналып миң түйшөлтүп ойго баткан...
Уктабай, убай тартып түнүм сынат,
Бул түндө ирмелтпестен кирпик каткан.

## Өрөпкүп турамын

Жаз элем жашыл көктөмдөй,
Жоогазын жайнап өскөндөй.
Жыпарын чачкан гүлүмдү,
Жел шыпырып өткөндөй.

Томсоруп калды жаштык кез,
Тоо урап көлгө түшкөндөй.
Барпырак күндөр жоголду,
Бал аары соруп кеткендей.

Гүл элем кызыл көктөмдө,
Күн нуру беттен өпкөндө.
Сезбепмин жаштык калганын,
Жашынып жашыл чөптөргө.

Ажарлуу жаштык кез өтүп,
Алыстап менден кеткенде.
Алсырап турат жүрөгүм,
Айласыз сыздап өткөнгө.

Булуттай шашып көчкөнгө,
Бүрлөрүн гүлдөр төккөнгө.
Буулугуп турам буюгуп,
Бурулбай жаштык кеткенге.

Өрттөнүп жаштык курагым,
Өзгөрдү өстөн булагым.
Өзүмдү, өзүм таанбыбай,
Өрөпкүп азыр турамын.

## Толгонуу

Кайчылашкан тагдыр жолу тор болуп,
Өттү чиркин, кайран өмүр толгонуп.
Жалгыз күйүп бир өмүрдүн чырагы,
Жабыркады жаштык күндөр томсоруп.

Купуя сырым бул жашоомо түн катып,
Түн кучактап ойлорум менен бир жатып.
Күн да ай, жыл арман менен өтүүдө,
Кайталанган тирүүлүктүн таңы атып.

## Мезгил өкүмү

Жаркын өмүр жайлоодогу гүл болуп,
Жакшы өмүр көңүлүмө сыр болуп.
Жашыл шибер майсасына топтолгон,
Тамчылары тып-тып агат топтолуп.

Жаштык күндөн жалын жанып жүрөктө,
Таттуу күндөр томсоргонсуйт күн өтсө.
Элес барат кол булгалап алыстан,
Улам узап баратышат жыл өтсө.

Мезгил деген өмүрлөрдүн көчүбү,
Милдеттери өркөөчтөнүп өтүүбү?
Арыш таштап алыс узап баратат,
Күлүк минип убакыттын өкүмү.

## Акын дешет

Ыр жазып кагаз бетин сыяладым,
Убалы болбосо экен сыялардын.
Оюмду ачык жаздым, сырды катпай,
А бирок, акын дешсе уяламын.

Ойлонуп,ой түйүнүн чече албадым,
Ыр жаздым, ыр чегине жете албадым.
Көңүлдө көксөп турса ыр ышкысы,
Көздү жуумп, таштап аны кете албадым.

Ырыма кошпой жаздым чын-жалганын,
Жакшысын, жаманын да, сын- арманын.
Айтпадым окурманга калп ойлорду,
Кудайым ак дилиме бүт салганын.

## Тыюу салат бир оюм

Эркелеген кыялдарым наз болуп,
Жазып калам махабаттын ырларын.
Бир ой келип кармай калат колумдан,
Токто! Токтот! Эмне дешет балдарың?

Серпилишип дүбүрт салып ойношуп,
Сезимдерим буруп кетет башымды.
Сейилинде куунап баарын унутам,
Сересинде турган улуу жашымдын.

Уят! Кой! – деп буйрук кылса көнүшпөй,
Көңүл бийлейт ээлеп алып бүт баарын.
Илхам келсе ириттирбей, төгүлбөй,
Жаздым кайра махабаттын ырларын.

Жаза берем сексен жашка барсам да,
Тилим сынып сүйлөй албай калсам да.
Ошондо да жаза берем сүйүү ыр,
Ден соолук жок эс акылдан тансам да.

Ырларымды түшүнгөндөр түшүнөөр,
Түшүнбөсө мыскылдашып күлүшөөр.
Баягы эле көкүрөгү тайкылар,
Көрө албаса көп сөз кылып жүрүшөөр.

Акыл ойдун тагдыр жолу ушундай,
Улуу болот, кичүү болот, жаш блот.
Махабаттан ачуу, таттуу, муң жазып,
Чылым чекпей, шарап ичпей мас болот.

## Жакшылыкка чакырам...

Бул жерде кырктай адам иштешебиз,
Сыйлашып. "сени!" дебей,"сиз" дешебиз,
Сый-урматты, ызаатты бийик коюп,
Татынакай сөздөрдөн сүйлөшөбүз.

Ынтымакпыз дайыма бир туугандай,
Чырдашпайлы ырк кетип, ит куугандай.
Ушакташып ич ара, жамандашсак,
Ажаан болуп кетебиз жин ургандай.

Ошондуктан дайыма сак бололу,
Аппак, тунук, акактай ак бололу.
Аруулукка ыроолоп дилибизге,
Ар кандай жамандыктан жат бололу.

Кудайым айырбасын жолубуздан,
Берекени кетирбесин колубуздан.
Дайыма ар намысты бийик сактап,
Акылдан адашпайлы, оюбуздан.

Кайра эле көнүмүштөй таңым атат,
Кайра эле жашоомдогу үмүт жанат.
Өмүрлөр алдоо менен өтүп жатса,
Ушинтип турмуш кыстайт атагана.

## Туулган жерим

Туулган жерим, эң ыйыгым, тумарым,
Угулгансыйт шыңгыр үндүү булагың.
Киндик каным тамган жерим, өзүңдү,
Сагынамын, бир көрүүгө кумармын.

Токойуңда сайрайт түркүн куштарың,
Ал үндөрдү укканга мен куштармын.
Өмүр бою жашап келем өзүң деп,
Кагылайын кутман жерим, кутманым.

Кутмандуу жер, ыйыксың сен баарынан,
Көргүм келет, карааныңа кагылам.
Башка жерди окшото албай өзүңө,
Сени көрсөм сагынычтан арылам.

Башка жакта болсо дагы түнөгүм,
Сенден эч бир үзүлбөдү күдөрүм.
Кагылайын Ата – Журтум, ыйыгым,
Өмүр бою сен деп согот жүрөгүм.

О туулган жер! Сен деп жазам ырымды,
Сага айтам ичте арман – сырымды.
Угуп койчу? Мени кысып бооруңа,
Бөксөртөйүн төгүп сага муңумду.

Татаал тагдыр таалайыма таймашып,
Бөтөн жерге калтырыптыр алмашып.
Чаарчыктай жалгыз өстү талаада,
Аймончок кыз калган сенден адашып.

О туулган жер! Кагылайын кутманым,.
Бир кызыңмын, мен да сенин урпагың.
Бөтөн жердин суусун ичип өссөм да,
Кымбат мага, сенин сары турпагың.

## Кара-Көлүм

Чоңойгон жер, сулуу айлым Кара – Көл,
Медер мага, мээрим чачкан жашыл төр.
Мезгил өтүп, мен улгайып калсам да,
Мелтирейсиң жапжаш бойдон ыйык көл.

Кутман айлым, карааныңан кагылам,
Балалыгым, жаштык кезим сагынам.
Кыялданам кыз кезимди элестеп,
Кызгалдактай кызыл мончок тагынган.

Шылдыр аккан булагыңда агылгам,
Шыбыраган тамчың менен тамылгам.
Жашыл гүлдөй жапжаш назик кезимде,
Жалбырактан жашыл жоолук салынгам.

Кайран жаштык кайда кеткен шашылып,
Кымча бел кыз кеткен окшойт ашыгып.
Кылактаган кызыл бантик, ошол кыз,
Калды окшойт кызгалдакка жашынып.

Кара – Көлүм, калды сенде балалык,
Барбай калдым, бөлүп бизди аралык.
Көп киресиң ыйык көлүм түшүмө,
Калган өңдүү канымдан сен жаралып.

Кара – Көлүм, куттуу жерим сагындым,
Балдарым да, кыздарым да саналып,
Быйыл сага сыйынганы баралык.

## Сузагыма 90 жыл

Кымбаттусуң Сузагым, кутман жерим,
Курманбектей баатырлар чыккан элим.
Куттуу болсун 90 жаш кутман курак,
Кубат берээр жашоого сенин демиң.

Кутман жерсиң Сузагым, атың чыккан,
Өзүңдөн өчпөс - өлбөс баатыр чыккан.
Өнөрү, өчпөс болгон даңкы менен,
Барпыдай баа жетпеген акын чыккан.

Сен ыйыксың Сузагым, атың улук,
Абааң таза, мөлтүр суун, күнүң жылуу.
Кут төгүлөт койнуңдан берекең мол,
Кара – Алмадай түнт токой жериң сулуу.

Таанымалсың Сузагым, атың уткан,
Ыймын – сыйды, ырысты ыйык туткан.
Теңир жалгап Сузагым, өнгөн жерсиң,
Сузагымдан Тукубай баатыр чыккан.

## Курманбек баатырдан бир баян

Кулун кезде булкунуп,
Кынына жаны батпаган.
Чагылган болуп жүрөгү,
Чартылдап тынч какпаган.

Тай кез курак кезинде,
Тайманбай тике сүйлөгөн.
Жолборстой айбат сүрүнөн,
Тайсалдап эрлер сүрдөгөн.

Кунан жашы келгенде,
Куулуп кеткен Курманбек.
Кыжырга тийген калмакты,
Кууп жеткен Курманбек.

Асыйга жашы барганда,
Азуусун чайнап калганда.
Элирип чыккан Курманбек,
Эл үчүн жаным курман деп.

Болоттон кармап зоот калкан,
Желдей сызган тору атчан.
Арстан баатыр Курманбек,
Элин коргоп жоо чапкан.

Кыжырга тийген калмактын,
Өтүн алган Курманбек.
Кыйкырып барып найзалап,
Өчүн алган Курманбек.

Сузактан чыккан Курманбек,
Баатырдыгын кылдым кеп.
Баатыр өлбөйт деп айтам,
Элимде тынчтык турса деп

## Туулган жерге кайрылуу

Кечир мени, барбай калдым күтсөң дагы,
Элжиреген сагынычтар алыс калды.
Карааныңа саргайып зар болгон кез,
Эми мынтип сезимдер алыстады.

Атаганат, амал жетпес ошол кезим,
Алпурушуп чарчагандай сезимдерим.
Баш көтөр деп, ыйыма жөлөк болуп,
Күчүн берчүү алыс турган сенин демиң.

Кечир мени, барбай калдым сагынсам да,
Кайрып бербес, Кудайга миң жалынсам да.
Чачты сылап, маңдай сүйөөр атакем жок,
Кайтарбайт го жаратканга жалынсам да.

Кечир мени, сага азыр барбай жүрөм,
Ал күндөрдө сезимдерим ыйлап жүрөт.
Кучакташып кучагыңды өпсөм дагы,
Өлгөнчө сен деп согот го байкуш жүрөк.

Сенден азыр бөлүнүшүп алыс калгам,
Түгөлү жок дүйнөмдө бүт баары жалган.
Ымыркайдан чыгып кеткем кучагыңдан,
Ызгаар боолуп үшүтөсүң, ушул арман.

**Кетким келет**

Аралап Ала – Тоону баскым келет,
Адырлуу белестерин ашкым келет.
Чаңкасам кере жутуп булагыңдан,
Жазданып шибериңди жаткым келет.

Сагынып Ала-Тоомо баргым келет,
Саамайга гүлдөрүңдү таккым келет.
Кусалуу кумарымдын черин жазып,
Кучактап гүлдөрүңдү чачкым келет.

Токойдон булбул үнүн уккум келет,
Ыр коштоп, бирге болуп учкум келет.
Бүркүттүн шаңшып жаткан үнүн угуп,
Улуу тоо учтарына чыккым келет.

Ак мөңгү Ала-Тоолор түшкө кирет,
Боорунда аркар, кулжа, кийик жүрөт.
Толкундар жиреп жатса Ысык-Көлдө,
Үстүндө ак чардактар, куулар сүзөт.

Ала-Тоом, теңдеши жок ыйык жерим,
Сен дегенде садага жаным менин.
Узак жерде жүрсөм да оюм сенде,
Түбөлүккө аман бол кыргыз элим.

## Ошол мен...

Чарчабай өтө узак жолдор басып,
Элеңдеп кырка тоону, белди ашып.
Эрбеңдеп,элеңдеген жалгыз караан,
Барчуу эле мектебине тездеп, шашып.

Таң атпай жарык нуру үрөң-бараң,
Чочулайм жалгыздыктан тынбай санаам.
Элеңдеп эки жакты каранса да,
Эртелеп жолго чыкчуу жалгыз караан.

Ошол мен, ээн талаада жалгыз келген,
Окууга бараар элем узак жерден.
Корксом да, кыйналсам да чыдагамын,
Барганмын бөлөк жерге, бөтөн элден.

## Айылым сыр айтат

Баратсам басып айлыма,
Жомоктон жолум кеп айтат.
Чаңытып чаң тээп ойногон,
Издериң менде деп айтат.

Айлыма барсам талаалар,
Кобурап мага сөз айтат.
Кыялке бала шок кезиң,
Койнумда калган деп айтат.

Тирелген бийик жаңактар,
Термелген шагы сөз айтат.
Селкинчек тээп ырдаган,
Ырларың менде деп айтат.

Жээгине барсам булактын,
Шыбырап сырдуу сөз айтат.
Сызылып далай сыр чечкен,
Сырларың менде деп айтат.

Көлүмдүн бассам жээгинде,
Көлкүлдөп сырдуу үн катат.
Перидей сындуу мүчөңдү,
Толкунга каткам деп айтат.

## Жери сонун кыргыздын

Чалкайып жатса чатырап,
Төрлөрү сонун кыргыздын,
Асмандан жылдыз көрүнгөн,
Көлдөрү сонун кыргыздын.

Тоосунда бүркүт шаңшыган,
Зоолору сонун кыргыздын.
Коктусу гүлгө оролгон,
Тоолору сонун кыргыздын.

Бетеге белден буралган,
Жерлери сонун кыргыздын.
Пейили кенен меймандос,
Элдери сонун кыргыздын.

## Агайларыма

Көздөрүнөн жылуулук нурун чачып,
Көрүнүшөт агайларым атакемдей.
Жүздөрүнөн мээримдин оту чыгып,
Көрүнүшөт эжейлерим апакемдей.

Бүт өмүрүн балдар үчүн арнап жаткан,
Билим берип турмушуна жолун ачкан.
Бар болгула, бакыт чачкан агайларым,
Кубат берсин, өмүр берсин бул жараткан.

Эрте туруп, эстен чыгып үйүңөргө,
Мектеп болду көңүлдөгү сүйүүңөрдө.
Таңдан – кечке аткарган түйшүктөрүн,
Себеп болду аман – эсен жүрүүңөргө.

## Эже – Агайым сыймыгым

Өз апамдай акыл айткан,
Сыркоолосоң күйүп жанган.
Көзүң жайнап мээрим төккөн,
Чачым сылап, бетим өпкөн,
Эжеке сизге алкыш айтам.
Тентектенип айып кылсам,
Атабыздай санааркаган.
Жакшы окуп, таза жүрсөк,
Кубанычтан маңдай жарган,
Агайым менен сыймыктанам.

***

Бар болгула! Аман болсун башыңар,
Дениңер сак, жүздөн ашсын жашыңар.
Биз силерге дайым оомат тилейбиз,
Дилибизден эч бир өчпөйт атыңар.

Ат-энедей көрүп бизге камылга,
Акыл – насаат, көп нускалуу кеп айтып.
- Уул-кыздарым, элге кызмат көрсөтүп,
Калың журтка кадырлуу бол,- деп айткан.

Өз балаңдай байыр алып, какпаган,
Баарыбызды барчын кылып таптаган.
Балапандар кыраан бол ,– деп тилеген,
Эже-агайлар силер менен мактанам.

## Мугалим – мөмө дарагым

Кудуретин аянбай, күчүн берген мугалим,
Энергия, жан дилин бүтүн берген мугалим.
Тарбия үчүн окутуп жанын берген мугалим,
Өзү алган билимдин баарын берген мугалим.

Студентке жандилин үрөп берген мугалим,
Билим менен алдыга сүрөп берген мугалим.
Студенттин дилинде түнөп турган мугалим,
Кыйшайганды тикелеп сүйөп турган мугалим.

Баласындай бөлөктү бөпөлөгөн мугалим,
Эркелетип, элжиреп төтөлөгөн мугалим.
Өзү окуткан студент кыраан чыкса элинен,
Маанайы жаркып көңүлү көтөрүлгөн мугалим.

## Студенттин парызы

Көкүрөккө кол коюп салам берип баш ийүү,
Студенттин түбөлүк көөнөрбөгөн парызы.
Билим берип, алдына ачык жолду тартышкан,
Мугалимге алардын түгөнбөгөн парызы.

Мугалимдер силерге койнун ачкан, кол жайып,
Билим берип алдыңа кең келечек жол ачкан.
Бүт өмүрүн, эмгегин силер үчүн арнашып,
Келечекте адамдык эң бактылуу доор ачкан.

Мугалимдин эмгегин унутпагын студент,
Эже-агайга эрегип буулукпагын студент.
Билимиңе суу куюп көрктөндүрүп көктөтпөй,
Мугалим тиккен дарагын курутпагын студент.

Алактабай, ойнобой абийирди жап студент,
Жакшы жүрүп, жакшы окуп аброй тап студент
Билимге толук бай болуп, нуруң чачып ай болуп,
Түбөлүктүү турмушта бактыңды тап студент.

Буюрса бир күн сен дагы мугалим болуп барасың,
Эже-агайлар улгайса ордун басып каласың.
Салынуу кашык буюрса, өзүңө кайтат баарысы,
Эже-агайга берген бүт сыйды окуучуңдан аласың.

8-11-2011ж

## Музыканттар

Талантты ар кимге эле бере бербейт,
Илхам да баарына эле келе бербейт.
Кудайым өзү сүйгөн пендесине,
Өнөрлүү өлбөсүн деп, өнөр берет.

Ырларга, күүлөрү көп кептелбесе,
Калпына тегиз түшүп эп келбесе.
Жагымдуу обон болуп чыга албайт,
Ырына ырчылары төп келбесе.

Музаны көз илешпей колдор ойноп,
Курактап туташтырып, күүсүн толгоп.
Жамактап түркүн үндө ыр жаратса,
Эргишет элдин көбү, ырдап, чоордоп.

Музыкант жанды үрөп келишүүдө,
Баскычтын аккорддорун теришүүдө.
Мукамдуу үндөрүн таап, туташтырып,
Жүрөктөн ыр жаратып келишүүдө.

02.06.2010ж.

## Балалыкка кайрылуу

Ата-энедей биз мектепти сагынып,
Шашкалактап жөнөөр элек жабылып.
Кичине бой, бир метрге жетелек,
Көтөрө албай калтасына чалынып.

Аттап алтын босогону жетиде,
Алгач ачтык алиппенин барагын.
Тамга үйрөтүп, калемди түз карматып,
Өмөш агай өтөөр эле сабагын.

Айлар, жылдар көзгө илешпей жалгашып,
Он жыл өттү билинбестен алмашып.
Классташтар туш-туш жакка тарашкан,
Өз кесибин, өз турмушун тандашып.

Ал мектепте калды биздин балалык,
Өттү жаштык 49 жыл аралык.
Өзүбүздү көрүп неберелерден,
Билдик өмүр өткөндүгүн сабалып.

Биз тагдырдын өктөмүнө багындык,
Аккан суудай ар тарапка агылдык.
Көзгө келди ал наристе, жаш кездер,
Балалыктын мончокторун тагындык.

Дале турат, биз олтурган парталар,
Биз улгайдык, картайбаптыр эч алар.
Арасында "отличник" бир парта бар,
Ар бир күнү адашпастан "5" алаар.

Борлор менен түркүн сабак жазылган,
Ал билимден, мен бакытка агылдым.
Багыт берип таалайыма жол ачкан,
Билим кени, мектебимди сагындым.
Аттиң арман! Бир кайрылып койбогон,
Аруу пейил балалыкты сагындым.

## Билим

Адамдын билим акылы,
Бийиктикке серметкен.
Дем, күч берип сезимдин,
Бешигинде термелткен.

Билимиң болсо бийиктен,
Көрөсүң аалам кызыгын.
Билимдүү болсоң, бактыңдын,
Кармайсың колун кызырдын.

Окусаң билим көп алып,
Ойлоруң бийик чабыттап.
Ай ааламдын баарысын,
Алгандайсың багынтып.

## Китеп

Китеп – акыл, акыйкатты үйрөткөн,
Китеп – тилим, нарктуу сөздү сүйлөткөн.
Китеп – дилим, кан кызытып дүрбөткөн,
Китеп – күчүм, бийиктикке күүлөнткөн.

Китеп – билим, акылыңды өөрчүткөн,
Китеп – деңиз, көл кураган көлчүктөн.
Китеп – байлык, миң байлыктан көп ашык,
Кең дүйнөнүн ааламына ээрчиткен.

Китеп – досуң, нан тиштешкен кыямат,
Китеп кылбайт эч бир жанга кыянат.
Адал жолго баарыбызды жетелеп,
Жашайт биздин сезимдерде уялап.

Китеп – ата, насаат айткан акылман,
Китеп – бакыт, кол булгалап чакырган.
Китеп – апа, ууз эмизип өстүргөн,
Китеп – сүйүү, сулуу жүзүн таптырган.

Китеп – жаның, жүрөгүңдө кагылган,
Китеп – каның, тамырыңда агылган.
Китеп – сүйүү, кумарыңды кандырган,
Китеп – жарың, бакытыңа табылган.

### Китепкана чоң байлык

Ушул жерде миңдеген,
Жазуучунун руху бар.
Кыргыз, Орус, Өзүбек,
Казак элдин духу бар.

Бул бөлмөнүн ичинде,
Эсеби жок китеп бар.
Ойду төгүп жазышкан,
Жазуучулар, акындар.

Ар китептин ичинде,
Канчалаган ойлор бар,
Андайларды санасак,
Миңдеп санаар томдор бар.

Китепкана ичинде,
Казынасы дүйнөнүн.
Сактайт аттын башындай,
Алтындан ашык түрмөгү.

Сүңгүп кирип ичинде,
Тоодой күчкө сүрдөдүм.
Миң түр сайрап булбулдар,
Калтырышкан үндөрүн.

Өлбөйт, тирүү акындар,
Жазуучулар асылдар.
Ойлору күч калемгер,
Элдик залкар баатырлар.

**Талантка кенен жол каалоо**

Ырларыма, азил-тамаша кымтып койсом,
Билирбестен аяр тийишип түртүп койсом.
Ал анткени курбалдаш тең экенбиз,
Кечиресиз, бир азыраак чымчып койсом.

Эл ичинде таланттар көп билинбеген,
Таанылса да, таамай көзгө илинбеген.
Кенен жазып, сандыгына салып коюп,
Мен дагы ырдан жазып жүрөм деген.

Эл ичинде, акындар көп таанылбаган,
Ырды жазып, артынан сая салынбаган.
Жазмаларын ар жерге таштап коюп,
Жазмалардын дайрасына агылбаган.

Ал акындар ким экен деп суроо берсе,
Айтмакмын, сиз экөөбүз "дагы бирөө".
Жазгандары капчыгына кабыл болсо,
Айтыңызчы, ырлардабы? Кимде күнөө?

Жашыбыз да, аргымак минип алчыланып,
Оозун бербейт, бирдей барат камчыланып.
Өмүрлөрүң, эсил кайран боло электе,
Чамдайлычы китеп-китеп ырлар жазып.

Сиз жазган ырлар менен тааныш болуп,
Окуп калдым кыйласына көңүл толуп.
Көп чыгарма жаратыпсыз жанга жаккан,
Баардыгына татынакай тема коюп.

Кесибиңиз эсепчилик болсо дагы,
Ырларды да эсепсиз көп жаза бериң.
Сурабайт ыр эсептебейт, ал сиздики,
Ырдын кенин чарчабай каза бериң.

Уктум дагы бир канча кабарларын,
Ойнойт дейт аккордеон, комуздарын.
Угуп турсаң бир керээмет үнү менен,
Коштойт дейт Рыспайдын добуштарын.

Чоң таланттан, экенсиз билинбеген,
Бүтүн жарлык экенсиз ийримдерден.
Мен дагы каалап келем эргүүлөрдү,
Ким болбойт талантгарга ийилбеген.

## Ыр кесе сизге сунулду

Ыр деген улуу барк экен,
Кылымдан келген нарк экен.
Шерине жешип, ыр сунган,
Кыргыздын оюн салты экен.

Салт болуп калган ыр кесе,
Бирине, бири сунулмак.
Ырыскылаш болсун эл,
Биримдик менен ынтымак.

Колумда турган кесемдин,
Сызыгы менен гүлү бар.
Албагын төгүп, абайла,
Ичинде толоо сыры бар.

Ырдайлы улуу, кичүү, дос,
Музыка чыкса кошуп доош.
Биримдик ырын ырдайлы,
Ар түркүн улут болуп дос.

Бул жерде бүгүн ыр кесе,
Ыр - күүгө толсун бул кече.
Көңүлдүн черин жазалы,
Түркүн ыр угуп, бир нече.

Меймандап келген ыр кесе,
Калганы бизде улансын.
Чоордоп, бийлеп, ырдашса,
Кыргыздын эли кубансын.

Ыр кесе сундум келиңиз,
Ырыма жоопту бериңиз.
Ырдашпай турсак бул жерге,
Эмнеге келдик деги биз?

Ырдайт деп сизди болжолдоп,
Ыр кесе сундум кош колдоп.
Ырымдан кетсе катаалык,
Коюңуз курбум сиз оңдоп.

Сыбызгы, чоорлор ойнолуп,
Чертилсин комуз толгонуп.
Музыка ойно таланттар,
Кечебиз өтсүн зор болуп.

Ырдагын десең жакшы кеп,
Ыр кесе сунам ырда деп.
Сиз деле күтүп турасыз,
Кезеги мага келсе деп.

Ырыңа кумар кандырып,
Ышкынын отун жандырып.
Тоо жаңырта ырдаңыз,
Укканды эстен тандырып.

Көңүлүм тартып мен сага,
Ыр кесе сундум эжеке.
Көңүлдү бийик көтөрүп,
Толтурчу ырдан кесеге.

Колумда турган кесени,
Тегерек кызыл сыны бар.
Жөн кесе эмес, билиңиз,
Сыйкырчы сымал сыны бар.

Ыр кесе сунсаң аламын,
Ыр, күүнү жакшы багамын.
Ыр кесеге жооп кылып,
Ыр отун менда жагамын.

Алып кел бери кол сунуп,
Кезегин ырды алууга.
Мен дагы кумар болоюн,
Сиз берген ырды алууга.

Ырдайлы улуу, кичүү, дос,
Музыка чыкса кошуп доош.
Биримдик ырын ырдайлы,
Ар түркүн улут болуп дос.

Бул жерде бүгүн ыр кесе,
Ыр - күүгө толсун бул кече.
Көңүлдүн черин жазалы,
Түркүн ыр угуп, бир нече.

Меймандап келген ыр кесе,
Калганы бизде улансын.
Чоордоп, бийлеп, ырдашса,
Кыргыздын эли кубансын.

Ыр кесе сундум келиңиз,
Ырыма жоопту бериңиз.
Ырдашпай турсак бул жерге,
Эмнеге келдик деги биз?

Ырдайт деп сизди болжолдоп,
Ыр кесе сундум кош колдоп.
Ырымдан кетсе катаалык,
Коюңуз курбум сиз оңдоп.

Сыбызгы, чоорлор ойнолуп,
Чертилсин комуз толгонуп.
Музыка ойно таланттар,
Кечебиз өтсүн зор болуп.

Ырдагын десең жакшы кеп,
Ыр кесе сунам ырда деп.
Сиз деле күтүп турасыз,
Кезеги мага келсе деп.

Ырыңа кумар кандырып,
Ышкынын отун жандырып.
Тоо жаңырта ырдаңыз,
Укканды эстен тандырып.

Көңүлүм тартып мен сага,
Ыр кесе сундум эжеке.
Көңүлдү бийик көтөрүп,
Толтурчу ырдан кесеге.

Колумда турган кесени,
Тегерек кызыл сыны бар.
Жөн кесе эмес, билиңиз,
Сыйкырчы сымал сыны бар.

Ыр кесе сунсаң аламын,
Ыр, күүнү жакшы багамын.
Ыр кесеге жооп кылып,
Ыр отун менда жагамын.

Алып кел бери кол сунуп,
Кезегин ырды алууга.
Мен дагы кумар болоюн,
Сиз берген ырды алууга.

Ырда деп кесе көтөрүп,
Сиге эле келдим агатай.
Булбулдай мукам үн менен,
Бериңиз ырдап жадабай.

Сыналган экен боюңуз,
Сыпаадан экен оюңуз.
Сызылып сиге ыр сундум,
Созултуп ырдап коюңуз.

Жыпжылуу экен өңүңүз,
Жылдыздуу экен көзүңүз.
Жактырып сизге ыр сундум,
Жаркылдап алып коюңуз.

## Ыр деп согот акындардын жүрөктөрү

Баардыгына илхамы бере бербейт,
Ыр жазууга колдордон келе бербейт.
Кудайга миңден бирөө жакса керек,
Кээлери ал өнөрдү көрө бербейт.

Акындарын өз жанында жандоочу бар,
Кайда жүрсө зериктирбес жолдошу бар.
Жандарында бир болуп, жалгыздатпас,
Жараткандын сүйүп берген колдоосу бар.

Акындар бүт жалгыз жүрсө зеригишпейт,
Дил ичинде миңдеген көп достору бар.
Кээде күлүп, кээде ыйлап суранышат,
Акындардын айтып берээр жооптору бар.

Акындардын калеми курч, ойлору ок,
Ай ааламды чабытташып кетет кезип.
Зоо курчаса ааламды асман тиреп,
Ырлар менен аларды да өтөт көзөп.

Чындык үчүн акындар сөзүн сатпайт,
Адамдарга кээда жагып, кээде жакпайт.
Чындыгы деп жазып койсо чычалашып,
Чыйрыгышат жүзүнөн чаап өзүн актайт.
Бүлүк түшсө капыстан эл-жерине,
Акындардын жүрөгүн найза тилет.
Кымтып келген жан дүйнөсүн уу аралап,

Кызыл чоктон калем кармап жазып кирет.
Ыр жазышат акындар ар тараптан,
Илхам берип бийиктен, бир Жараткан.
Кээде күлүп жайдары, кээде ыйлайт,
Капысынан сүйөт от күйгөн махабаттан.

Ариет деп атың койдум ырымдап,
Ариетин сактасын деп кыргыздын.
Анан дагы ааламга бүт таанылган,
Урпагынан экениң чын Чыңгыздын.

## Азиретим – балдайым

Булуттан чыккан айга окшоп,
Жарк дей түшсөң жайдарым.
Жабыккан көөнүм ачылып,
Жадырай түшөт маанайым.

Күлкүчүм күндөй жайнаган,
Бопушум ширин, балдайым.
Өмүрлүү болчу чырагым,
Жүрөктөн соккон жандайым.

Шылдырап аккан булагым,
Шыбыртың угуп турайын.
Өмүр, бак тилеп өзүңө,
Алладан дайым сурайын.

Жанымдан бүткөн базарым,
Жыттасам черим жазарым.
Көңүлүм чөксө кирденип,
Күлкүңдөн көңүл ачаарым.

Кагылайын карегим,
Жанымдан чыккан данегим.
Эриктирбес эрмегим,
Элиңе тийсин керегиң.

Азиретим неберем,
Айбегимдин кулуну.
Айта кетсем тегинен,
Кудайлаттын уругу,
Басыс болот уруусу.

## Неберем Айгеримге

Айгерим кызым, ай кызым,
Асманда жанган жылдызым.
Көзүмө тумар кылайын,
Көлөкөм менин тун кызым.

Айперим менин тун кызым,
Акактай тунук үр кызым.
Айтумар назик кыз болсун,
Акылдуу болуп жүр кызым.

Айгерим кызым күн кызым,
Ачылган жаңы гүл кызым.
Асманда айдай толукшуп,
Аткан таң болуп жүр кызым.

Айгерим жарык шам кызым,
Аякка толгон бал кызым.
Асманда жанган чолпондой,
Ааламга жарык чач кызым.

## Неберем Айназикке

Айназик кызым, чырагым,
Чыкчыңдаган чыйрагым.
Чүкөдөй болуп алчилеп,
Бурасың көөнүн кыйланын.

Айназик кызым шок кызым,
Айтылган сөзүң ок кызым.
Жедирбейсиң жемиңди,
Жалындаган чок кызым.

Айназик кызым шириним,
Акылы тунук тиригим.
Ажарлуу айдай кыз болуп,
Ажарын ачкын үйүңдүн.

## Биз үчөөбүз

Бир түптөн үч сап чыккан гүлкайырдай,
Бир жүрсөк, биз үчөөбүз жарашабыз.
Бир көрүп курдаштыктын сый - урматын,
Бир жүрүп, бирге басып баратабыз.

Кыл келет кыялдансак оюбуз да,
Төп келет кыналышсак боюбуз да.
Узарат кыйышпастык күндөн – күнгө,
Бир бассак кызык болду жолубуз да

Кумар көз, кара каштуу сулууларым,
Кыйышпас кымбат көргөн курбуларым.
Жашоодо кумар канбай кызыгынан,
Жүрсөк дейм, кубанычтуу бирге дайым.

## Үч үйгө кут болгула

Үчөөңдүн бир калыптарың,
Чыбык талдай арыктарым.
Кайнар булак көздөйлөрүм,
Кагылайын жарыктарым.

Алча көздүү сулууларым,
Акак таштай нурлуулары.
Бирге болсун силер менен,
Кудай кошкон уулдарым.

Уланышсын муундарың,
Көп болушсун кыз, уулдарың.
Кошо каарып кошкон менен,
Бирге жансын жылдыздарың.

Айтумардай келиндерим,
Тилегеним, бар болгула.
Боор-этим балдарыма,
Боорукердүү жар болгула.

Өмүрүңөр узун болсун,
Көп баланы төрөгүлө.
Чоң кыштактуу элден болуп,
Баш кошулуп көбөйгүлө.

Бирге жүрүп, бирге өсүп,
Ынтымактуу жар болгула.
Учугуңар узак жайып,
Ордолуу бир шаар болгула.

13.05.2011ж

## Бактылуу бол чырагым

Таалайыңдын шам чырагын жагып кел,
Татынакай бир келинчек алып кел.
Бакыт – таалай, нур төгүлүп жүзүңдөн,
Балбылдаган Чолпон болуп жанып кел.

Кудай сага кенен ачсын жолуңду,
Кубанычка толсо деймин койнуңду.
Кенжетайым, бир кумаркөз алып кел,
Кылсак окшойт ушул күздө тоюңду.

Бак-таалайлуу өмүрүңөр бек болсун,
Балдарыңар бапырасын, көп болсун.
Бактыңарды узак берип жараткан,
Башыңарга кетпес дөөлөт, кут консун.

## Учугумду улаарым

Өткөрдүм жаштыгымды,
Өзүмдүн балдарыма.
Жанымдын жалын-отун,
Тартуулайм жандарына.

Өкүнбөйм, жаным берем,
Өзүмдөн калганыма.
Өмүрдү белек кылам,
Баламдын балдарына.

Кыз жок деп өкүнчүү элем,
Кыз болду небереден.
Кыздардан тегеренем,
Мээриминен энелеген.

Уул небере апа десе,
Ээриймин коргоошундай.
Күчтөнүп бул дүйнөгө,
Түркүктөр орноочудай.

Кайраттуу, кубат болоор,
Балдарым тетик болсо.
Учукту улап кетээр,
Неберем жетик болсо.

Балдарым жашоомдогу,
Өбөгүм, медерлерим.
Өлсөм да унуткарбай,
Эс тутуп келээрлерим.

Кубатым тилээрсиңер,
Кулачым силерсиңер.
Өмүрдөн өткөнүмдө,
Баркымды билээрсиңер.

11.05. 2011ж.

## Балдарым – кубатым

Балдарым - үмүт тирегим,
Балдарым - соккон жүрөгүм.
Балдарым – бактым жашоомдо,
Балдар деп жашап жүрөмүн

Балдарым – сырдаш ынагым,
Балдарым – жарык чырагым.
Жашоомо көктөм жараткан,
Балдарым – мөлтүр булагым.

Балдарым – сүйүүм, кумарым,
Балдарым – туяк улаарым.
Каарысам тайып алымдан,
Жөлөгүм болуп тураарым.

Балдарым - таттуу кыялым,
Балдарым – ыйык тумарым.
Көңүлгө шаттык улаарым,
Балдарым – күлкүм, жыргалым.

## Айылым сырдуу кеп айтат

Баратсам айыл ичинде,
Жомоктоп жолуң кеп айтат.
Чаңытып чуркап ойногон,
Издериң менде деп айтат.

Жайлоого барсам талаалап,
Кобурап мага сөз айтат.
Кыялкеч бала, шок кезиң,
Койнумда калган деп айтат.

Көлүңдүн бассам жээгинде,
Көбүрүп сырдуу үн катат.
Перидей сулуу мүчөңдү,
Толкунга каткам деп айтат.

Тирелген бийик дарактар,
Термелип шоокум үн катат,
Селкинчек тээп ырдаган,
Ырларың менде деп айтат.

Боюна барсам булактын,
Шыбырап сырдуу сөз айтат.
Сызылып далай сыр чечкен,
Сырларың менде деп айтат.

## Керегем сага айтам...

Бой көтөрүп тыңсынба,
Чай ордуна суу сунба.
Каңырыгың түтөтүп,
Кайын энеңе уу сунба.

Эрте менен кеч турба,
Болбос ишке чыр кылба.
Үй бүлөөңө өчөшүп,
Шыпыргы менен ит урба.

Тайбай сүйлөп диттебе,
Ачууң келип тиктебе.
Өзүңдө күнөө бар туруп,
Башкага күнөө жүктөбө.

Кабагың чытып көгөрбө,
Кишинин көөнүн чөгөрбө.
Көңүлү келбес кошконуң,
Көк муштум тийет төбөңө.

Каяша айтпа какылдап,
Жер теппе катуу такылдап.
"Жакилдек" атка коносуң,
Сүйлөсөң тынбай жакылдап.

Уктаба көпкө ныксырап,
Кылаарман болгун тыпылдып.
Кайын журттун көңүлүн,
Таба бил дайым шыпылдап.

Бошошуп турбай, тетик бол,
Бар нерсеге жетик бол.
Жакшы атың чыгып кайынга,
Жарыңа ырыс-кешик бол.

Сарасептүү, эстүү бол,
Ар тараптан эптүү бол.
Жалжайбай өлсүн дедирбей,
Жабылуу уят, беттүү бол.

Кайнатаң чыкса алдыңан,
Алыстап өткүн жанынан.
Сүзөөгөн бука кейиптенип,
Сүзүп өтпө алдынан.

Кайын эне көөнүн таба бил,
Ич дүйнөсүн билип жүр.
Апаңдай сыйлап ар дайым,
Кызындай болуп жандап жүр.

Эшикти тээп ачпагын,
Каалганы катуу жаппагын.
Коноктор болсо үйүңдө,
Балаңды уруп- какпагын.

Күйөөңө катуу сүйлөбө,
Аялдын пири – эр болот.
Ушуну жакшы билип жүр,
Эр сыйлабас кем болот.

Дайыма сыйлап аларды,
Даарatына суу ысыт.
Дасторкон жайып алдына,
Батаасын алып ич жылыт.

Күн сулуу жүзүң көрүнгөн,
Кайын-журтка күзгү бол.
Каныкейдей кадимки,
Келиндерге үлгү бол.

Түшкөн жерден өнүп-өс,
Энелердин ордун бас.
Жакшы дешсе эрденип,
Мактоолорго болбо мас.

## Уулга насаат

Эр көкүрөк жигит бол,
Эзилбестен тирик бол.
Уйпаланып пас болбой,
Урмат, сыйлуу бийик бол.

Бешиктеги баланы,
Бек болсо деп эл тилейт.
Касташкандан коргогон,
Чеп болсо деп эл тилейт.

Эр жетилгин, чоңойгун,
Элге кызмат кылып жүр.
Эрегишкен жоо болсо,
Элди коргоп бекем тур.

Ата сөзүн алып жүр,
Аздектегин, тагып жүр.
Акылман сөзүн угуп жүр,
Ак сөзгө моюн сунуп жүр.

Карынын сөзүн капка сал,
Калтырбай аны сактап ал.
Ар бир сөзүн тумардай,
Көкүрөккө жаттап кал.

Тууганды жаман дебей жүр,
Батпайсың барып башкага.
Таппайсың жакшы тууганды,
Сатылбайт алар акчага.

Окшосоң дагы жолборско,
Күркүрөй бербе болбоско.
Оозуңдан отуң чыгарат,
Орондой берсең жолдошко.

Арстандай күчтүү болсоң да,
Аркырай бербей тек болгун.
Азууңду катып көрсөтпөй,
Акылың менен бек болгун.

Жолуңда турса улуулар,
Жөлөнүп өтпө аларды.
Жолборстой болуп турсаң да,
Жоктоп ал айткан саламды.

Өрөпкүй бербе көп эле,
Досуңдан чыгып каласың.
Бир четте калсаң достордон,
Таппайсың кийин дабасын.

Күрсүлдөй бербе көп эле,
Күрпүлдөк атка коносуң.
Желпилдей бербе жөн эле,
Жел өпкө адам болосуң.

Жарытып ишти кылалбай,
Жалкоолук атка конбой жүр.
Тапканың чачып талаага,
Жарыбас адам болбой жүр.

Жандаба, көңүл толбосо,
Жакындай бербе болбосо.
Асылып беттен өппөй жүр,
Абийириңди төкпөй жүр.

Жөнү жок эле сөкпөй жүр,
Ал сиңет сенин сөөгүңө.
Калбастан кийин ал пейил,
Кошулуп кетет көрүңө.

Эр жигит болсоң эптүү бол,
Уяттуу сыйыт, беттүү бол.
Жыйындарда топ жарган,
Жүйөөлүү сүйлөп, кептүү бол.

Эр жигит болсоң баатыр бол,
Бүт элдин жүгүн көтөргүн.
Эркиңди бербей бөтөнгө,
Эл үчүн күйүп көшөргүн.

Тектүү көп элдин ичинде,
Тегиз болгун, калыс бол.
Тетири сөздү сүйлөбөй,
Теңтушка бекем намыс бол.

Сыйлаган ата тегиңдин,
Сымбаты болгун кебиңдин.
Сыртыңдан журтуң мактанаар,
Сыймыгы болгун элиңдин.

**Кызга насаат**

Акыл, ойго чайкайын,
Ак сөзүмдү айтайын.

Көңүлүңдү буруп тур,
Кулак төшөп угуп тур.

Тумуш кыйын билип жүр,
Көңүлүңө түйүп жүр.

Турмуштун түрдүү жагы бар,
Тузу бар, таттуу балы бар.
Кыйындыгын турмуштун,
Акыл – эс менен жеңип ал.

Жамаатыңды беттей жүр,
Жакшы сөздөн кетпей жүр.

Колуң чебер уздай бол,
Кайнатаңа кыздай бол.

Кайнене көөнүн таап жүргүн,
Кайтарган кебин жаап жүргүн.

Айттырбай сөзгө билги бол,
Кайнэжеңе синди бол.

Келип калса кайнагаң,
Күлө багып жайнагын.
Ыйбаа кылып, ызааттап,
Алдына төшөк шайлагын.

Кайнилерди какпай жүр,
Кадырыңды сактай жүр.
Азил айтса, “Жеңе”-деп,
Абийириңди сатпай жүр.

Көтөрүмдүү, күчтүү бол,
Көңүл толоор иштүү бол.
Абысынга жакшы бол,
Душманыңа сакчы бол.

Жамандыктан алыс бол,
Жакшылыкка калыс бол.
Намыстуу бол, эстүү бол,
Насаат сөзгө эптүү бол,
Үстөм айтса бирөөлөр,
Үңкүйбөстөн пештүү бол.
Имерилип ийик бол,
Ишенимге бийик бол.

Акылдуу бол, датка бол,
Баасыздан башка бол.

Жөн билгилүү айым бол,
Элге, журтка дайын бол.

Наалаттуга келбей жүр,
Намысыңды бербей жүр.

Бийик бол да, улук бол,
Баардык жерде сылык бол.

Колуң туткак болбосун,
Кудай пейлиң оңдосун.

Каяша айтпа какылдап,
Жамандык келет жакындап.

Күйөөңдү дайым сыйлагын,
Кыянат ишти кылбагын.

Балалуу үйгө базар бол,
Көңүл черин жазаар бол.

**Адамдын жаманы көп**

Адамдын жаманы көп,
Өңүнөн билинбеген.
Былгыган сасык, өлүк,
Ичинен ириңдеген.

Адамда акмактар көп,
Абийрин тебелеген.
Өлгөнчө өзүн билбей,
Өзгөнү жемелеген.

Адамда абийрсиз көп,
Кол шилтеп жашап келген.
Жаманын билсе дагы,
Көзүн жуумп жашай берген.

Адамда ичи тар көп,
Ичине таруу батпай.
Жосун да көрө албаган,
Доңуздай челип таштай.

Адамдын бакасы көп,
Билбеген балчактыгын.
Жылаанды ийрисиң дейт,
Билбестен жалпактыгын.

Адамда аферист көп,
Колуна курал кылган.
Ак көңүл пенделерди,
Канчасын убал кылган.

Адамдын иттери көп,
Ала-күш болуп алган.
Абийирин ашка сатып,
Ошого көнүп алган.

Адамдын жамандары,
Сөз менен жерди кезет.
Билбестен ким экенин,
Ал өзүн Кудай сезет.

Арамдын ойлогону,
Жамандык болжогону.
Жан алгыч ажал өңдүү,
Жаман жер жойлогону.

Адамдан жан алгыч бар,
Билинбей жанды алган.
Анан да бөрүлөр бар,
Билдирбей жарып салган.

Жамандык өзү менен,
Тең келет сөзү менен.
Өлгөндө жамандыгы,
Көмүлөт сөөгү менен.

Куу болот баскан жери,
Чуу болот жаткан жери.
Бир жүрсөң алар менен,
Уу болот тарткан деми.

## Бар болгула энелер

Бар болгула, аруу тилек энелер,
Бар болгула, алтын сөйкө жеңелер.
Силер барда жашоо жолу уланып,
Силер барда алтын бешик термелээр.

Бар болгула, алтын чачтуу энелер,
Бул дүйнөдө силерге жок теңелээр.
Баласы үчүн баасы кымбат өмүрүн,
Бергин десе, ойлонбостон жан берээр.

Бар болгула, ак элечек апалар,
Болсун дайым аппак, таза жакаңар.
Бар болгула, ай чырайлуу айымдар,
Балдарыңа тийип турсун батааңар.

## Атамдай көрөм абамды

Абаке, медер тутам өзүңүздү,
Ызаттайм мээрим чачкан көзүңүздү.
Аздектеп айткандарың тыңшап турам,
Нускалуу акыл – насаат сөзүңүздү.

Сизди деп, өз атамды көрүп турам,
Сызылып көңүлүмдү бөлүп турам.
Сыздаткан көкүрөктө армандымды,
Жашырбай өзүңүзгө төгүп турам.

Ыйладым көз жашымды төгүп, төгүп,
Кыйналдым, ата дебей көңүл чөгүп.
Ажарлуу имерилип турсаңыз да,
Атамды көргөнсүймүн, Сизди көрүп.

## Абамдын 70 жылдыгына

Куттуу болсун кутман курак жашыңыз,
Аман жүрсүн, алтын асыл башыңыз.
Күүлүү – күчтүү, куунак өмүр кечирип,
Теңир берсин, жүздөн ашсын жашыңыз.

Уул – кыздардын дайым көрүң убайын,
Узун өмүр берсин Сизге кудайым.
Жараткандан өмүр тилеп, бак тилеп,
Өзүңүзгө ырдан белек сунайын.

## Калдар акеге

Кечип келдиң искусство булагын,
Аккордеон, комуз болду ынагың.
Жан эргитип ойноп мукам күүлөрдү,
Жагып келдиң ыр өмүрдүн чырагын.

Кырк жыл бою чаалыкпастан иштедиң,
Эс албадың, чарчоо эмне билбедиң.
Искусство ааламында бут шилтеп,
Анда калды, өчпөй турган издериң.

Ыр, күү сизге кымбат болду баарынан,
Ыр жан дүйнөң чарчабасын, каарыбаң.
Аккордеон, комуз сиге ынак дос,
Сиз алардан алыстабаң жанынан.

Сизге каалайм, өмүр жаштын узагын,
Эч көрбөңүз, кайгы – муңун ызаанын.
Ойноп – күлүп, өмүр доорун сүрүңүз,
Колду берчи? Бекемирээк кысайын.

## Камбар агайга

Отуз жылды байлап комуз кылына,
Жылдар,жылга алмашылып жылына.
Учкан куштай өмүр өттү билинбей,
Канат байлап күүлөрүңө, ырыңа.

Колду ойноттуң, толгой бурап комузду,
Коштуң Каке, комузга үн добушту.
- Чертсе – чертсин жигит гүлү Камбар,- деп,
Канча айымдар сага кумар болушту.

Барктуу өттү, баасы кымбат отуз жыл,
Канчаларга өлбөс өнөр үйрөттүң.
Түгөнбөгөн ырыс, таалай кут берсин,
Токсондо да комузуңду күүлөткүн.

## Курбум Салтанатка

Атың дагы, өзүң дагы Салтанат,
Сүйлөгөндө сөздөрүңдөн бал тамат.
Келишимдүү келбетиңе көз артып,
Канча жигит сөз сүйлөөдөн жалтанат.

Ажарланып, шайыр, сүйкүм күлүшүң,
Акылдуусуң, Кыз датканын бирисиң.
Ашык кетпей, акыл менен ой калчап,
Арабызда ойноп – күлүп жүрүсүң.

Иш дегенде, коюп жерге ашыңды,
Кызмат кылдың сайып коюп башыңды.
Абийир – сыйды бийик тутуп келесиң,
Эмгек кылып, арнап өмүр, жашыңды.

Калтар чачтуу, кара каштуу сулуусуң,
Майтарылбас кайраттуусуң, улуусуң.
Умай эне, Батма – Зуура өңдөнүп,
Мээримиңден нуруң төгүп жылуусуң.

## Гүлжанга

Боюң сындуу, узун моюн периште,
Мөлтүрөйсүң окшоп бышкан жемишке.
Сырттан тиктеп, сымбатыңа көз артып,
Сүрдөйт жигит сага арнап гүл беришке.

Кыз болсоң да, түшүп кызмат жолуна,
Бекем кармап, кызмат жибин колуңа.
Келатасың эркектерди жылоолоп,
Калышпастан эмгек менен соңунда.

## Эл артиси Шахра Талипова

Үнүң сонун, мукам булбул үнүндөй,
Жүзүң сулуу кызгалдактын гүлүндөй.
Куштар болом, жалжал кара көзүңө,
Канча жигит кумарланат түңүлбөй.

Оттой жанып, жарык чачтың жагыла,
Таанылдыңыз атпай кыргыз баарына.
Ырларыңыз аалам кезип, нур чачып,
Айландыңыз өчпөс жылдыз шамына.

Айперидей сулуу келин Шахра,
Ай ааламга нуруң төгүп чачыла.
Ырдай бергин мукам, шаңдуу үн менен,
Тоонун тунук булагындай шаркыра.

Мүчөң сындуу ак маралдак керилген,
Үнүң шаңдуу жан дүйнөңдү ээриткен.
Ырдап турсаң көздөрүңдөн нур чыгат,
Ырда сулуу, дагы ырда дегизген.

## Арзыбек Бедияровко

Опол тоодой ыр жараткан мырзасыз,
Оболой бер, обондуу ыр ырдаңыз.
Элге жагып, сиз жараткан обондор,
Элдик болгон "Эл артисин" тыңдаңыз.

Жазгын, ырда, обон кебин кемитпей,
Оргуй берсин обондорун деңиздей.
Ар бир обон толкундатсын жүрөктү,
Көптөн күтүп, самап келген жеңиштей.

Орто жашта Кытайлык кыз сүйдүңүз,
Махабаттын жалынына күйдүңүз.
Эңсеп барып таппай калган сулууга,
Арзуу айтып, таарындым деп жүрдүңүз.

Таарынбаңыз, чарчабаңыз сүйүүдөн,
Чаалыкпаңыз ыр кырманын үйүүдөн.
Ой толкуну оболосун, жаңырсын,
Оргуп-ташып кубулжуган үнүңдөн.

## Чырмаш апска

Чырмаш аке, чырмалдыңыз улуу кылдын кылына,
Байландыңыз батаа алып, Барпы апстын ырына.
Колдоп жүрсүн өзүңүздү Барпы акындын арбагы,
Бар болуңуз толуп-ташып, элдин урмат-сыйына.

Ар бир кылын күүлөнттүң шаңга бөлөп,
Канча жанга үйрөттүң күүсүн өбөк.
Кол ойноттуң комузга көзгө илдирбей,
Черткин Токо! Сүйлөтсөң элге белек.

Оңду – солду таптаза колду ойнотсон,
Бурумдары өзгөчө күүнү ойготсоң.
Жансыз жыгач адам болуп кетеби ээ?
Миң кубултуп, миң түрлөнтүп толготсоң.

Комузда кол ойнотуп черткендер көп,
Бирок сендей күү черткенди комузчу деп.
Саналуу эле, билебиз аз экенин,
Күү салганда кылдын сырын айтасың бек.

## Дарыгер курбум Баарыканга

Маралдай курбум Баарыкан,
Бериптир кудай баарынан.
Боорукер жансың билгенге,
Кызматын барктоо жагынан.

Жарашат кийген халатың,
Маңкайып сулуу көрүндүң.
Сырдашсак сөздөр түгөнбөй,
Шурудай болуп төгүлдүң.

Көздү сүйүп айта бериң, Барпы акындын төкмөсүн,
Таңшып улам ырдай бериң, ырдан көңүл чөкпөсүн.
Барпы акындай толкуп-ташып кумарланып ырдаңыз,
Улам толуп көлкүлдөңүз, ырдагандан тынбаңыз.

Орундалсын ырга айланган өмүр, максат оюңуз,
Кудай колдоп ачык болсун, ырдан бүткөн жолуңуз.
Өчүрбөстөн даңазалап Барпы атанын казалын,
Улам бийик созо бергин, сиздин гана дооруңуз.

Көп акындан өзгөчө бир Барпы апыс жаралган,
Ал жараткан ырлары бүт, бүтүн журтка таралган.
Ырдашса да, мактаса да тил безешип канча ырчы,
Сиздей ырчы жаралганын көрө албадым башкадан.

## Комузчу Токтомурат Осмоналиевке

Жакшылыкты жандоого себеп болгон,
Кыйын кезде жанында жөлөк болгон.
Жалгыздыкта дос болуп үч кыл комуз,
Кыргызыма кылымдар өбөк болгон.

Кылымдарды карыткан комузуна,
Тил киргиздиң сыздатып добушуна.
Залкарлардын издерин улай бергин,
Залкарлардын конгун туур конушуна.

Күлгөнүң сүйкүм жарк этип,
Жамалың турат күнгө окшоп.
Жарашып кийген чепчигиң,
Жарашат аппак гүлгө окшоп.

Жүрө бер дайым керилип,
Асманда аппак булуттай.
Айтаарым, курбум өзүңө,
Ойлой жүр бизди унутпай.

## Анипага

Бой тумар сиңдим Анипа,
Боорума тартам дайыма.
Суук көздөрдөн алыс бол,
Көз тийбей жүрсүн жаныңа.

Төгүлдү көңүл өзүңө,
Төшөдүм кулак сөзүңө.
“Сагындым эже Сизди”- деп,
Жаш алдың эки көзүңө.

Жайнаган сулуу жүзүңө,
Жарашат иймек каштарың.
Кулпуруп турат кумарлуу,
Кундуздай кара чачтарың.

Туталандың сен неге...
Тумчугуп көөнүң бурулду.
Тулку боюң дирилдеп,
Көздөрүң жашка жуулду.

## Эшим менен Айнурага

Кош жылдыз болуп учтуңар,
Көкөлөп көккө учтуңар.
Көрүнүп Чолпон жылдыздай,
Көөнөрбөй жансын нуруңар.

Бириңе – бириң жарашкан,
Түгөйлөш кылды жараткан.
Кошулса коңур үнүңөр,
Көксөтүп элди саматкан.

Кош жылдыз болуп жангыла,
Борборго тынбай баргыла.
Жаштыкта, эргүү бар кезде,
"Эл артист" болуп алгыла.

## Муктар Сатаровичке

Искусство жолун басып жашыңдан,
Изденүүдө улам өйдө өрдөдүң.
Чеке тердеп, чоң арыкка суу буруп,
Куруп койдуң, Куулар сүзөөр көлдөрүн.

Ак эмгектен булатып ак түтүндү,
Түздүң Муке элге жагаар бүтүмдү.
Жүргүңдөн шоола бүркүп, жаштарга,
Берүүдөсүң тартынбай ал-күчүңдү.

Карылардан фольклордук топ түзүп,
Ак элечек энелерди шат кылдың.
Ыр ырдатып, бий бийлетип ойготуп,
Үргүлөгөн жүрөктөрүн мас кылдың.

Кызмат төрдүн жеттиң орто ченине,
Чарчабастан дем кошулсун demiңе.
Күлүгүңдү төрдү көздөй сыздыргын,
Минген замат аргымактын ээрдине.

Эмгегиңе эл көңүлүн бурганда,
Ишенимди колго берип турганда.
Бийиктиктин сересинен орун ал,
Артты карап алаксыба, буйдалба.

**Абдыразакова Бурулга**

Көңүл таза улуу инсан атыңызга,
Көзүм да түз Каныкейдей затыңызга.
Барк, бааңыз эбегейсиз улук болуп,
Бак консун алтын, асыл башыңызга.

Кыргызымдын кыздары дээрлик сулуу,
Айчүрөктөй асыл зат, мээриң жылуу.
Азыркынын даткасы дедим сизди,
Сөзүңүздөн сүйлөгөн табам муну.

Кыргыздын кыздары көп Кыз Сайкалдай,
Кээлери жашап келет эч байкалбай.
Сизди мен ошолордой теңеп келем,
Жүрөмүн эл алдына бүт айталбай.

Азыркы Курманжандын бири деймин,
Айчырайлуу кыздардын гүлү деймин.
Назик мүнөз, мээримдүү, ишине так,
Ала-Бука райондун кызы деймин.

Тилеймин Сизге жүздүн жашын берсин,
Каалаймын шаттык күлкү, жаштык келсин.
Балдарга апа болуп, бакыт коштоп.
Жашооңдун агыл-төгүл куту келсин.

11.08.2011ж.

## Жаркын апа 80 жашта

Бүгүн мына эсте калчуу салтанат,
Жаркын апа 80 жашты башкарат.
Уул-кыздардын урматына эркелеп,
Балдар берген сыйын көрүп олтурат.

Апакебиз 80 жашка келди деп,
Урматына кутман тойду энчилеп.
Уул-кыздары эл чакырып, той берип,
Ыйык төргө апакесин келтирет.

Баардык тилек келген учур катаасыз,
Балдар тапкан төрдө чардап жатасыз.
Насаат айтып, батаа менен сугарган,
Апакебай көпкө жаша капаасыз.

Куттуу болсун, кутман курак тоюңуз,
Тилээрибиз ден соолукта болуңуз.
Үй бүлөөңүз аман жүрсүн бактыңа,
Узак болсун сиздин сүрөөр дооруңуз.

## Эркингүл

Аты да гүл, акылы гүл, өзү гүл,
Ай, Чолпондой күлүп турган көзү гүл.
Көңүлүңдү күн табындай жылыткан,
Күлкү чачып жан жыргаткан сөзү гүл.

Иймек тарткан ай сыяктуу кашы гүл,
Жалтыраган кундуз кара чачы гүл.
Туткун кылып турпатына чалынткан,
Келишимдүү келбети гүл, заты гүл.

Кермаралдай сындуу баскан бою гүл,
Керимселдей жумшак соккон ою гүл.
Кыткылыктап кыйгач карап жылмайса,
Кыз сыяктуу кылыгы гүл, назы гүл.

**Сузактын перилери**

Кыздарга акыл үйрөткөн,
Балдарын нарктуу сүйлөткөн.
Намыстуу уул – кыз өстүрүп,
Акылы менен сүрдөткөн,
Энелер Датка Сузактын.

Туш туурдук жасап, оймо ойсо,
Саймасы көздү талдырган.
Жибектен жасап түр дүйнө,
Көргөндүн моокум кандырган.
Эжеси уз го Сузактын.

Ай жүздөнгөн керме каш,
Кулпурган сындуу өрмө чач.
Керилген Марал өңдөнүп,
Кымча бел сулуу, кыял наз,
Келини сулуу Сузактын.

Ак куу моюн, кумар көз,
Ажарлуу ийкем сылык сөз.
Ак жүзү аппак булуттай,
Кылыгын тарткан кумар көз,
Кыздары сулуу Сузактын.

## Курбуларым

Силерсиңер жандай көргөн жакындарым,
Чөгүп турсам көңүлдөгү дартты сураар.
Жакшы, жаман күндөрүмдө бирге болуп,
Сүйүнүч күндөрүмдө маңдай сылаар.

Силер менен бир көргөн жандайларым,
Таңдайыма татым болоор балдайларым.
Ысыгымда, суугумда бирге жүрүп,
Ырдап турсам кош добуштуу таңдайларым.

Үзүлбөстөн өлгөнчө бир жүрөлү,
Бул өмүрдүн жакшысын бир көрөлү.
Кыйшайганда жөлөөчүү тирөөч болуп,
Кыяматтык дос доорун бир сүрөлү.

Жакшылыкты тилеймин баарыңарга,
Жанымдагы жандап жүрчүү жакшыларга.
Душмандарга бой бербейм тикелешкен,
Тайып кетсем таяныч Силер барда.

## Камчыбек Ташиевке

Элибизден чыгаан чыктыңыз,
Эл ишенген жигит мыктыбыз.
Кыйындарды беттеп барасыз,
Кыйып өтүп баарын уттуңуз.

Курманбектин урпактарысыз,
Баатырлардын тамчы канысыз.
Күчүң кызып кынга батпаган,
Күйүп турган от да, жалынсыз.

Жаман сөздүн баарын уктуңуз,
Жалын жүрөк жоомарт, мыктысыз.
Жортуулдарда болуп жолуңуз,
Жоо чабыштан баарын уттуңуз

Жакшы тилек кылып биз дагы,
Амандыгың тилеп, колдойбуз.
Бекем тартып абийир туткасын,
Сизге дайым батаа жолдойбуз.

## Иним Кубанычка (Кубикке)

Өнүп - өс ак өргөлүү түнөгүңдөн,
Сый көргүн айдай сулуу чүрөгүңдөн.
Сынына сыр аяктын балы болуп,
Сыйлап жүр чүрөгүңдү жүрөгүңдөн.

Аман бол досторуңдун арасында,
Ырдай бер кыргызымдын калаасында.
Оболоп, бийик болсун урмат – сыйың,
Дайым бол жакшылардын арасында.

Кудайым ырдагын деп ырды берди,
Куюлтуп кубулжуган үндү берди.
Ырда үкөм! Чарчабагын, чаалыкпагын,
Кудайым кут төгүлгөн сынды берди.

Бир тууган, бир уялаш эжекеңмин,
Кааласаң эне ордуна, энекеңмин.
Тилеймин дайым сага жакшылыкты,
Ар дайым кенен болсун келечегиң.

## Кесиптешим Гуламгапырга

Куш төрөсү Будайык делген айтып,
Элибизде айтылып келген кептер.
Уруу-уруу бөлүнүп кыргыз эли,
Эл башкарып кылымда өткөн бектер.

Төрө болуп элине, эл башкарып,
Жакшы менен жарашып төргө өткөн.
Абийир каптап алтындай асыл башты,
Өз атаңыз журтуна болгон бектен.

Ар элдин да өзүнүн беги жакшы,
Ал адамдын сакталып калат баркы.
Кылымдарга эмгегин эл эскерет,
Жашап келет өчпөстөн жакшы аты.

Жакшы атанын баласы Гапыр мырза,
Келатасың жакшы атка камчы ургузбай.
Асылдан, асыл туулуп ордун бастың,
Атанын төрө атына кир жугузбай.

Ишиңе так, баарыбызга баркың бийик,
Кызмат кылып жүрөсүң жаның күйүп.
Улук болгун, бар болгун тилегим ак,
Ар дайым атакеңдей жарык жүрүп.

**Армандуу ой**

Кыргызымдын мен дагы бир кызымын,
Ата-Журттун бир чымчым ак тузумун.
Кыйноо тартып өттүмбү бул өмүрдөн?
Сайрап калган сүтактай, бир кушумун.

Жал-куйругум жайылып сапырылган,
Болоор кезде чыгаан күлүк атырылган.
Тагдырдын тайгак жолу, тайгалатат,
Бул менмин таалайынан жашырынган.

Кайкып учаар кезимде канат байлап,
Кармап мени капаска салып койгон.
Кайгы менен армандуу күндөр өттү,
Чыгалбастан тагдыр жайган ошол тордон.

Кайрат кайтып, ой мокоп калган кезде,
Бошондумбу тагдыр салган темир тордон.
Текке өттү, кайрылбаган кайран жаштык,
Кыйнадың го, арман болуп чыкпай ойдон.

## Өрөпкүп турамын

Жаз элем жашыл көктөмдөй,
Жоогазын жайнап өскөндөй.
Жыпарын чачкан гүлүмдү,
Жел шыпырып өткөндөй.

Томсоруп калды жаштык кез,
Тоо урап көлгө түшкөндөй.
Барпырак күндөр жоголду,
Бал аары соруп кеткендей.

Гүл элем кызыл көктөмдө,
Күн нуру беттен өпкөндө.
Сезбепмин жаштык калганын,
Жашынып жашыл чөптөргө.

Ажарлуу жаштык кез өтүп,
Алыстап менден кеткенде.
Алсырап турат жүрөгүм,
Айласыз сыздап өткөнгө.

## Арзыбек Бедияровко

Опол тоодой ыр жараткан мырзасыз,
Оболой бер, обондуу ыр ырдаңыз.
Элге жагып, сиз жараткан обондор,
Элдик болгон "Эл артисин" тыңдаңыз.

Жазгын, ырда, обон кебин кемитпей,
Оргуй берсин обондоруң деңиздей.
Ар бир обон толкундатсын жүрөктү,
Көптөн күтүп, самап келген жеңиштей.

Орто жашта Кытайлык кыз сүйдүңүз,
Махабаттын жалынына күйдүңүз.
Эңсеп барып таппай калган сулууга,
Арзуу айтып, таарындым деп жүрдүңүз.

Таарынбаңыз, чарчабаңыз сүйүүдөн,
Чаалыкпаңыз ыр кырманын үйүүдөн.
Ой толкуну оболосун, жаңырсын,
Оргуп-ташып кубулжуган үнүңдөн.

## Чырмаш апска

Чырмаш аке, чырмалдыңыз улуу кылдын кылына,
Байландыңыз батаа алып, Барпы апстын ырына.
Колдоп жүрсүн өзүңүздү Барпы акындын арбагы,
Бар болуңуз толуп-ташып, элдин урмат-сыйына.

Ар бир кылын күүлөнттүң шаңга бөлөп,
Канча жанга үйрөттүң күүсүн өбөк.
Кол ойноттуң комузга көзгө илдирбей,
Черткин Токо! Сүйлөтсөң элге белек.

Оңду – солду таптаза колду ойнотсон,
Бурумдары өзгөчө күүнү ойготсоң.
Жансыз жыгач адам болуп кетеби ээ?
Миң кубултуп, миң түрлөнтүп толготсоң.

Комузда кол ойнотуп черткендер көп,
Бирок сендей күү черткенди комузчу деп.
Саналуу эле, билебиз аз экенин,
Күү салганда кылдын сырын айтасың бек.

## Дарыгер курбум Баарыканга

Маралдай курбум Баарыкан,
Бериптир кудай баарынан.
Боорукер жансың билгенге,
Кызматын барктоо жагынан.

Жарашат кийген халатың,
Маңкайып сулуу көрүндүң.
Сырдашсак сөздөр түгөнбөй,
Шурудай болуп төгүлдүң.

Күлгөнүң сүйкүм жарк этип,
Жамалың турат күнгө окшоп.
Жарашып кийген чепчигиң,
Жарашат аппак гүлгө окшоп.

Жүрө бер дайым керилип,
Асманда аппак булуттай.
Айтаарым, курбум өзүңө,
Ойлой жүр бизди унутпай.

**Анипага**

Бой тумар сиңдим Анипа,
Боорума тартам дайыма.
Суук көздөрдөн алыс бол,
Көз тийбей жүрсүн жаныңа.

Төгүлдү көңүл өзүңө,
Төшөдүм кулак сөзүңө.
"Сагындым эже Сизди"- деп,
Жаш алдың эки көзүңө.

Жайнаган сулуу жүзүңө,
Жарашат иймек каштарың.
Кулпуруп турат кумарлуу,
Кундуздай кара чачтарың.

Туталандың сен неге...
Тумчугуп көөнүң бурулду.
Тулку боюң дирилдеп,
Көздөрүң жашка жуулду.

## Эшим менен Айнурага

Кош жылдыз болуп учтуңар,
Көкөлөп көккө учтуңар.
Көрүнүп Чолпон жылдыздай,
Көөнөрбөй жансын нуруңар.

Бириңе – бириң жарашкан,
Түгөйлөш кылды жараткан.
Кошулса коңур үнүңөр,
Көксөтүп элди саматкан.

Кош жылдыз болуп жангыла,
Борборго тынбай баргыла.
Жаштыкта, эргүү бар кезде,
“Эл артист” болуп алгыла.

## Муктар Сатаровичке

Искусство жолун басып жашыңдан,
Изденүүдө улам өйдө өрдөдүң.
Чеке тердеп, чоң арыкка суу буруп,
Куруп койдуң, Куулар сүзөөр көлдөрүң.

Ак эмгектен булатып ак түтүндү,
Түздүң Муке элге жагаар бүтүмдү.
Жүргүңдөн шоола бүркүп, жаштарга,
Берүүдөсүң тартынбай ал-күчүңдү.

Карылардан фольклордук топ түзүп,
Ак элечек энелерди шат кылдың.
Ыр ырдатып, бий бийлетип ойготуп,
Үргүлөгөн жүрөктөрүн мас кылдың.

Кызмат төрдүн жеттиң орто ченине,
Чарчабастан дем кошулсун демиңе.
Күлүгүңдү төрдү көздөй сыздыргын,
Минген замат аргымактын ээрдине.

Эмгегиңе эл көңүлүн бурганда,
Ишенимди колго берип турганда.
Бийиктиктин сересинен орун ал,
Артты карап алаксыба, буйдалба.

**Абдыразакова Бурулга**

Көңүл таза улуу инсан атыңызга,
Көзүм да түз Каныкейдей затыңызга.
Барк, бааңыз эбегейсиз улук болуп,
Бак консун алтын, асыл башыңызга.

Кыргызымдын кыздары дээрлик сулуу,
Айчүрөктөй асыл зат, мээриң жылуу.
Азыркынын даткасы дедим сизди,
Сөзүңүздөн сүйлөгөн табам муну.

Кыргыздын кыздары көп Кыз Сайкалдай,
Кээлери жашап келет эч байкалбай.
Сизди мен ошолордой теңеп келем,
Жүрөмүн эл алдына бүт айталбай.

Азыркы Курманжандын бири деймин,
Айчырайлуу кыздардын гүлү деймин.
Назик мүнөз, мээримдүү, ишине так,
Ала-Бука райондун кызы деймин.

Тилеймин Сизге жүздүн жашын берсин,
Каалаймын шаттык күлкү, жаштык келсин.
Балдарга апа болуп, бакыт коштоп.
Жашоодун агыл-төгүл куту келсин.

11.08.2011ж.

**Жаркын апа 80 жашта**

Бүгүн мына эсте калчуу салтанат,
Жаркын апа 80 жашты башкарат.
Уул-кыздардын урматына эркелеп,
Балдар берген сыйын көрүп олтурат.

Апакебиз 80 жашка келди деп,
Урматына кутман тойду энчилеп.
Уул-кыздары эл чакырып, той берип,
Ыйык төргө апакесин келтирет.

Баардык тилек келген учур катаасыз,
Балдар тапкан төрдө чардап жатасыз.
Насаат айтып, батаа менен сугарган,
Апакебай көпкө жаша капаасыз.

Куттуу болсун, кутман курак тоюңуз,
Тилээрибиз ден соолукта болуңуз.
Үй бүлөөңүз аман жүрсүн бактыңа,
Узак болсун сиздин сүрөөр дооруңуз.

## Эркингүл

Аты да гүл, акылы гүл, өзү гүл,
Ай, Чолпондой күлүп турган көзү гүл.
Көңүлүңдү күн табындай жылыткан,
Күлкү чачып жан жыргаткан сөзү гүл.

Иймек тарткан ай сыяктуу кашы гүл,
Жалтыраган кундуз кара чачы гүл.
Туткун кылып турпатына чалынткан,
Келишимдүү келбети гүл, заты гүл.

Кермаралдай сындуу баскан бою гүл,
Керимселдей жумшак соккон ою гүл.
Кыткылыктап кыйгач карап жылмайса,
Кыз сыяктуу кылыгы гүл, назы гүл.

## Сузактын перилери

Кыздарга акыл үйрөткөн,
Балдарын нарктуу сүйлөткөн.
Намыстуу уул – кыз өстүрүп,
Акылы менен сүрдөткөн,
Энелер Датка Сузактын.

Туш туурдук жасап, оймо ойсо,
Саймасы көздү талдырган.
Жибектен жасап түр дүйнө,
Көргөндүн моокум кандырган.
Эжеси уз го Сузактын.

Ай жүздөнгөн керме каш,
Кулпурган сындуу өрмө чач.
Керилген Марал өңдөнүп,
Кымча бел сулуу, кыял наз,
Келини сулуу Сузактын.

Ак куу моюн, кумар көз,
Ажарлуу ийкем сылык сөз.
Ак жүзү аппак булуттай,
Кылыгын тарткан кумар көз,
Кыздары сулуу Сузактын.

## Курбуларым

Силерсиңер жандай көргөн жакындарым,
Чөгүп турсам көңүлдөгү дартты сураар.
Жакшы, жаман күндөрүмдө бирге болуп,
Сүйүнүч күндөрүмдө маңдай сылаар.

Силер менен бир көргөн жандайларым,
Таңдайыма татым болоор балдайларым.
Ысыгымда, суугумда бирге жүрүп,
Ырдап турсам кош добуштуу таңдайларым.

Үзүлбөстөн өлгөнчө бир жүрөлү,
Бул өмүрдүн жакшысын бир көрөлү.
Кыйшайганда жөлөөчүү тирөөч болуп,
Кыяматтык дос доорун бир сүрөлү.

Жакшылыкты тилеймин баарыңарга,
Жанымдагы жандап жүрчүү жакшыларга.
Душмандарга бой бербейм тикелешкен,
Тайып кетсем таяныч Силер барда.

## Камчыбек Ташиевке

Элибизден чыгаан чыктыңыз,
Эл ишенген жигит мыктыбыз.
Кыйындарды беттеп барасыз,
Кыйып өтүп баарын уттуңуз.

Курманбектин урпактарысыз,
Баатырлардын тамчы канысыз.
Күчүң кызып кынга батпаган,
Күйүп турган от да, жалынсыз.

Жаман сөздүн баарын уктуңуз,
Жалын жүрөк жоомарт, мыктысыз.
Жортуулдарда болуп жолуңуз,
Жоо чабыштан баарын уттуңуз

Жакшы тилек кылып биз дагы,
Амандыгың тилеп, колдойбуз.
Бекем тартып абийир туткасын,
Сизге дайым батаа жолдойбуз.

## Иним Кубанычка (Кубикке)

Өнүп - өс ак өргөлүү түнөгүңдөн,
Сый көргүн айдай сулуу чүрөгүңдөн.
Сыныңа сыр аяктын балы болуп,
Сыйлап жүр чүрөгүңдү жүрөгүңдөн.

Аман бол досторуңдун арасында,
Ырдай бер кыргызымдын калаасында.
Оболоп, бийик болсун урмат – сыйың,
Дайым бол жакшылардын арасында.

Кудайым ырдагын деп ырды берди,
Куюлтуп кубулжуган үндү берди.
Ырда үкөм! Чарчабагын, чаалыкпагын,
Кудайым кут төгүлгөн сынды берди.

Бир тууган, бир уялаш эжекеңмин,
Каалансаң эне ордуна, энекеңмин.
Тилеймин дайым сага жакшылыкты,
Ар дайым кенен болсун келечегиң.

## Кесиптешим Гуламгапырга

Куш төрөсү Будайык делген айтып,
Элибизде айтылып келген кептер.
Уруу-уруу бөлүнүп кыргыз эли,
Эл башкарып кылымда өткөн бектер.

Төрө болуп элине, эл башкарып,
Жакшы менен жарашып төргө өткөн.
Абийир каптап алтындай асыл башты,
Өз атаңыз журтуна болгон бектен.

Ар элдин да өзүнүн беги жакшы,
Ал адамдын сакталып калат баркы.
Кылымдарга эмгегин эл эскерет,
Жашап келет өчпөстөн жакшы аты.

Жакшы атанын баласы Гапыр мырза,
Келатасың жакшы атка камчы ургузбай.
Асылдан, асыл туулуп ордун бастың,
Атанын төрө атына кир жугузбай.

Ишиңе так, баарыбызга баркың бийик,
Кызмат кылып жүрөсүң жаның күйүп.
Улук болгун, бар болгун тилегим ак,
Ар дайым атакеңдей жарык жүрүп.

**Армандуу ой**

Кыргызымдын мен дагы бир кызымын,
Ата-Журттун бир чымчым ак тузумун.
Кыйноо тартып өттүмбү бул өмүрдөн?
Сайрап калган сүтактай, бир кушумун.

Жал-куйругум жайылып сапырылган,
Болоор кезде чыгаан күлүк атырылган.
Тагдырдын тайгак жолу, тайгалатат,
Бул менмин таалайынан жашырынган.

Кайкып учаар кезимде канат байлап,
Кармап мени капаска салып койгон.
Кайгы менен армандуу күндөр өттү,
Чыгалбастан тагдыр жайган ошол тордон.

Кайрат кайтып, ой мокоп калган кезде,
Бошондумбу тагдыр салган темир тордон.
Текке өттү, кайрылбаган кайран жаштык,
Кыйнадың го, арман болуп чыкпай ойдон.

**Өрөпкүп турамын**

Жаз элем жашыл көктөмдөй,
Жоогазын жайнап өскөндөй.
Жыпарын чачкан гүлүмдү,
Жел шыпырып өткөндөй.

Томсоруп калды жаштык кез,
Тоо урап көлгө түшкөндөй.
Барпырак күндөр жоголду,
Бал аары соруп кеткендей.

Гүл элем кызыл көктөмдө,
Күн нуру беттен өпкөндө.
Сезбепмин жаштык калганын,
Жашынып жашыл чөптөргө.

Ажарлуу жаштык кез өтүп,
Алыстап менден кеткенде.
Алсырап турат жүрөгүм,
Айласыз сыздап өткөнгө.

Булуттай шашып көчкөнгө,
Бүрлөрүн гүлдөр төккөнгө.
Буулугуп турам буюгуп,
Бурулбай жаштык кеткенге.

Өрттөнүп жаштык курагым,
Өзгөрдү өстөн булагым.
Өзүмдү, өзүм тааныбай,
Өрөпкүп азыр турамын.

## Сагынуу бар

Сагынуунун сары жоолугун салынуу бар,
Сагынуунун сары шурусун тагынуу бар.
Сагынуудан жан сыздап, жүрөк ыйлайт,
Сагынуунун сызылып жашы агылуу бар.

Сагынуудан сары кырман үйүп алган,
Сагынуудан сары көйнөк кийип алган.
Сагындырып кайра бир күн келсе гана,
Саргайтып келбес болуп кеткен арман.

Ажырап калуу кыйын жакын жандан,
Ажыратып алуу кыйын ажалдардан.
Батынып бара алгыс жерде турса,
Бойду узатып алуу кыйын бербес жайдан.

Дүйнөдөн кимдер өтүп, кимдер калган,
Бул дүйнө бардыгына баары жалган.
Адамзатка бүлүк салып азаптанткан,
Бул дүйнө чексиз арман, өзү жалган.

## Акын дешет

Ыр жазып кагаз бетин сыяладым,
Убалы болбосо экен сыялардын.
Оюмду ачык жаздым, сырды катпай,
А бирок, акын дешсе уяламын.

Ойлонуп,ой түйүнүн чече албадым,
Ыр жаздым, ыр чегине жете албадым.
Көңүлдө көксөп турса ыр ышкысы,
Көздү жуумп, таштап аны кете албадым.

Ырыма кошпой жаздым чын-жалганын,
Жакшысын, жаманын да, сын- арманын.
Айтпадым окурманга калп ойлорду,
Кудайым ак дилиме бүт салганын.

## Өмүргө

Ах чиркин өмүр дайра,
Өркөчтөп актың кайда?
Кубатымды ала качып,
Кубалап кеттиң кайда?

Карматпай алыс кеттиң,
Кууп жеткис жактарыңа.
Кайта албай көңүл өксүйт,
Куш уччуу чактарына.

Өмүр жел-куюн белең,
Сабалап сапырылган.
Кайрылып кайра келбей,
Кайдадыр жашырынган.

Өлчөөсүз өмүрсүң сен,
Өйдө-ылдый калчап алган.
Өкүнгөн пендезатпыз,
Өзүңө кулдук урган.
Куюлтуп кызуу канды,
Кусалык каптап жанды.
Алдырдың күч кубатты,
Айла жок амал барбы,

Өмүр сен сымап белең,
Кол тийсе кармалбаган.
Эч кимге башың ийип,
Эч кимге алданбаган.

Өмүр сен аманатсң,
Гүл сымал төгүлөсүң.
Өткөндү элестетип,
Бүгүндөй көрүнөсүң.
Бырыштар көзгө түшүп,
Көңүлдү чөгөрөсүң.

## Жалгыз дарак жана мен

Жол четинде турчуу эле жалгыз дарак,
Көркүн берип көкөлөп, көктү карап.
Күүсүн чертип, ыр ырдачуу жалбырагы,
Жанынан өткөн элдер турчуу аны самап.

Аккан суудай билинбей жылдар өттү,
Жаз жамгыры канча ирет жашын төктү.
Мезгил деген алмашып учкан куштай,
Көркү кетти дарактын, сыны кетти.

Жанында түгөйү жок жалгыз дарак,
Бир күнү шамал согуп кулап калды.
Барктaлбай анын көркү, айткан ыры,
Мезгилдин бүктөмүндө чийип салды.

Мен аны ойлой бердим санаам тынбай,
Жатамын уйкум качып, көздү жумбай.
Калаарбыз биз да ошол дарак сындуу,
Чачылып сапырылган сары кумдай.

Бул дүйнө жалган дүйнө; келдик, кеттик...
Жашоодон не арттырдык, неге жеттик.
Дос күттүк, тууган артып, бала таптык,
Бир күнү калды баары кете бердик.

## Мен жашарып, жаралгансыйм

Жаз келсе арууланып жаш боломун,
Арбалып жаз жытына мас боломун.
Эргитип жан дүйнөмдү жаздын деми,
Жагымдуу жазгы желге дос боломун.

Жаз келсе өзгөчө бир жашаргансыйм,
Жан дүйнөм арууланып тазаргансыйм.
Кайрадан аалам турса жаңыланып,
Жашарып, мен да жаңы жаралгансыйм.

## Нооруз майрамы

Майрамдап нооруз майрамын,
Көтөрүп элдин байрагын.
Апалар жайып дасторкон,
Жайнатып боорсок, каймагын.

Сүмөлөк бышып казанда,
Чогулуп баары азанда.
Оюнду күлкү – шаң менен,
Жаңы эле аткан таң менен,
Тосушат нооруз майрамды.

Алас, алас, алас деп,
Тилешет тынчтык элине.
Аталар батаа кылышат,
Токчулук тилеп жерине.

Жеңелер тамак-аштарын,
Коюшуп сары майларын.
Куюшат жыгач кесеге,
Уюган жаңы айранын.

Жер эне жарыл! Көк чыксын,
Желиндер толуп сүт чыксын!
Көбөйө берсин малыбыз,
Кырманга толсун даныпыз,
Кутмандуу эл-журт, карыбыз!

## Апаат согушка

Согуш деген апаат күн каптап Элди,
Кан түтөгөн алаамат кайдан келди.
Күлкү ордуна кан агып көздөрүнөн,
Жесир кылды боздотуп энелерди.

Жоокер кечип адамдын ыйык канын,
Мекен учүп беришип асыл жанын.
Ата-энени сыздатып, бир тууганын,
Куса кылып өмүрлөш сүйгөн жарын.

Бет алышып согушка баргандар көп,
Миңдеп өмүр жан берген кайрандар көп.
Он гүлүнөн, бир гүлү ачылбаган,
Көзү ачык кетишкен армандар көп.

Сында далай чырпыктай уландарың,
Чуу түшүштү тыл жакта калгандарың.
Келип жатты кара кат согуш жактан,
Азыр деле кетпеген армандарың.

## Жеңиш майрамы

Май майрам, улуу жеңиш, улуу майрам,
Бул жеңиш кайдан келген, айтчы кайдан?
Жоокерлер төшүн тосуп учкан окко,
Жаралган жаны менен, кызыл кандан.

Ар жылы эскеришет мекендештер,
Туу тартып, жеңиш деген шаңы менен.
Беш жылда канды кечип, таңды аттырган,
Беш жылда окту тосту жаны менен.

Кут болсун, жеңиш майрам баарыбызга,
Жерибиз тынчык орноп багыбызга.
Көп улут бар бололу, бир бололу,
Достуктун күчү толсун жаныбызга.

Келбесин кайгылуу күн элибизге,
Тынчтыктын күусү ойнолсун демибизде.
Биз элбиз, түркүн улут, биримдиктүү,
Баатырдын руху бар тегибизде.

Бул майрам нечен белес белден ашты,
Билинбей толтуруптур жылдар жашты.
Ачынам, ардагерлер азайганга,
Таппайсың алтын менен, асыл башты.

## Ким эле деп сурасам

Билгим келип сөз учугун уласам,
Чоң атамды – ким эле деп сурасам?
Урмат менен эскеришти билгендер,
Кыйын болуп өткөн дешти түп атаң.

Жибин улап андан бери сурасам,
Менин атам – ким эле деп сурасам?
Көңүлүмдү көтөрүштү көргөндөр,
Болуш болуп өткөн дешип, өз атаң.

Түйшүктөнүп ойду, ойго уласам,
Чоң энемди – ким эле деп сурасам?
Керилген бир датка эле дейт, билгендер,
Урмат – сыйы келишимдүү жарашкан.

Жалгаз мага жат болушту бул үчөө,
Чарт үзүлүп калган өңдүү бир мүчө.
Ымыркайдан мен аларга жат болдум,
Калган өңдүү, унутулган кир түштө.

Апам дайым жашап келет сезимде,
Боорукер да, эстүү эле эсимде.
Жакшы күндөр жаңы гана келээрде,
Жалп деп өчтү элүү үч жаш кезинде.

А мен калдым, адашкан бир улактай,
Жалгыздыктан ата – энеге зар болгон.
Соолуп барам, кароосуз бир булактай,
Көз ачалбай балырларга тордолгон.

## Эсиңе кел Кыргызым

Оозуңду чо-оң ачсаң жүрөгүң көрүнгөн,
Көңүлдө кииң жок көлкүлдөп төгүлгөн.
Кесеңде ашыңды сунасың бөлөккө,
Меймандос элсиң го мээримге чөгүлгөн.

Эзелтен эл элең эрденип көрүнгөн,
Манастын уругу үзөңгү теминген.
Кымындай кириң жок, кытмырдык билбедиң,
Кытмырлык кылгандан көөдөгө тебилген.

Айкөлсүң кыргызым, бөтөндү дос кылдың,
Өткөрүп төрүңө, көңүлдү бош кылдың.
Жайгашып кытмырлар, төрүңдүн, төрүнө,
Курсагы тойгондо, жырткычтай кутуруп,
Тиш салды элиңдин эң талуу жерине.

Койнуңду котур таш ойноду жаралап,
Ак көңүл жүрөктөн ок өттү аралап.
Кыжыйган жамандар, кытмыр көз сараңдар,
Кыжырга тийди го, кыкка окшош арамдар.

Аш берсе таш уруп, ажалдуу муш уруп,
Көңүлсүз наадандар, жүрөккө шиш уруп.
Көзгө суук көрүнгөн, кан ичкен ит үрүп,
Кутурду аларың короодо бир туруп.

## Жалгыз өскөн жоогазын

Үлбүрөп жайкы күндүн шамалына,
Көрк берип боз адырдын жамалына.
Жоогазын жалгыз турат жамгырлар жууп,
Тамчысы шүүдүрүмдүн сабагында.

Белеске өскөн экен жалгыз болуп,
Кулпуруп күн нуруна турган толуп.
Ал гүлдү үзүп алдым эрким жетпей,
Колумда көпкө турбай калды соолуп.

Үздүм мен, жалгыз гүлдү белесинен,
Ошол гүл кетпей койду эч эсимден.
Үзүлдүм мен да бир күн гүл сыяктуу,
Туш болуп тагдырымдын жебесинен.

Ал гүлдү салыштырам ойлорума,
- Жашоого жалгыз келген өзүмбү?- деп.
Мен дагы жоогазындай ачылаарда,
Тепселдим гүл сыяктуу убайым жеп.

Кыз элем ойноок кыял, жаш секелек,
Он үчтө, ооздон эне сүт кетелек.
Ошондо үзбөгөндө ал гүлдөрдү,
Бактылуу болоор белем, тик көкөлөп.

Анда мен билбей калдым кылмышымды,
Соолгон гүл жол четине ыргытылды.
Гүл менен кошо ыргытып койгон белем,
Таалайга бир келтирген бак кушумду.

Жапжалгыз өскөн эле жоогазын гүл,
Бир дагы гүл өспөгөн белес жерге.
Өмүр бою ойлонтуп, ойдон чыкпай,
Табышмак болуп келет азыр деле.

## Арманда өткөн балалык

Жарыктыкта жаралып аткан таңда,
Жадырап чоңойбодум алаканда.
Тагдырым окшоп кетет аянычтуу,
Уядан түшүп калган балапанча.

Өксүдүм ата – эненин зардыгына,
Өксүдүм, өксүк болгон тагдырыма.
Жашыдым жашка чылап жаштыгымды,
Ыйладым чыдай албай ардыгына.

Бой тартып өтүп жатты бала кезим,
Ыр жазуу болду менин ар бир кечим.
Наристе жүрөгүмдү бийлеп турчуу,
Ырда деп, ырды эңсеген таза сезим.

Суу элем, булак болуп шылдыраган,
Кыз элем, көзгө сүйкүм ыр ырдаган.
Ыр деген ыйык сезим кумарлантып,
Жүрөктүн оорусу эле жаралаган.

Ырдатпай ышкы толгон ырларымды,
Басмырлап жан дүйнөдө сырларымды.
Ыйлатып, ызаалантkан көр жемелер,
Өткөрдү уйпалантып жылдарымды.

## Балалыкка кайрылуу

Саамай чачым төгүлгөн,
Кырк тал чачка бөлүнгөн.
Далыма толоо жабылган,
Майда болуп өрүлгөн.

Секелек чач бирикпей,
Бөлөк-бөлөк бөлүнгөн.
Бири-бирине туташып,
Ийне менен тигилген.

Кызыл гүлдүү көйнөгүм,
Жука экен үлбүрөк.
Жаз желине желбрейт,
Кызгалдактай үлбүрөп.

Кызгалдак терип шайланып,
Чачтарыма байланып.
Жүрөмүн гүлдүн ичинде,
Көпөлөк кууп айланып.

Тебетей кийип сексейип,
Кичине экем эселек.
Кирди-чыкты акылым,
Тогузга жашым жетелек.

Барган элем ал жакка,
Торпок айдап келүүгө.
Торпокту бачым унутуп,
Кирипмин гүлдү терүүгө.

Гүл ичинде топтолоо,
Гүлдөр бар түркүн парсылдак.
Кызыктуусу, жарылып,
Чекеңе урсаң, тарсылдап.

Гүл ичинде бир топко,
Көпөлөк кууп ойнодум.
Ал жерде жүрсөм, энесин
ээмп кетти торпогум.

Ойнопмун көпкө алаксып,
Талаа гүл мага жарашып.
"Каймак жок сага бүгүн"-деп,
Билбепмин апам сабашын.

Угулуп кетти бир маалда,
Апамдын үнү чаңырык,
Шыйракка чыбык тийгенде,
Ойгонуп кеттим бакырып.

Чыйралган өмүр бир жанып,
Ойнодум кумар бир канып.
Жашарып кеттим бул түштө,
Балалык кезге бир барып.

# Маркумдарды эскерүү



## Атама

Мага жат “ата” деген бийик сөздөр,
Мага жат мээрим төккөн ыйык көздөр.
Сагыныч, өксүк менен куса кыйнап,
Өттү өмүр, күтүү менен далай кездер.

Бул сезим, өксүк сезим жашап келген,
Көөнөрбөй көкүрөктү кыйнай берген.
Атамдын тирүүсүндө калган белек,
Кусалык, өчпөй турган сезимдерден.

Эңсеген жаным эзип тураар эле,
Жүлүнүм сыздап, жүрөк ыйлаар эле.
Атамдын нурдуу жүзүн көрбөсөм да,
Сагынуу, жан дүйнөмдө туйлаар эле.

Бештемин, кирди – чыкты акыл кезим,
Сурадым, “менин атам кайда?”-дедим.
Жооп таппай, баккан апам үтүрөйүп,
“Өлгөн!”,- деп “бир жашыңда атаң сенин!”.

Атамдын тирүү экенин билип алып,
Ар күнү жол караймын көзүм талып.
Ыйладым, канча күндөр өткөрбөдүм,
Тирүүлөй жетимдиктен көңүл калып.

Сагынуу, эңсөө менен күндөр өттү,
Сагыныч саргарып да гүлүн төктү.
Сагынган жүрөгүмдү сезбей, туйбай,
Саамайым бир сылабай атам кетти.

Сагынчым төгүлсө да коюнумдан,
Кучактап жыттай албай моюнуңдан.
Атыңды "тумар" кылып жүрсөм дагы,
Эмнеге качтың экен жолугуудан?...

Бир тууганым, маркут Турдукан эжемдин жаркын элесина арнадым.

## Арман ай! Арман...

Аттиң арман, амал кеткен жаман күн,
Эң жагымсыз чуру-чуулар, муңдуу үн.
Көз тунарат, жарыгы өчүп күнүмдүн,
Каптап калды бүт ааламды кара түн.

Аттиң арман! Бир тууганым жан берген,
Гүлгүн элең, аппак нурдуу гүл элең.
Ак жүзүңдөн нур чачырап, жаркылдап,
Күлкүң назик периште элең, үр элең.

Жумшак мүнөз, сөзүң ширин бал элең,
Жакшы десе, айткандардардай бар элең.
Кыйгач тиктеп, кулүп сүйлөп калганда,
Жарк деп чыккан асмандагы ай элең.

Жаның берип, мага төкчүү мээримиң,
Эми таппай, аттиң абдан эзилдим.
Атам, апам сиз экен деп бел кылсам,
Алсыз болуп жалгызсытап кейидим.

Периштедей көздөн кетпейт келбетиң,
Дүйнөдөн тез кетээринди билбепмин.
Периштенин канатында күүлөнүп,
Келбес жакка кетишиңди сезбепмин.

Өзүң барда, бараар элем эрке кыздай,
Эми өзүң жок, эшик - төр супсак, суздай.
Сиз жашаган үйдү ээлеген башкалары,
Жүрөгүм үшүп турат каткан муздай.

Арман ай! Ооруп калдым ашып-ташып,
Ызалыктан көпчүлүк төгүп-жашып.
Жыйып-терип алганың буюрбады,
Балаңа да бербестен, башкага чачып.

Чайнадың, журпадың - аттиң ай, арман,
Самадың, күтпөдүң – аттиң ай арман.
Өксүгөн ый менен, күндөрүн көрүшөт,
Жашоого бир келип өзүңдөн калган.

Максатыңа жетпестен жаш өтүп кеттиң,
Тилегиңе жетпестен жалп этип өчтүң.
Уул үйлөп, кыз берип тойлорун көрбөй,
Дүйнөдөн көзү ачык армандa кеттиң.

Кантип жумдуң, гаухар кара көзүңдү?
Ыраа көрбөй жамандыкка өзүңдү.
Мен арбалдым, алдандым ээ – буйрукка?
Көзүң барда укпай арман сөзүңдү.

Кайран эжем, көздөрүңө жаш толуп,
Санаа басып, көкүрөккө дарт болуп.
Абалыңды сурап-күйөөр жан барбы?
Жүрдүң бекен жүрөгүңө муң толуп.

Турмушуңа бүлүк салган оңбосун,
Тирүүңдө өксүткөндү кудай кордосун.
Сизден артык аялзаты жок эле,
Алтын башың тепседи ээ – жолдошуң!?

* * *

Намыс бербей, жан бериш,
Оңой беле сиз үчүн.
Бирден топтоп чогултуп,
Жыйдың эле ким үчүн.

Жыйдың тердиң...А,бирок,
Ээ болбодуң арман ай.
Эч болбосо кырк бешке,
Не толбодуң арман ай.

Аякта алтын балыңды,
Брөө жутту, арман ай.
Арзып салган үйүңдү,
Бирөө күттү арман ай.

Балама деп жан үрөп,
Өзүң саплган ак сарай.
Эч болбосо балаңа,
Буюрбады арман ай.

Короондогу багыңдын,
Гүлүн терди бирөөлөр,
Бирге жүргөн күйөөңдүн,
Күнүн көрдү бирөөлөр.

Уулуңду үйлөп, келинди,
Көрбөй кеттиң арман ай.
Небере сүйүп, чачтарын,
Өрбөй кеттиң арман ай.

Баардыгына кол шилтеп,
Күйбөй кеттиң арман ай,
Уул-кызыңдын балдарын,
Сүйбөй кеттиң арман ай.

Кызды берип, сеп жыйып,
Акпай кеттиң арман ай.
Таене болуп, небере,
Бакпай кеттиң арман ай.

Мөлтүрөп кулайт көздөн жаш,
Сүрөтүң менен сүйлөшөм.
Үн катпай сырдуу тиктеген,
Көздөрүң менен сүйлөшөм.

Айталбай сырдуу тиктеген,
Сүрөткө карап турамын.
Сагындым үнүң, сөзүндү,
Амал жок кандай кыламын.

Мелтиреп карап т урасың,
Арыз-муң толуп ичиңе.
Айталбай тиктеп турасың,
Арманың басып ичиңе.

Күн эрте менен шамал жок,
Эзилдим аттиң амал жок.
Ээнсиреп карайм жолунду,
Өзүңдөн эч бир кабар жок.

Кеттиңби чындык дүйнөгө,
Мен жүрөм жалган дүйнөдө.
Багыштап куран окуймун,
Намазда беш маал күнүгө.

Мен жашасам жалганда,
Сен дале менин санаамда.
Жалган күн бүтсө бир күнү,
Бир жүрөөрбүз барганда.

Бир тууганым, улугум,
Акылы зирек тунугум.
Аткардың чыны парызын,
Кудайдын койгон буйругун.

Не кылам эми амал жок?
Издесем сени караан жок.
Бейиште болсун тагыңыз,
Өлүмгө эч бир дабаа жок.

Гүлдөгөн чарбак чөлүндө,
Ажайып кооз өрүндө.
Мезгили жок бейиштин,
Мейманы болгун төрүндө.

Муңуңду угаар муңдашың,
Сырыңды угаар сырдашың.
Кучакташып бир жүрөөр,
Периштелер болсун курдашың.

Турпатыңа келишкен,
Ак көйнөгүң жарашсын.
Айдай сулуу жүзүңө,
Ак жоолугуң жарашсын.

Апапак гүлдөй экен деп,
Бейиштин эли карашсын.
Биз менен бирге жүрү деп,
Перилер сизге жанашсын.

## Ырда Рыспай, ырдагын

Ырда Рыпай, ырда, дагы ырдагын,
Сенин ырың бүт ааламга угулсун.
Ырың барда эл көтөрөт туу кылып,
Сен жаралып, кайра дагы туулдуң.

Ырда Рыспай, ырда, дагы ырдагын,
Ай ааламга таңшый берсин ырларың.
Өлбөс болуп обондоруң жаңырып,
Ашсын далай ыр музанын кырларын.

Ырларыңды кыргыз журту сагынып,
Турааары артык жүрөктөрдөн жаңырып.
Бүт ааламды деңиз болуп каптасын,
Ырың сенин дайра болуп агылып.

Сен жаралдың, кайра дагы жаш болуп,
Турган кезде эл ырыңа мас болуп.
Сен жашайсың кыргызымдын тилинде,
Ырларыңды сүйгөндөргө жаз боолуп.

**Булбул үндүү Рыспай**

Буулугуп көңүл тынчыбай,
Булбул үн ырчы Рыспай.
Боз улан кезде арзышкан,
Алмашын эстеп унутпай.
Муңканып ырдап турчуу эле,
Бууркандап көчкөн булуттай.

Түгөйүн дегдеп ырдаса,
Торгойдой үну угулуп.
Көөдөнгө батпай сезимдер,
Көл болуп турчуу уюгуп.
Кусага толгон жүрөгү,
Кулактан кетпей угулуп.

Ырдаса, издейм сени деп,
Ышкысы турчуу төгүлүп.
Ырлары ташып жүрөктөн,
Ыйбаалуу сүйүү көрүнүп
Ыйлатчы уккан адамды,
Ышкы отуна чөмүлүп.

* * *

Алоолоп күйгөн от болуп,
Асманда жанды чок болуп.
Өтсө да залкар дүйнөдөн,
Ырлары тирүү, топтолуп.

Кимдерге болуп ыраазы?
Дагы айтса кимдер наараазы?
Эч өлбөс обон жаратып,
Ыр менен дүйнө курады.

Бааланбай эмгек, наамы жок,
Көзү бар кезде берилбей.
Өткөрдүк көзүн залкардын,
Тирүүлүк ага көрүнбөй.

Залкарга берсек жарашмак,
Тил жеткис обон чыгарган.
Элине арнап өмүрүн,
Элинин кыйрын улаган.

Ага ыраа көрбөс "наамдарды",
Айткыла кимдер албады?
Ар кимге барксыз берилген,
Арзан баа "наамы" жалганбы?

Өтсө да залкар дүйнөдөн,
Ырлары өлбөйт, Ырдалат.
Ышкылуу мындай кишини,
Урпактар баалап туу кылат!

## Сиз менен бир баспай

Суйкая жүзүң жайнаган,
Сыйкырдуу үнгө байлаган.
Обонуң менен элиңдин,
Торгоюу элең сайраган.

Жүрөктөн оргуп кайнаган,
Жылдыздай жүзүң жайнаган.
Жыргатып жүрөк эргитип,
Булбул куш элең сайраган.

Чертесиң жүрөк кылдарын,
Сергитип жандын сырларын.
Сезимге болуп тамызгы,
Сергитчи жанды ырларың.

Асмандан булут сөгүлгөн,
Ай элең көктөн көрүнгөн.
Арманың өтүп ырыңа,
Арзуулар болуп төгүлгөн.

Дирилдеп мукам үндөрүң,
Тирилтип өмүр гүлдөрүн.
Уютуп уккан жүрөктү,
Ыр менен өттү күндөрүң.

Өкүнтөт эрте кеткениң,
Өкүнүч уусун сепкениң.
Жаралбай калды көп обон,
Пайгамбар жашка жетпедиң.

Баспадым бирге сиз менен,
Баратам ээрчип из менен.
Өлбөйсүз залкар түбөлүк,
Ырларың жашайт биз менен.

## Ажыке жайлоосу

Жайылып жайлоо Ажыке,
Конушу толгон эл экен.
Өрүшү батпай малына,
Залкардын өскөн жери экен.

Токою түркүн куш сайрап,
Талаасы жемиш кени экен.
Бейиштей болгон бул жайлоо,
Ырчынын туулган жери экен.

Кыйырсыз кыргыз элине,
Кылымга тете бир келген.
Ырчынын пири Рыспай,
Төрөлгөн ыйык бул жерден

## Кан достор

(Р.Абдыкадыров менен А.Алымовго)

Бириң кайың, бириң тал,
Бириң жамгыр, бириң кар.
Бириң эпкин, бириң бал,
Бириң жокто, бириң бар.

Бириң жылдыз, бириң ай,
Бириң дайра, бириң сай.
Ээрчишкендер Аккан дос,
Кимиң күн да, кимиң ай?

Тагдырдын жолун буралбай,
Турсаңар жанды кыя албай.
Ээрчитип кетти экөөңдү,
Эси жок ажал уялбай.

Адарлуу сулуу жүзүңөр,
Жайнабай калда кантели.
Булбулдай мукам үнүңөр,
Сайрабай калды кантели.

Гүл бейиш багы чын болсо,
Булбулу болуп жүргүлө.
Буйрусун жазмыш силерге,
Бейиштин доорун сүргүлө.

Унутпай элиң силерди,
Ырларың ырдайт эскерип,
Муңканган добуш кайрыктар,
Силерден калган эстелик.

## Сулайман-Тоодо эки элес

Тоо боорунда бир элес,
Түздү карайт талыкшып.
Түйшөлүп жалгыз жүрө албай,
Түтөтүп жанын жалгыздык,
Түгөйүн күтөт зарыгып.

Оролсо гүлгө бир элес,
Белестин гүлүн, гүл дебес.
Жанчылтып жанын жалгыздык,
Жан биргесин сагынтып,
Жеталбай койду бир элес.

Махабаттын чын отун,
Экөөлөп бирге жагышып.
Эки дүйнө бирбиз деп,
Элүү үч жашта ал экөө,
Ээрчишип кетти табышып.

Сулайман тоонун боорунда,
Рыспай өзү жеке эле.
Бейиштин гүлүн кучактап,
Дөөлөтүн кысып бооруна,
Жанаша жатат эки элес.

2008-жыл.

## Ырдан тапкан баласы

Бар болбой уул баласы,
Убайга батып санаасы.
Өксүгөн, залкар дүйнөдөн,
Табылбай дартка дабасы.

Залкардын көзү өткөндө,
Дартына дабаа табылган.
Рыспай десе суу болуп,
Ырына кошо агылган.

Жазылган ырын урматтап,
Өнөрүн элге зыйнаттап.
Өчүрбөй ырдын жылдызын,
Агайга кызмат кылдың ак.

Ыр өмүр тилеп дайыма,
Жамгырдай болуп төгүлдүң.
Бапестеп багып ырларын,
Баласы сындуу көрүндүң.

Рыспай ырга байландың,
Арбагын сыйлап айландың.
Элиңе даамын таткыздың,
Ырынан калпып каймагын.

Жан дилиң бердиң аянбай,
Жанчылдың жаның жай албай.
Бапестеп бактың ырларын,
Каныңдан бүткөн балаңдай.

Бактысын ачтың таланттын,
Ааламга атын тараттың.
Винни Паашты ырдатып,
Америка элин саматтың.

Ыраазы болсун арбагы,
Ыр менен толду чарбагы.
Бейиште болоор “ыр пири”,
Ырлары анын балдары.

Жаза бер жайып канатты,
Жазылсын ырчы санаасы.
Ыйбаалуу Султан Борошов,
Рыспай залкар ырчынын,
Ырынан тапкан баласы.

## Сумсайып мезгил суз кылды

Жаз, жайы кетип күз калды,
Тулаңы кетип түз калды.
Бурулуп өңү буурулга,
Бушайман жайлоо суз калды.

Түгөнүп мөмө, бак калды,
Жалбырак түшүп шак калды.
Сулуусу өчүп сумсайып,
Жайлоодо журт да бош калды.

Ырдасаң коштоп ырдаган,
Ырыстуу тоолор суз болду.
Ышкырып шамал жулунуп,
Тоолордун башы муз болду.

Өзгөртүп көркөм келбетин,
Аппак кар жапты жер бетин.
Тунжурап калды бүт аалам,
Сепкенде шуру, берметин.

**Чыңгыз Айтматовдун көзү өткөндө**

Акпай калды деңиз болчуу мөл булак,
Жанбай калды өчпөй турган шам чырак.
Өксүп турат калың кыргыз журтубуз,
Көздөрүнөн мөлтүрөгөн жаш курат.

Кыргыз үчүн аскар бийик тоо элең,
Сен ааламга алып бараар жол элең.
Кыргыз элдин бактысына бир келген,
Элиң үчүн бүтпөс улуу доор элең.

Асман ыйлайт жамгыр болуп төгүлүп,
Булут дагы тытмаланат сөгүлүп.
Ай менен күн, жылдыз турат үн катпай,
Аалам үнсүз, адамынан бөлүнүп.

**Жүрөгүм жаман сыздады**
(Садыралы Абдыкеримов агама.)

Капысынан суук кабарды укканда,
Кайгы менен ички дүйнөм ыйлады..
Мунарыктап көздөрүмдү боз чалып,
Тилингендей жүрөк, боорум сыздады.

Уйгу-туйгу ойлор басып боюмду,
Бетаарчыга улам аарчым жашымды.
Кейип айткан сөздөр келип эсиме,
Атаганат! Көңүл жаман жашыды.

Оюм -онго, сараам-санга бөлүнүп,
Үшкүрүнүп оор санаага төгүддүм.
Бара жаттым ичимден жамак айтып,
Көздөрүмдөн ысык жашка чөмүлдүм.

Тууганчылык жакындыгым болбосо да,
Бир тууган адамымдай көрөөр элем.
Өксүсөк, жатындаштай бирге өксүп,
Өзүңдү ага тутуп келчүү элем

Ырлар жаздың Азадага күйүп-бышып,
"Ким үздү гүлзардагы гүлдү"дедиң.
Киного кошо тартып өзүң менен,
Жаныңды арбагына кошуп бердиң.

Дагы ошол гүлдөй болуп үзүлөөрүң,
Тирүүңдө туюп, сезип билдиң бекен?
Экөөңдүн армандарың бир экенин,
Көңүлдө окшоштуруп жүрдүң бекен.

Улуу дейм, талантыңды ташкындаган,
Кадырың билишпеди аттиң арман.
Менмин деп көөдөн керип эрдемсинбей,
Көркөмдөп көмүскөдө кино жазган.

Тагдырдын өктөмүнө өксүп ыйлап,
Кемсинип таалайына чөктү бекен.
Талантын, кадырын да баалабаган,
Таарынып тайкыларга кетти бекен.

## Маркум, төкмө акын Тайырбекке

Тайырбек акын ким эле?
Таңшыган булбул бири эле.
Төгүлүп ырдап турганда,
Тамшантчуу элди тим эле.

Тайырбек деген ким эле?
Төкмөлөрдүн пири эле.
Айтышкан далай акынды,
Аңтарып койчуу тимеле.

Кыргызга болгон таанымал,
Кыйындык төкмө акындан.
Кыйылбай ырдап турчуу эле,
Кырчындай жигит чагынан.

Күүлөнбөй калды күүңүз,
Күрмөлбөй калды тилиңиз.
Кайран төкмө өттү деп,
Кайгырып калды элиңиз.

Ой толгоп турса жарчыбыз,
Олтуруп көңүл жазчуубуз.
Оозуңдан шекер агызып,
О дүйнө сапар тарттыңыз.

**Барпынын урпагы элең**

Сабалап санга камчы уруп,
Боз тулпар миндиң Сапарбек.
Ашыгып учуп асманга,
Боз туман жүрдүң Сапарбек.

Теминип соору камчы уруп,
Тор күлүк миндиң Сапарбек.
Көкөлөп учуп асманга,
Көк туман сүрдүң Сапарбек.

Ашыгып барып не көрдүң,
Эмнеси артык жай экен?
Белесте гүлү жайнаган,
Бейиши жакшы жай бекен?

Шашылып барып не көрдүң,
Залкарлар жүрчүү эл бекен?
Жемиши белден төгүлгөн,
Жаннаты жайлуу жер бекен?

Бейишке өзүң жетсең да,
Өнөрүң элиң эскерет.
Добушу таңшып булбулдай,
Ырчы эле Сапар деп келет.

Ырчысы болуп жалпынын,
Урпагы элең Барпынын.
Кайрылбас болуп кетсең да,
Кадыры тирүү жарчынын.

**Элесиңер дайым биз менен**
(Сузак райондук маданият үйүндө эмгектенип жүрүшүп дүйнөдөн өтүшкөн маркумдарга)

Эрте кеткен, эли сүйгөн ырчылар,
Эргип ырдап көңүл ачып турчуулар.
Сыбызгыган мукам-кайрык үнүнө,
Сыздаттырып элдин көөнүн бурчуулар.

Оттой ысык жамалыңар жайнаган,
Оргуйт талант жүрөктөрдө кайнаган.
Оомал-төкмөл бул дүйнөнү калтырып,
Кеттиңер го келбес жакка кайрадан.

Орду толгус опол тоодой жакшылар,
О дүйнөгө келбес сапар тарттыңар.
Ойго түшөт силер созгон обондор,
Ооруйт жүрөк, унутулбайт атыңар.

Элесиңер бирге жүрөт биз менен,
Кышта, жазда, жай аралап, күз менен.
Таланттарды сүйгөндөрдүн эсинде,
Бирге жашап, өчүрүлбөйт тизмеңер.

**Максуданы эскерип**

Сулуу эле Таттыбүдөй тамшандырган,
Ырчы элең Мыскал үндүү шаңдандырган.
Шайыр элең, жагымдуу кыялкеч бир,
Шыңгыр күлкүң жүрөктөрдү арбап турган.

Булбулдай таңшып шакка коно албадың,
Үлбүрөп гүлзар болуп толо албадың.
Үзүлгөн гүлдөй соолуп жапжаш бойдон,
Үйрүлүп конушуңа конбой калдың.

Томсоруп ырдалбастан ырың калды,
Топтолуп ачылбастан сырың калды.
Топудай тоголок жер катып алып,
Толкуган жаштыгыңды кыйып салды.

**7-апрелде курман болгон иним Асылбектин жаркын элесине арнайм.**

Манас атанын руху келген окшойт,
Сугалак ач көздөрдү көргөн окшойт.
Ата-Журтту ач бөрүдөн коргогун деп,
Силер үчүн улуу духун берген окшойт.

Баатырлардай жан бердиң Асылбегим,
Мекен үчүн төгүлдү каның сенин.
Гүлгүн жаш өмүрүңдү элге арнадың,
Түбөлүккө эсте калаар бул эрдигиң.

Аз экен бул дүйнөдөн көрөөр күнүң,
Шейит кеттиң, бейиште болгун иним.
Манас ата арбагы жандап жүрсүн,
Бирге арала жаннаттын жашыл төрүн.

Кызыл кандар, кызыл гүлгө түрлөнүп,
Тураары анык соолубаган гүл өнүп.
Арбагыңдан жалын болуп тутанып,
Өчпөс отто күйүп калдын түбөлүк.

**Арман – арман**
(Асылбектин арбагына кайрылуу)

Апаң калды жүлүнү сыздап, жүрөгү күйүп,
Уктай албай, түн уйкусу он бөлүнүп.
Сүрөтүң карап, арбагыңа миң айланат,
Кайрат кайтып карегинен кан төгүлүп.

Өлүмдүн эч табылаар дабаасы жок,
Өксүсө да кайра келбейт, айласы жок.
Бир тууган экөө элеңер эгиздердей,
Өксүйт иниң жалгызсырап аргасы жок.

Жаш калды өмүр жарың мөлтүрөгөн,
Ачылбай бир да гүлү, он гүлүнөн.
Бакыттын аккан булагы токтоп шордуу,
Соолугансыйт кызыл гүлү үлбүрөгөн.

Өзүңдөн керээз болуп балаң калган,
Кантели, өлүм деген... Аттиң арман!
Жалдырап аталууга көзүн артып,
Өрөпкүп өксүк болуп өсөт балаң.

О-ой аттиң! Аттиң арман! Аттиң арман!
Бул дүйнө, бул жашоо бар баары жалган.
Буюрбаса арман эмей, бул эмине?
Кечээ бүтүн, бүгүн жарты болуп калган.

## 7-апрелде көз жумган баатырларга

Аттиң ай! Суудай болуп акты каныңар,
Бир-бирден учуп кетти бир жаныңар.
Эл үчүн асыл жанды ажалга берип,
Бир жерде, бир айыл болуп калдыңар.

Акыйкат үчүн ар жерден агып келдиңер,
Чындык үчүн чыркырап жанды бердиңер.
Атаганат! Аткарылса гана максаттарың,
Көз ачык кеттиң кайран баатыр, берендер.

Мынтыктын окторуна чоктой учтуңар,
Эл, жер үчүн ажалга жанды туттуңар.
Кайра кайтпас уландар, кайран кыйындар,
Колко толуп оргуган канды жуттуңар.

Өзөн бойлоп өрүлүп, өрдөй кеттиңер,
Өзүң кылган эрдикти көрбөй кеттиңер.
Коңшу болуп өзүндөй шейит кетишкен,
Чыңгыз ата конушуна жерге кеттиңер.

Жаштыктын жалын, отун өчүрдүң да,
Көздү жуумп, асылдарым кайып болдуңар.
Жакшы ой, максаттарга жетээр кезинде,
Жалын жүрөк жаштар ай! Айып болдуңар.

**Манас Бердибековго**

Жайнаган өмүр - жашың кыйып коюп,
Жалп өчтүң, жаштыгыңа кайыл болуп.
Тирүүлүк жалган күндү артка таштап,
Кеттиңби өткөндөргө байыр болуп.

Шум ажал сени эрте илип кетти,
Сен менен күлкү кетти, күйүт кетти.
Жердешиң куудул Манас өттү дешсе,
Жүрөктү кандуу шамшар тилип кетти.

Нурданып келбетиңде толгон элең,
Көктөгү Чолпон жылдыз болгон элең.
Канатын күүлөп учкан шумкар болуп,
Кыргыздын кыйырына конгон элең.

**Азада Бегимкуловага**

Керилген Марал сындуу сының кетти,
Кемибес келишимдүү кының кетти.
Жаштыктын жалындаган жарыгы өчүп,
Жарылбай ичке толгон муңуң кетти.

Барыңда барчалуу тон жаппай калдык,
Жакаңа жаркын гүлдөр такпай калдык.
Жалп этип арабыздан өткөнүңдө,
Жабылып ыйласак да таппай калдык.

Тирүүңдө баркың сенин билбей жүрдүк,
Артыңдан кайым айтып сүйлөй жүрдүк.
Ак дилдүү, аруу мүнөз жаркын эже,
Кайрылбай кетээриңди кайдан билдик.

Ар убак өзүңдү ойлоп көңүл бурам,
Арбагыңа колду жайып дуба кылам.
Табяттын тагдыры оор акын эже,
Талантыңа баш ийип таазим кылам.

* * *

Жазыптырсыз ойго кынап жакшы ырды,
Оороптурсуз түрмөгүнө миңдеп сырды.
Калтырып муңга толгон ыр музасын,
Кетипсиз кайрылбастан ашып кырды.

Келбеттүү, келишимдүү асылзаада,
Көрбөдүм, жолукпадым көзүң барда.
Кечиктим, өзүң менен сырдашпадым,
Бал тамган кебиң барда, өзүң барда.

Жазыпсыз жүрөктү эзген муңдуу ырлар,
Айтылган, айтпай турган нечен сырлар.
Оорутту жүрөгүмө тынчтык бербей,
Бул ырлар, балким мени көпкө кыйнаар.

Жазмыш да, жалгыздыктан таппай айла,
Шашылып кеттиң бекен ошол жакка.
Жатканың жайлуу болсун, бейишин бер,
Жашайсың элиң барда, ырың барда.

* * *

Бою сындуу, узун моюн Периште,
Окшотомун мөмөлөгөн жемишке.
Шум ажалдын буйругуна баш ийип,
Кетиптирсиз келбес жакка, бейишке.

Карлыгачтын канатындай кара каш,
Келбетиңе куп жарашкан калтар чач.
Гүлгүн жаштык өмүрүңдү кыя албай,
Карегиңден аккан чыгаар кандуу жаш.

Жаштыгыңа карабастан шум ажал,
Жамалыңа сугу түшүп калганда.
Жалжал көзүң жайнап кыйбай өмүрдү,
Жаның сыздап кеткендирсиң, арманда.

Жаның бербей жаштыгыңа кыйылып,
Жүрөгүңдөн армандуу жаш куюлуп.
Жарык жашоо, жаштык күндү кыя албай,
Жаткандырсың келбес жерде буюгуп...

**Арманда бүткөн жан балам**
(Балам Майрамбекке арналат.)

Өмүрүң кыска жан белең,
Өксүтүп өчкөн шам белең.
Кылыгың эстеп өксүймүн,
Кыйылган кырчын тал белең.

Маңдайга тийген күн элең,
Жакама таккан гүл элең.
Күнүмдү түнгө айланттың,
Мынча сен ажал шум элең.

Үйүмдүн жарык таңы элең,
Үмүттүн жарык шамы элең.
Жоругуң элге жагымдуу,
Эл сүйгөн эстүү бала элең.

Жакшылар менен бир жүрүп,
Билбей кеттиң чырагым.
Жаштыктын жаркын бүт доорун,
Сүрбөй да кеттиң чырагым.

Чалынды жапжаш өмүрүң,
Чагылган тийген огуна.
Кутулуп качып кете албай,
Кармалдың ажал торуна.

* * *

Кантейин эми кулунум,
Башыңа келип улудум.
Амалым кетип алсырап,
Жүрөгүм сыздап курудум.

Ай тиктейт алтын бейитиң,
Алсырайт жаным, кейидим.
Куранды окуп тилеймин,
Кут, гүлзар болсун бейитиң.

Табышаар жайы чын боолсо,
Алтынайыңды таба жүр.
Үч жашта кеткен бооруңа,
Жетелеп колдон ала жүр.

Өмүрүм бүтүп калганча,
Эскерип ыйлайм балдарым.
Жакамды кармайм тооболоп,
Өмүрүн тилейм калганын.

Өмүрдүн суусу түгөнсө,
Арканда мен да бараармын,
Ал дүйнө бары чын болсо,
Адашпай издеп табаармын.

* * *

Күн өтөт, айлар өтөт, жылдар жылып,
Жатасың жер кучактап муңга тунуп.
Досторуң баары жүрөт аман – эсен,
Сен кеттиң жапжашыңда гүлдөй сынып.

Эсиме түшө калсаң эмчек сыздап,
Заматта чыйрыгамын жаным муздап.
Аттиң ай! Айдай жүзүң көзгө элестеп,
Армандуу жаш төгөмүн сыздап – сыздап.

Жанаарда жанган жарык күнүм болуп,
Калдың сен кайгы толгон түнүм болуп.
Аргасыз жер кучактап жаткандырсың,
Кара жер, кайтпас сенин үйүң болуп.

Каралдым! Жаралдыңбы арманымда?
Артыңда калбады, же балдарың да.
Аттиң ай! Узак жашайт беле деймин,
Көптөрдөй көзгө илинбей калганыңа.

Келдим мен,уктап жаткан белесиңе,
Зар болдум сагындырган элесиңе.
Кудайга миң жалбарып дуба кылам,
Жүрсө деп бейиштин төр сересинде.

Боздосом, кудайга да жетпейт үнүм,
Турамын бейитиңде сыздап жүлүн.
Кайрылбай кеткениңе он жыл болду,
Кайгырып, мүрзөң тиктеп турам бүгүн.

**Капар ырчыны эскерүү**

Черткенде комуз күүсү аба жарып,
Ырдасаң көмөкөйдөн балың тамып.
Бүт баарын тартаар элең бир өзүңө,
Чайчырайт көздөрүңдөн жалын жанып.

Ырдасаң таңшып ырдап торгой болуп,
Толкундап тураар элең көңүл толуп.
Ээрчитип ыр отуна жан дүйнөңдү,
Ырдаган дүнүйөңө түркүк болуп.

Чертилбей үч кылында комуз калды,
Көөдөндө чечилбестен добуш калды.
Элиңдин черин жазып, калтырдың да,
Ажалга чеңгелеттиң асыл жанды.

**Ооганда курман болгон жоокерлерге**

Дүңгүрөп аска- зоолор кулап жатты,
Окко учуп, кайран жоокер сулап жатты.
Карарып кара туман калды каптап,
Нуру өчүп, азаа туткан күндөр калды.

Ант берген, кечип коюп алтын башты,
Ажалга байлап берип кайран жашты.
Ата – энеден сурай албай ыраазылык,
Аргасыз жанын кыйган жоокер жатты.

Бороондор бөрү сымал улуп жатты,
Боёктой кан үстүндө кандар акты.
Аттиң ай! Ай мончоктой жаш жигиттер,
Аргасыз өлгөндөрү жанга батты.

* * *

Ооган десе, от жүрөгүм зырпылдайт,
Ойго түшүп, от жалындай уландар.
Окко учуп, сүйгөн жары Ооганда,
Оомат кетип, кара кийип тургандар.

Ооган десе, ооруп кетет жүрөгүм,
Эстен танган эне менен аталар.
Көңүл айтып, жакын урук-туугандар,
Аргасыздан бетке тарткан баталар.

Ооган десе, ооруп кетет көңүлүм,
Ойго келип эстен танган энелер.
Эркелеткен эрмегинен айрылып,
Эстен танып, муздай каткан денелер.

## Гүл бейиш болсун...

Жүрөгү күйүп, майышып,
Жүлүнү турат сайышып.
Каарыган кезде атаңдын,
Кайраты кетти кайышып.

Боор-эттери эзилип,
Жүрөгү тилке кесилип.
"Ботом" деп боздоп күнүгө,
Энекең калды эшилип.


Өзүңдү жоктоп азынап,
Суулугун чайнап бууданың.
Өрөпкөп сыздайт жүрөгү,
Өлгүчө эстейт тууганың.

Кочкулун кийип караның,
Көзүнөн чыгып муң- зарың.
Гүлбегим деп зар какшап,
Күйүттө калды алганың.

Үркүттү баарын арманың,
Гүл бейиш болсун барганың.
Кусадар болот сагынып,
Күн сайын жоктойт балдарың

11.05.2011ж

# Мезгил менен маек



## Кар жамынган дарактар

Дүпүйүшүп, кардан жоолук салынып,
Бутактары муздан бермет тагынып.
Чыйрыгышып ызгаарына сууктун,
Ичиркенет кыш чилдеге багынып.

Күн ачылса муздан мончок тагынып,
Аппак кардан, аппак чепкен жамынып.
Мөлтүрөшөт жерди карап тизилип,
Шактарынан муздар ээрип агылып.

Жаз келгенде жааган кар да басылат,
Жаш баладай, “Жарк!”- деп күн да ачылат.
Мончок сымал тизилишкен тамчылар,
Тып-тып тамчы жерди карай ашыгат.

## Жаңы жыл

Кел жаңы – жыл жаңырып!
Ак тонуңду жамынып.
Күтүп турат эл сени,
Дасторкондор салынып.

Кел жаңы – жыл жаңырып!
Кардан жоолук салынып.
Кел! Келе гой! Аяз кыз,
Муздан мончок тагынып.

Аяз ата келиңиз,
Кабыңызды төгүңүз.
Алып келген белекти,
Баарыбызга бериңиз.

Кел жаңы – жыл жаңырып!
Муз тебели жабылып.
Ак кар менен кошулуп,
Бакыт жаасын агылып.

Кел жаңы – жыл! Келе бер!
Аппак карың себе бер.
Элге бакыт, кут чачкан,
Жакшы жылдан боло көр!

**Шамал**

Аягы жок, башы жок,
Жыл белгиси жашы жок.
Уйгу – туйгу чамынган,
Тартиби жок! Олдо-о шок!..

Шамал деген ким эле?
Үнү угулуп көрүнбөс.
Үрөйүңдү учуруп,
Эч нерседен жеңилбес.

Денелериң үшүтүп,
Бороон улуйт бөрүдөй.
Чамынасың сапырып,
Ууру сымал көрүнбөй.

Этек – жеңиң жулккулап,
Ары – бери булккулап.
Кирпик тосуп турбаса,
Көзүңө турпак толтурат.

Тамырдуу, түптүү даракты,
Аңтарып салчуу күчү бар.
Мыкталып жапкан чатырды,
Көтөрүп чапчуу ичи тар.

Карада көзгө илинбей,
Кандай экени билинбей.
Коркунуч салчуу түрү бар,
Кадимки жырткыч сүрүндөй.

Айтылбайт тарых баяны,
Бул шамал кайдан жаралды?
Ачуусун кудай тыйбаса,
Сен тыя албайсың шамалды.

Көрүнсө кимге караань,
Ким тутуп кармайт шамалды?
Жортуулун салып сапыртып,
Жойлойсуң бүткүл ааламды.

## Сулуулукка бөлөп турат дүйнөнү

Жаз айында, марттын алгач күндөрү,
Көккө бөлөйт, табияттын гүлдөрү.
Жаздын жыты көөдөнүңдү аралап,
Сыйкырлашат сырдуу жылуу түндөрү.

Ачылышып бак-дарактын бүрлөрү,
Ырга бөлөйт келгин куштар үндөрү.
Жазда жер да гүлзарларды жамынып,
Сулуулукка бөлөп турат дүйнөнү.

Жаздын күнү жаш баладай кубулуп,
Өткүн өтсө жердин бети жуурулуп.
Жарк дей түшөт бир заматта өзгөрүп,
Чачат кайра бүт дүйнөгө жылуулук.

Жаздын айы окшоп турат кыздарга,
Түрлөнүшүп түрдүү түстө кийинип.
Кыздар деле жазга окшоп кетишет,
Жоодурашса жоогазындай ийилип.

## Күкүгүм

Жылдар өттү арадан,
Чыкпадың күкүк санаадан.
Азабын тарттым арзуунун,
Айыкпай жүрөк жарадан.

Таң атса, кечке сайраган,
Сүтагың болдум күкүгүм.
Жадабай зарлап издеген,
Зейнебиң болдум күкүгүм.

Зарласам дагы муңумду,
Укпастан койдуң күкүгүм.
Уюп бир жүргөн жадымдан,
Эч чыкпай койдуң күкүгүм.

Муңкансам тагдыр кошпогон,
Мунарың болдум күкүгүм.
Зоо учунда түнөгөн,
Уларың болдум күкүгүм.

Бийикке салган уяга,
Коно албадым күкүгүм.
Өзүңө жетип биргелеш,
Боло албадым күкүгүм.

Аруудан бүткөн уяңа,
Кире албадым күкүгүм.
Койкойгон бийик мойнуңдан,
Сүйө албадым күкүгүм.

20.01.2010ж.

* * *

Үзүлбөй сенден үмүтүм,
Тил катпай сайрап күнү-түн.
Зейнептей издеп жүргөндө,
Келдиңби кайрып күкүгүм.

Зоо башында турагың,
Кол жеткис ыйык тумарың.
Кайкып учуп бийиктен,
Түштүңбү сулуу уларым.

Ашыгым сен деп жүргөндө,
Арзуумду гүлүм сездиңби?
Азабың тартып зарласам,
Асмандан түшүп келдиңби?

Жүрөгүм күйүп от болгон,
Жалындап учкун көрдүңбү?
Буйругун кошуп өзүмө,
Булуттан түшүп келдиңби?

Көгөргөн бийик асмандын,
Жылдыздан түшүп келдиңби?
Ааламды нурга бөлөгөн,
Айынан учуп келдиңби?

5.07.2011ж.

## Үйүбүзгө ыр белек

Быltыркылан бул жылы ийгилик көп,
Быйыл алга көп эле жылыштык деп.
Өткөн күндү келгенге салыштырып,
Баарлашып чогулуп кылабыз кеп.


Чыдаганбыз баарына сабырланып,
Буюрсунчу жарык күн жаңыланып.
"Ак жол" деп атын койдук үйүбүздүн,
Ак жолтой болсо экен арууланып.

Ич күйдү жамандарды жек көрөбүз,
Ак дилден ачылыш той өткөрөбүз.
Алыстап жамандыктан, тынчтык болсо,
Зыйнатын жакшылыктын көп көрөбүз.

Жакшы ырды созолонтуп ырдайлычы,
Бий бийлеп, оюн-күлкү жыргайлычы.
Маданыят өрүшүнө каалоо айтып,
Клубду ак дил менен сырдайлычы.

Баяндуу ак өргөөбүз куттуу болсун,
Ар дайым анын ичи шаңга толсун.
Бапырап, залга батпай адам толуп,
Бакыттын алтын канат кушу консун.
Кош тилек үйлөнүүгө тойлор болсун.
Бакыттын кош канаттуу кушу консун.
Ырга, шаңга бөлөнүп ичи толсун.
Ырыскылуу ыр-бийдин үйү болсун.

# Тагдыр таразасы



## Кунарсыз жашоо

Өмүрлөр, өрдүү жолду басып келет,
Өксүүдөн нечен белес ашып келет.
Тагдырдын өкүмүнө башты ийип,
Өктөлүү күндөрүнө жашып келет.

Кем дүйнө кемесинде түшүп келет,
Кемсинүү ызгаарына үшүп келет.
Кунарсыз көңүлү жок, суздук ээлеп,
Кир деңиз толкунунда сүзүп келет.

Таалайсыз тагдырына жашып келет,
Тагдырдын муз жолунда басып келет.
Түнөргөн түрмөгү бар ойго батып,
Түпөйүл үшкүрүгүн чачып келет.

Жалгыздык жанга батып кыйнап келет,
Жанчылган жүрөктөрү туйлап келет.
Жашоонун кунары жок, кызыгы жок,
Өмүрдүн өткөнүнө ыйлап келет.

## Тагдырыма

Келатам гүлзар өскөн жолдор менен,
Уйгу-туйгу баш каткан ойлор менен.
Үзсөм деп, жыпар гүлдү үзө албадым,
Тосуптур ал гүлдөрдү тосмо менен.

Жан сергип, гүл жытына магдырадым,
Ойлондум, кыял менен алсырадым.
Көңүлдүн кушу түшүп сулуу гүлгө,
Жете албай кылчактаймын, жанчыламын.

Чаташкан татаал жолду басып келем,
Ак үмүт, аруу ойго батып келем.
Алдымдан жылаан сойлоп, чаян чыгат,
Аргасыз алардан чет качып келем.

Ак сүйүү, аруу сезим жалган беле?
Ак үмүт, ак тилектер арман беле?
Таалайым жүрөктү эзген өксүү болду,
Тагдырым татаал жолдо калган беле?

## Жолубуз эки башка

Дилиңде мөөр, калың барбы көзүңдө?
Жан эргиткен жалын барбы сөзүңдө?
Ором-ором ойлор салып сезимге,
Жүгөн салып жетеледиң өзүңө.

Сөздөрүңдүн от табына жылынып,
Бараткансыйм камыр болуп жуурулуп.
Көп антпечи жаның берип суурулуп,
Сөз табыңа калбайын мен куурулуп.

Сезим кыйнап, жашың агып салаалап,
Кирпик жебе жүрөгүмдү аралап.
Ысык-Көлдөй көздөрүңө чумкутат,
Антпей турчу жан дүйнөмдү жаралап.

Билип турдум, баардыгын туюп турдум,
Сездирбестен ичимден сүйүп турдум.
Өз жанымдай турсам да жакшы көрүп,
Жайнап турган ай жүзүмдү араң бурдум.

Куйкалаба көздөрүңдүн отторуна,
Түшпөй турсам эсепчинин чотторуна.
Жооп бералбайм суранчына. Корком, корком...
Өкүмү күчтүү кыяматтын сотторуна.

Тагдыр буйруп жолуксаң болмок башта,
Гүлкайырдай гүл ачкан гүлгүн жашта.
Кечир мени таарынтып койдум окшойт,
Тагдырыбыз, жолубуз эки башка.

## Ак дилимди ооруттуң

Ак дилден аруу түбөлүк,
Болоюн дедим колуктуң.
Ашынган акмак болуп сен,
Ак дил, ак ойду ооруттуң.

Төгүлдү көздөн мөлтүр жаш,
Азапты көрдү кайран баш.
- Баркымды билбес баасыз,-деп,
Жүрөгүм муздап болду таш.

## Сенин да сыздаар жүлүнүң

Үйүлбөй жүрүп бир жерде ташың,
Азапты көрөөр акылсыз башың.
Тагдырды коргоп тамаша кылсаң,
Табылаар бир күн сенин да дартың.

Көңүлдөн кетпейт сен урган муштар,
Өткөрдүң мага өкүмзар ызгаар.
Көңүлүм ооруп кудайга койдум,
Сенин да бир күн жүлүнүң сыздаар.

## Аттап кеттиң

Тагдырлашым эң жакын адамым деп,
Мен өзүңдү чын жүрөктөн сүйчүү элем.
Сен дегенде кайыл болуп баарына,
Ак дилиме арзуу кылып жүрчүү элем.

Аздек ойлуу ал күндөр жалган болду,
Арзып жүргөн сезимдер арман болду.
Акактай ак сүйүүмдү жерге тепсеп,
Аттап кеттиң антташкан ыйык жолду.

## Бир азапты алып кеттим

Куш кондурбай кусалуу түнөгүмө,
Капарсыз санаасы жок жүрөгүмө.
Түпөйүл миң түмөндүү ойго салып,
Отту жактың бейкүнөө жүрөгүмө.

Жоодурап мээрин төккөн көздөрүңө,
Жагымдуу балдай тамган сөздөрүңө.
Жүрөк ийип турса да имерилип,
Калыбымдан калбадым өзгөрүлө.

Ичиме оттуу чокту салып кеттиң,
Кан ысып от сыяктуу жанып кеттим.
Кунарлуу көздөрүңдөн жүзүм буруп,
Кусалуу бир азапты алып кеттим.

Сактадым, сенин ысык мамилеңди,
Эң төркү жүрөгүмдүн катмарына.
Уйпалап уздай аппак сезимимди,
Алып кет, сен да алыс жактарыңа.

## Сага

Санааркап мен дагы ойго баттым,
Жүрөктөн чыкпай турган сырлар каттым.
Сыздатып жүрөгүмдү, жан дүйнөмдү,
Сызылып, сага арнап ырлар жаздым.
Сымбатың келишкендей, асыл жан ай,
Сыйыртмак салды бейм сенин назың.

Кумар көз, ай жүздөнгөн жароокер ай,
Сырыңды ак дилиңден төгүптүрсүң.
Артымда алыс калган жаштык кездин,
Ажарын азыр менден көрүптүрсүң.
Аркаңда эки өрүм чачтарыңа,
Чыпмалта акылымды өрүптүрсүң.

Армандуу, арты түйшүк бул өмүр ай,
Айжамал жан экенсиң кадыр билген.
Арзымдуу сендей сулуу жароокерди,
Ар убак көңүлүмө түйүп жүрөм.
Антташкан асыл жарың болбосом да,
Ардактаар адам бар деп сени сүйөм.

## Сүйүү болсо, баары жаш

Сүйүү болсо - жүрөк байкуш жаш болоор,
Сүйүү болсо – көңүл көктөп шат болоор.
Сүйүү жокто суу ичпеген дарактай,
Шак ийилип, жалбырактар пас болоор.

Сүйүү болсо – сезим эргип шат болоор,
Сүйүү болсо – шарап ичпей мас болоор.
Сүйүү жокто тузсуз тамак өңдөнүп,
Супсак жүргөн өмүрлөр да аз болоор.

Сүйүү болсо – ден соолуктар чыңалаар,
Сүйүү болсо - өмүр, жашоо уланаар.
Сүйүү, көңүл салкын тартып, суз болуп,
Боёгу оңгон маталардай кубараар.

Сүйүү болот – макулукта, малдарда,
Сүйүү болот – кыбыраган жандарда.
Сүйүү болот – дарктар да чаңдашып,
Сүйүү болот – каардуу, мерез хандарда.

## Өзүң болчу дарыгер

Маңкайып марал сындуу келбетиңе,
Мойнуңа куп жарашкан берметине.
Мас кылдың ичимдиксиз магдыратып,
Моймолжуп дилгир кылып дегдеттиң ээ.

Бир көрүп азабыңа кабылдым ээ,
Карматпас караанына жалындым ээ.
Кундуздай чачтарыңа мен оролуп,
Капалуу көздөрүңдү сагындым ээ.

Билбедим келээриңди кайсыл жактан,
Издедим караанынды ар тараптан.
Айдайым, менин аруу жүрөгүмө,
Өзүңсүң алоолонтуп отту жаккан.

Мен сени көргөн жерге күндө келем,
Жадабай жаным дайым күтө берем.
Жабыркап жалдыраткан караанын жок,
Көрүнүп көрүнбөгөн Пери белең.

Элеңдеп улам жолуң карай бердим,
Минуттап, саат жебесин санай бердим.
Өзүңсүң, жан ооруга дары болоор,
Сезимди кыйнап жүрчүү жара жердин.

**Түйшүгүмдү бөлө кет**

Үмүтүмдүн шооласы учуп бийик,
Үзүлө албай жүрөмүн кимди сүйүп.
Мынча неге акылдан азып кеттим,
Күнүмдүк экениңди билип туруп.

Ушундай болоорумду күтүп жүргөм,
Качандыр бир келет деп ушул күндү.
Түпөйүл ойго баттым сени ойлоп,
Түйшүк менен узатып ушул түндү.

Чын эле акылымдан адаштымбы?
Же сага төп келишип жараштымбы?
Эзилип, эссиз болуп эстен кетип,
Өзүңдү өзгөлөрдөн талаштымбы?

Билбедим, эми баарын өзүң чеччи,
Байланган тузагымды өзүң кесчи.
Бозоргон боз туманга аралаштым,
Боор ооруп, түйшүгүмдү бөлө кетчи.

Көрбөсөм көп сагынып калчуу болдум,
Көрүнбөй үйүңө да барчуу болдум.
Өзүңө жолукканда көөнүм толуп,
Көңүлүм көтөрүлүп калчуу болдум.

## Ыйлайт, ыйлайт...

Маанайы ай тутулган күндөй болуп,
Көңүл кирдеп, караңгы түндөй болуп.
Кыз жүрөгү кыйноодон азап тартты,
Сүйүүсү суу жетпеген гүлдөй соолуп.

Ай жарык, аппак нуру шоола чачып,
Кыз жатат сабыры суз, санаа тартып.
Ыйлайт, ыйлайт... Жүрөгү муңга толгон.
От жүрөгү опкоолжуйт ойго батып.

Жазмыштын жазганына жанын кыйнап,
Жаз жамгыр жашын төгөт, ыйлап-ыйлап,
Толгонуп уктай албай узун түндө,
Жүрөктө өчпөйт үмүт, санаа туйлайт.

## Бөксөргөн көңүл толбоду

Бар дүйнөм жетип турса да,
Ойлогон ойдой болбоду.
Тайгалак татаал тагдырга,
Бөксөргөн көңүл толбоду.

Кудурет төккөн бактыга,
Колумду сунсам толбоду.
Тагдырдын жолу тайкы экен,
Турмушум көрктүү болбоду.

Баарына көңүл толсо да,
Башыма бакыт конбоду.
Койнумдан бакыт төгүлүп,
Кошконум жакшы болбоду.

Байланды бакыт жолдору,
Бөксөргөн кесем толбоду,
Түпөйүл кылып жанымды,
Түгөйүм жакшы болбоду.

Тизгинди берип колума,
Түйшүктү артты жонума.
Жетелеп тагдыр сынады,
Таалайдын тайгак жолуна.

**Сааты чыкпай ырлардын**

Чыгалбай ичтен сырларым,
Өттү го нечен жылдарым.
Буюгуп ичке кармалды,
Буркурап ыйлап ырларым.

Басынып татаал тагдырга,
Байкалбай жылдар өтүптүр.
Жашоонун тартып түйшүгүн,
Жаштык кез өтүп кетиптир.

Билинбей өтүп гүл өмүр,
Бир кыйла жашка жетипмин.
Кылчайып артты карасам,
Кырлардан ашып кетипмин.

Сааты чакпай сабылып,
Сансыз күн өттү жебедей.
Кырчындай өмүр өтүптүр,
Кызматты кылбай кенедей.

**Абайлагын**

Үмүтүңдүн жалыны бийик күйүп,
Үшкүрүнүп жүрөсүң кимди сүйүп.
Айым дедиң, анчале күнүм дедиң?
Ал күнүмдүк экенин билип туруп.

Көңүлүнө сыр бойдон сүзүп барып,
Сересинде сезимдин орун алып.
Келгин куштай күзүндө кетчүү болдуң,
Жүрөгүнө жүрбөсүн уя салып.

Жете бербейт сунсаң да колдоруңду,
Санаа тосот түйшөлткөн жолдоруңду.
Түбү жеткис түйшүккө салып сени,
Тунжуратып жүрөккө орнодубу.

Жалгыздыкта алсырап турганыңда,
Тирөөч болуп жаныңды буралабы?
Караңгыда жол таппай калганыңда,
Чырак болуп жандырып туралабы?

Өй-боюңа төп келип жарашабы,
Тагдырыңа таалайы жанашабы?
Жан дүйнөнүн жетелеп азабына,
Ак жолуңдан азгырып баратабы,
Көрбөсөң да сагынып калчуу болдуң,
Кызматына көмүскө барчуу болдуң.
Келгениңде көздөшүп жүзүң жайнап,
Көктөгү ай,Чолпондой жанчуу болдуң.

Билалбадым, өзүңдү-өзүң чеччи,
Тузагыңды байланган өзүң кесчи.
Сүрүп кирип тумандын арасынан,
Өзүң сүрүп бороонун өтүп кетчи.

## Зериктирбейт ушакчы

Ары, бери ташып кеп,
Жалган айтып, жанын жеп.
Ичтен ирип турса да,
Имерилип беттен өөп.
Кошоматчы күн көрөт,
Колтугуңа сууну сээп.

Көздөрү ойноп, аландап,
Тили чыгып салаңдап.
Ар нерсени бир ойлоп,
Сыйпаланып жалаңдап.
Эки жүздүү күн көрөт,
Кошунасын жамандап.

Көрө албаган ич күйдү,
Зериктирбейт эки үйдү.
Кошумчалап сөз ташып,
Кошунага кек катып.
Ушакчылар күн көрөт,
Ушагынан чер жазып.

## Жаратканга кайрылуу

О жараткан, о мээрманым, кудайым,
Айып көрбө, кош колумду сунайын.
Бул тагдырдын ызаалыгын көрсөтпө,
Балдарыма өмүр бер деп сурайын.

Үмүттөнөм кылса экен деп ырайым,
Тилегимди бере көргүн ырайым.
Бул дүйнөдөн арман кылбай өтөйүн,
Бир өзүңө шүгүр кылып кудайым.

О жараткан! Жакшылыкка жолдой көр,
Жамандыктан өзүң бекем коргой көр.
Таянганым, сыйынганым бир өзүң,
О кудайым! Паанаңа алып колдой көр.

## Ыраазымын бактыма

Оо тагдырым! Тайгак жолду бастым ээ?
Оор сыноолдо, дайраңдан да актым ээ?
Ойлор менен жакшы тилек үмүттүү,
Оомат издеп далай белди аштым ээ?

Өксүбөдүм тагдырымдан тайгалып,
Алсыз болуп ыйлабадым кайгырып.
Тагдыр мени канча кыйнап көрсөң да,
Таарынбадым өкчө кылып кайрылып.

Өмүр бою максат кылып алдыма.
Үмүтүмдү улап келдим жакшыга.
Уулдардын көрдүм ызат, урматын,
Ыраазымын мен азыркы бактыма.

## Өмүр неге аманат

Кыскарып өмүрдөгү мүнөтү, саат,
Жыл өтүп, күндөр батып, таңдар атат.
Үмүттүү жашообуздан күдөр үзбөй,
Өтүүдө өмүр чиркин атаганат...

Түшкөнбүз бул турмуштун элегине,
Көз жетпейт өмүрдүн аз ченемине.
Жалп этип өчөөр күндөн жүрөк коркот,
Эл, жердин жарабастан керегине.

Жашоо да айтып бүтпөс бир керээмет,
Өлбөскө жанды үрөйбүз бүт чемелеп.
Кыялдан жашап келет экенбиз да?..
Жүрөккө үмүт отун бир себелеп.

## Тагдырыбыз бирдей

Замандаш бир таанышым ыйлап келет,
Муңканып көзүн жаштап кыйнап келет.
Көлкүлдөп көөдөнүнө ыза батпай,
Көз жашы нурдуу жүзүн суулап келет.

Тагдырдын татаал жолун басып келет,
Таалайсыз бактысынан азып келет.
Тумандуу жашоосунун түйшүгүнөн,
Тунжурап сансыз ойго батып келет.

Жашоосу жанын кыйнап, ыйлап келет,
Оорулуу көздөрүмдү кыйнап келет.
Муңуна, муңун кошкон замандашым,
Түйшүктүү түмөн ойду жыйнап келет.

Жөлөймүн, кайрат айтып сооротомун,
Уюган ууз сезимин ойготомун.
Сөз айтып, көзүндөгү жашты аарчып,
Бал сөздү жакшылыкка бойлотомун.

Болот деймин, аман болсо алтын башың,
Болбостур, жан биргенди жамандашың.
Жашыба, жалган дүйнө көп эле деп,
Тагдырым окшош тура замандашым.

## Эне ыйык

Эне ыйык, эне кымбат баарынан,
Баласы үчүн дайра болуп агылган.
Чыбык минип ойноп кетсе баласы,
Чыдай албай мүнөт санап сагынган.

Бала десе - өпкөсүн чаап айланган,
Баласы үчүн жаны жипсиз байланган.
Отуз жаштан өтсө деле баласы,
Ою тынбай сарсанаага камалган.

Бала деген боор этинен жаралган,
Сүйүү күчү кан – жанына таралган.
Баласы үчүн башын сайып баарына,
Отко, сууга, өлүмгө да бара алган.
Эне ыйык, теңдеши жок бир аалам.

## Сагындым досум

Санаалар туйлап, удургуйт уйпап сезимди,
Санааркап сансыз, санаага түшкөн кезимби?
Сапарлаш жүргөн эң жакын досум, жакыным.
Сагынып сени жоготуп жүрөм эсимди.

Сен дагы мени көп ойлоп жүрсөң сагынып,
Табаарың билбей, санаалуу ойго малынып.
Алыста жүргөн жанбирге досум, асылым,
Келээсиң бир күн, ак толкун болуп агылып.

## Кымбаттуу кыргыз эл сулуу

Кырка тоо – зоонун кырынан,
Кылайып чыккан күн сулуу.
Кыр - кырда өсүп кулпурган,
Кызгалдак кызыл гүл сулуу.

Ааламга тегиз нур чачкан,
Асман да сулуу, күн сулуу,
Жымыңдап көктө жайнаган,
Жылдыз да сулуу, түн сулуу.

Көк тиктеп көлкүп, чайкалып,
Көйкөлүп жаткан көл сулуу,
Кут, өмүр чачкан ааламга,
Керээмет дүйнө жер сулуу.

Баарына сүйкүм көрүнгөн,
Мандалак гүлдүү бел сулуу.
Кылымга кыйрын тааныткан,
Кымбаттуу кыргыз эл сулуу.

## Кубанам кыргыз болуп калганыма

Кылымдардан, кылымга улап салтын,
Унутпастан үрп-адатын, асыл-наркын.
Башын сайып, кызыл – кыргын кан кечсе да,
Кыргыз элим сактап келген “Кыргыз” атын.

Кыргыз деп, кыргыз уулу жанын кыйган,
Кыргыз деген ыйык сөз бийик турган.
Кылымдардан, кылымга улут учүн,
Канча азамат кылбады жанын курман.

Кыргыз элим байыртан барктуу элсиң,
Намыс – арды, эрдикти бийик туткан.
Чачылганды жыйнаган баатырлардын,
Урпагысың Манастын ыйык туткан.

Баш ийсем да тагдырдын салганына,
Кайгырсам да бул дүйнө жалганына.
Сыймыктанам, өкүнбөйм, кубанамын,
Мен өзүмдүн кыргыз болуп калганыма.

**Эгемендик**

Эгемендик эркиндиктин жолунда,
Элди ойлоп, элди кыссын бооруна.
Эл эңсеген бийиктикке жол баштап,
Эл, жер үчүн туу көтөрсүн колуна.

Эгемендик таза болсун, ак болсун!
Элибиздин баштарына бак консун!
Дүйнө калкы урмат кылып турганда,
Алар күткөн ишеничке так болсун.

Кыргыз элим, кыргыз жерим аман бол,
Кылым кезип басып келдиң узак жол.
Ооматыңдан оодарылбай кутман эл,
Энчиңерге кол сунбасын суук кол.

Кылымдардан бөксөрүлбөй сакталгын,
Кыргызымдын тарыхында макталгын.
Кыргыз элин дүйнө элине тааныткан,
Кыргыз – деген улут болуп бардалгын.

## Ак боз үй

Кыргыздар, кыр-кырларга боз үй тигип,
Каалашса куш салышып, күлүк минип.
Кеседе кымыз ичип, күү угушкан,
Эт кайнап казанында оту күйүп.

Энелер төргө коюп жыгач сандык,
Келин, кыз жүк жыйышкан кумарлантып.
Боз үйдү көрктүү кылып жасалгалап,
Кармашкан ыйык тутуп ата салтын.

Жетилип бой жеткенде уул-кыздары,
Кыргыздар аларга атап өргөө тиккен.
Той берип, эл чакырып, ат чаптырып,
Кыргыздар, урмат сыйлуу Куда күткөн.

## Жалал-Абад шаарына

Тамган сенде киндик каным,
Теңир берген ыйык шаарым.
Бүт жер жүзүн издесем да,
Теңебейм өзүңө анын баарын.

Жалал-Абад жаштык шаарым,
Жашыл көктөм, жашыл багың.
Жанга сүйкүм түнкү көркүң,
Жалын чачкан жайлуу шамың.

Келет элдер сыйынууга,
Дары суундан ичсек дешип.
Зыяратын кылып кетет,
Азирети Аюп ачып эшик.

**Кочкор – Ата курортуна**

Үмүт менен шыпаа издеп келдим сага,
Кыйналгандан табылаар деп жакса дабаа.
Жан кейитип сыздаган ооруулардан,
Айыгаар күн келет деп үмүт жана.

Кочкор –Ата ыйык жер колдой көрчү,
Ооруларга айыгаар шыпаа берчи.
Келген элдер сакайып оорусунан,
Жарык болсун өмүрдүн таңы-кечи.

Кудайым тилегимди берсе экен деп,
Келгендер бар өзүңдөн бала тилеп.
Ишке ашып койгон үмүт, тилектерди,
Ойлоймун, кайра сага келсе экен деп.

**Ысык-Көлдүн баяны**

Көк койнөк кийип Ысык-Көл,
Көк менен жатат тиктешип.
Кылымдан жомок баяндайт,
Көйкөлүп толкуйт сыр чечип.

Көлкүлдөп терең койнуңда,
Көп сырды каткан Ысык-Көл.
Кымтылган түпкү койнуңда,
Бекиткен шаар бар Ысык-Көл.

Жымыңдап бакча жамынып,
Күн нурдан күзгү чагылып.
Толкундайт ыйык Ысык-Көл,
Толкуну жээкке чабылып.

Шоокуму сырдуу түндөсү,
Кучакка каткан Ысык-Көл.
Тиктешип сулуу ай менен,
Сүйүүгө баткан Ысык-Көл.

Кылымдар жашап, белгисиз,
Кыйыры көзгө көрүнгүс.
Кыргызга сыймык жаралган,
Кызырдай ыйык көлүбүз.

**Спортчулар**

Кыргыздын атак-даңкын колдогону,
Аттанып, ариет-намыс коргогону.
Ишке ашып спортчулар болжогону,
Келишти колго тийип олжолору.

Утушкан кыйындарды эндиретип,
Кыргызды бүт ааламга белгилетип.
Келишти Кыргызстан намыс коргоп,
Көтөрүп кызыл туусун желбиретип.

Ким жеңет, ким жеңилет? Сыноо, жарыш,
Шамалдай шайдоот кыймыл күчү калыс.
Аларың таш-тамырдуу булчуң менен,
Алышты кыргыздарга улуу намыс.

Кадырлуу, калк ишенген чыгаандары,
Булчуңдуу кайраты күч уландары.
Намысты колдон бербе азаматтар,
Көкөлөйт Ата-Журттун ураандары.

**Балалыкка кетким келди**

Бүгүн мен бала болуп калгым келди,
Кайрылып балалыкка баргым келди.
Дүйнөнү сел каптаса кабары жок,
Сагындым, баёо кыял бөбөк кезди.

Бүгүн мен, бир жашар кыз болгум келди,
Жыгылып,кайра туруп там-туң баскан.
Тамактар тамчы сүткө татым болбой,
Апамдан мамак күсөп ыйлап жаткан.

Бүгүн мен улам өскөн кыз болоюн,
Апакем эмне кылса кармалашкан.
Этектеп арттан калбай ээрчип жүрүп,
Эрмек болуп бар ишине аралашкан.

Бүгүн мен тестиер кыз болгум келди,
Башым жууп, чачымды өзүм тарап калган.
Мектепке китеп алып баргым келди,
Жакшы окуп, сабагымдан бешти алган.

Бал тилдүү, баёо кыял балалыкка,
Баш буруп, бир кайрылып баргым келди.
Турмуштун быкыр-чыкыр туурун таштап,
Татынакай кыз бойдон калгым келди.

**Ыр жазам**

Ыр жазам тирүүлүктө көргөндөрдү,
Жазамын эл ичинде болгон сөздү.
Турмушта өйдө, ылдый тагдыр тарткан,
Жакшы, жаман жашоону билгендерди.

Жазамын жетишпеген, жетишкенди.
Жетишсе манчыркашып кетишкенди
Анда да, абийирлерин жайып таштап,
Жаап турчуу көйнөктөрүн чечишкенди.

Жазамын эл ичи сөз болгондорду,
Жашоодо ак-кара, оң-солдорду.
Дердейип кудайын да тоготпогон,
Арам ашка топоздой тойгондорду.

Жазамын ыймандарын унутканды,
Ынтымакты ыдыратып чуурутканды.
Көрө албастар көөдөнгө уу жуткуруп,
Көзүңө чок үйлөгөн бузуктарды.

Жазамын, жаза берем көргөнүмдү,
Бүт жаман ишке көңүл бөлгөнүңдү.
Ичкичтер, нашакорлор, аферисттер,
Уурулар, канкор болуп келгениңди.

## Көрөйүнчү күрөшүп

Балыр баскан таштак жолго туш кылып,
Тагдыр мени каалагандай калчадың.
Кең дүйнөнүн тар калпында кысылып,
Татымы туз шор кыйноондон чарчадым.

Акылымды ар тарапка арбадың,
Алтын башты ара жолго байладың.
Жүгөнү жок жайдак музоо мингизип,
Туңгуюктуу турмушуңа айдадың.

Кымкуут өткөн кыска өмүрдүн буйругу,
Тартуулады сынык бакыт жарагын.
Татаал жашоо майданында күрөшүп,
Бул тагдырдын сынагынан тажадым.

Жеңил келсем желкелейсиң күндө эле,
Бошоңдосом басмырлайсың тим эле.
Желкелебе, жерге ийип башымды!?
Жеңип сени жыгам жерге мен деле.

Сен кыйынбы? Мен кыйынбы?! Көрөбүз,
Тирүүлүктүн майданында тирешип.
Сен бүгүлүп, мен жыгаармын. А балким?..
Сыноо тагдыр. Көрөлүчү күрөшүп.

Мейли кыйна, сынасаң да оор тагдыр,
Чыдап күтөм, мени күтөөр доор бардыр.
Күрөшөмүн майданыңды майкандап,
Бул жашоодо жеңем... Сени карап тур!

**Сулуу таңга суктанам**

Караңгы түн сүрүлүп жарык чачып,
Жашоонун улам жаңы таңы атып.
Түндөсү көргөн түшкө көңүл эргип,
Ойгондум уйкусурап көзүмдү ачып.

Аткан таң кандай таза, кандай сонун,
Жүзүндөн желпип турса жели тоонун.
Сурандым жараткандан таңда туруп,
Жетсе деп тилегиме сунган колум.

Таң менен кошо ырдап торгой таңшып,
Татына жоогазындын жыты аңкып.
Турамын таң нуруна жүзүмдү жууп,
Төгүлгөн аппак таңга сугум артып.

Жыттанса терезем ден гүлдөр аңкып,
Турамын гүл жытына жаным балкып.
Жан сергип, кыялдандым таза абада,
Кайыкта бараткандай көлдө калкып.

**Жаз айым**

Жыл артынын жылдар келсе жаңырып,
Жазды дайым күтө берем сагынып.
Эске түшөт, алыс калган жаштыгым,
Жүргөн элем чачыма гүл тагынып.

Көптөн күткөн, күткөн ушул жаз айым,
Сен да күтүп жасангансың атайын.
Бүт ааламды каптап алган сулуулук,
Жердин бетин кийген сымал ажайын.

Жылынышып күндүн жылуу табына,
Жан киргенсийт дарактардын жанына.
Аруулукка чаңыргансыйт ааламды,
Алма, өрүктөр гүлүн байлап шагына.

Эрке кезим, ойноо чагым бапырак,
Жалбырактуу балтырканга жашынат.
Өзүм сүйгөн ушул сулуу жаз айым,
Өксүп таппас балалыкка чакырат.

Жаз жаңырса, жаркып келген жаңыдан,
Жаштык кезди самап, көксөп сагынам.
Алма гүлүн үзүп жаштык кезимде,
Далай жолу саамайыма тагынгам.

Жашыл кийип жерим турса жасанып,
Көңүл толкуйт, дүйнөм бүтүн тазарып.
Көздөрүмдөн өтөт ойноок жаш кезим,
Көлкүп турам көздөрүмө жаш алып.

Кызыл кийген, кыздай сулуу жаз айым,
Кумарың канбай келем мен дайым.
Мезгил өтүп, мен улгайып калсам да,
Сен улгайба! Сени менен жашайын.

## Досума

Алыста кайгы чекпей жүр досум,
Асылкеч жандан кечпей жүр досум.
Алыстап күндөр жолукпай калсак,
Арзыган мени эстей жүр досум.

Күйүгүп жаным күйүткө түшөт,
Күдөрүм үзбөй күтөмүн күсөп.
Күмүшүм күндөй жаркырап келчи,
Кыйналып жаным жүргөндө жүдөп.

## Кыргыз тилди унутпа

Кыргыз тили - кылымдарды баскан тил,
Кыргыз тили – бийик зоолор ашкан тил.
Кыргыз тили – сандар жеткис сөзгө бай,
Кыргыз тили – сөз нускасын тапкан тил.

Кыргыз тили – Ай асманга жеткен тил,
Кыргыз тили – жер учуна кеткен тил.
Кыргыз тили кылымдарды каарыткан,
Октор жетпес, калкан көзөп өткөн тил.

Кыргыз тили – найзаларга учтуу тил,
Кыргыз тили – жыгылбаган күчтүү тил.
О кыргызым, эне тилин унутпай,
Өз тилиңди, ата-энеңдей таанып бил.

Кылыч кармап, жарак жүктөп жоо келсе,
Ата-бабам сөзү менен кайтарган.
Күч сынашкан дөөлөр сындуу алптарды,
Канжар кырлуу кеби менен майтарган.

Кыргыз тилин сыйлаганга жандай тил,
Кыргыз тилин баалаганга балдай тил.
Кыргы тилин жарды кылган,
Жандай жүрүп жолдон бурган,
"Киргиз" – деген кандай тил?

Өз тилиңди унутпагын жаш-кары,
Кыргыз тилге алмаштырба башканы.
"Мамалатып" чыгарба тил балаңдын,
Моода кылып "тарпи" кылбай ташта аны.

Жарты кылып жаралаба кебиңди,
Тил билем деп кетирбегин эбиңди.
Кээ улуттай, унутуп өз тилиңди,
Билбей калба кыргыз нарктуу тилиңди.

## Жол башчысы, мугалим

Агайлар атасыңар,
Акылга бөлөп турган.
Тай-тайлап түз бастырып,
Кыйшайса жөлөп турган.

Эжелер энесиңер,
Үзүгүн улап турган.
Чырпыгын чынар бол деп,
Баштарын сылап турган.

Мугалим күнсүңөр го,
Жалындап күйүп турган.
Балдарын баатыр бол деп,
Маңдайын сүйүп турган.

Мөмөлүү дараксыңар,
Төгүлүп бышып турган.
Шагыңдан ылаачындар,
Күүлөнүп учуп турган.

Аскалуу зоосуңар да,
Булутуң көчүп турган.
Нөшөрлүү жамгырсыңар,
Көктөмүң өсүп турган.

Тай-тайлап бастырганың,
Кыргызда кыраан болду.
Ааламга аты кеткен,
Чыңгыздай чыгаан болду.

Өзүңдөн билим алган,
Космоско учуп барган.
Жол башчы – мугалим,-деп,
Көрүндү Салижандан.

## Бүтүрүүчү класстар

Темир канат балапандан өттүңөр,
Канат күүлөп учаар маалга жеттиңер.
Эрке кыял балалыктан коштошуп,
Чачыңардын ак бантигин чечтиңер.

Уч балапан! Канатыңар талбасын,
Бийиктеп уч, кыраан кармап албасын.
Уя салган кырка тоонун учунан,
Өткүр көздүү бүркүт чапчып калбасын.

Тулпар минип, тизгин кармап кете бер,
Тилек кылган чоң максатка жете бер.
Жолдоруңда тосмолор бар, билип жүр,
Тоскоолдордон мүдүрүлбөй өтөгөр.

Турмуш татаал, баардыгына так болгун,
Суук көздүү жамандардан сак болгун.
Эки көзүң бир-бирине душман дейт,
Арам ниет азгырыктан жат болгун.

## Билип жүр

Дүнүйөң бар дүркүрөгөн колунда,
Кызырың бар колдоп тураар жолунда.
Жаман, жакшы бирдей жүрөт билип жүр,
Жокчулук да ээрчип жүрөт соңунда.

Бирөөдө жок, бирөөсүндө байлык бар,
А бири ток, а бири ач жардылар.
Бул дүйнөдө баары экөө билип жүр,
Бирөө таскак, бирөө аксак майып бар.

Жерге батпай учуп жүргөн кыйындар,
Керек болсо чет өлкөдө үйүң бар.
Кантсе дагы кудайыңды таанып жүр,
Тең караган үстүбүздө Теңир бар.

Биз адамзат, асманда эмес жердебиз,
Адам болуп кудай сүйгөн пендебиз.
Жакшы-жаман,ак-караны билүүгө,
Бул дүйнөгө сыноолорго келгенбиз.

Байлыгыңа манчыркаба, эрденбе,
Бой көтөрүп боркулдаба, шерденбе.
Бул дүнүйө бейбапа дейт, билип жүр,
Ажал деген кылыч турат желкеңде.

Кара ниеттик как жүрөктү канжарлап,
Бул дүйнөдөн көп күнөөнү алабыз.
Он метр сурп, бир кепинге оронуп,
Чын дүйнөгө бир күн кирип барабыз.

Бул дүйнөдөн тоодой жыйнап байлыкты,
Эбегейсиз жүктөр менен кетебиз.
Жардам бербей биз жыйнаган мүлк менен,
Кыл көпүрө, кыяматтан өтөбүз.
*О пенделер! Эсиңерге алып жүр,*

## Ыманым менин жолдошум

Ыманым - кайда жүрсөм өзүмдөсүң,
Сүйлөсөм тилимдесиң, сөзүмдөсүң.
Жатсам да жан дүйнөмдө келме кылам,
Уктасам таттуу уйкуда, сезимдесиң.

Ыманым – ар убакта жанымдасың,
Айланып миң – миң тамыр канымдасың.
Даам татып олтурганда тамактанып,
Тамагымдын татымдуу даамындасың.

Ыманым – кайда барсам жолумдасың,
Кармалып тутамында, колумдасың.
Аярлап ак жолуна салып турган,
Кастарлап карегинде, оюндасың.

Ыманым – эң бир таза дилимдесиң,
Сүйлөсөм түстүү сайма тилиндесиң.
Алдымда түрдүү дүйнө байлык болуп,
Дүр – дүйнө топтолтура үйүмдөсүң.

Ыманым – түбөлүктүү антым берем,
Жашаймын, сенин таза баркың менен.
Эл жайлоодон кайтканда бул өмүрдөн,
Мен дагы кайтып кетем өзүң менен.

## Ымансыз кеткен жаман

Жараткан адамзатка өмүр берген,
Ыманы, жаралганда кошо келген.
Ыманды, ыман кылып аздектебей,
Инсан көп ыманынан чыгып кеткен.

Ыдырап ыманынан качкан жаман,
Ыманды көр дүйнөгө саткан жаман.
Салынган ак жоолугун, кара кылып,
Ак эмес, арам жолду баскан жаман.

Ымансыз узак жашап өткөн жаман,
Жалгандын байлыгына көпкөн жаман.
Арамдык бийлик менен доорду сүрүп,
Элине абийирин ач, төккөн жаман.

Бей опаа, жалган дүйнө кезди алган,.
Чын дүйнө кезегинде эпсиз арман.
Чымындай жандар чыгаар чыркыраган,
Кыямат кыл көпүрө өткөн жаман.

Ымындан кыйгач кесип качкан жаман,
Күнөөгө чумкуп кирип баткан жаман.
Жолдошуң болуп калса ыманы жок,
Тозокто чала күйүп жаткан жаман.

## Ыман бер

Кыйналды эл, кысылуудан кыйналды,
Сатылды жер, жүрөк сыздап ыйлады.
Сатпагын деп какшап турса элибиз,
Жер саткандар элдин муңун укпады.

Сатылды жер арзыбаган баа болуп,
Бирөөлөрдүн капчыгына пул толуп.
Бей – бечара, байкуш жакыр адамдар,
Калат окшойт өзгөлөргө кул болуп.

Кептин баары, алдым – жуттум бийликте,
О кудурет! Ыман бергин бийликке.
Кабыргасын кайыштырып элимдин,
Кайгы – муңга салба, элди. Кейитпе!!!

О жараткан, өкүмү күч кудурет,
Корго менин ыйык, кымбат жеримди!
Ыман бергин эл бийлеген бийликке,
Өзгөлөргө тепсеттирбе тегимди!

## Ыман менен кетели

Ар нерсенин саналуу сапары бар,
Өйдө-ылдый жыргал, азап катары бар.
Ак-карасы, өмүр, өлүм экөөсүнөн,
Адамзаттын ушул жолдон сапары бар.

Бул дүйнөдөн баардыгы өтөөр-кетээр,
Буурул болуп кара чачтын өңү өчөөр.
Булуттардай сүрүлүп, аягында,
Буйругун буюрбаган өмүр да өтөөр.

Жарык өчөт ошондо, жашоо өчөт,
Шоола кирбес караңгы үйүң күтөт.
Тапкандарың өзүң менен кошо барбай,
Ыман деген бир гана арзуу жетет.

Бул дүйнөдө бейбапаа баары алаар,
Жыйнаганың буюрбай түгөл калаар.
Дүйнө менен коштошуп кеткен кезде,
Буйрук болуп сооп менен, күнөө бараар.

Ыманы жок кеткенде тозок күтөөр,
Жардам кылаар эч ким жок азап түтөөр.
Жоро-жолдош, дүйнө-мүлк азыкатпайт,
Чымындай жан чыркырап отко күйөөр.

Ыман менен кеткениң тегиз болоор,
Ыманыбыз шериктеш эгиз болоор.
Жаратканга пейлибиз жаккан болсо,
Барган жерден базардай бейиш болоор.

## Эстей жүр

Тапканга, чиренип да мас болбогун,
Чыр чыкса, тууганыңа кас болбогун.
Эсирип, манчыркаба мал-мүлкүңө,
Бөлүнүп, досторуңдан жат болбогун.

Билип жүр, көңүл кирдеп чөгөөрүңдү,
Унутпа, жаздыкка жаш төгөөрүңдү.
Кезинде моюн сунуп тагдырыңа,
Эстей жүр, ак кепинге көнөөрүңдү.

Ченелүү жалган дүйнө бул өмүрдө,
Байлыкка ач көз болуп түк берилбе.
Жулкунуп зөөкүр болбо, ачууланба,
Бербе азап, кырчындай бир жаш өмүргө.

## Курбума таарыныч

Курдаш көрдүм сулуудан,
Даражасы улуудан.
Артык көрдүм өзгөчө,
Баардык жакын курбумдан.

Айтып жүрдүм Датка деп,
Бар курбумдан башка деп.
Кир жугузбай жүрчүүмүн,
Душман сөзүн ташка деп.

Жакшы көрдүм жанымдан,
Жакын көрдүм баарынан.
Ажырагым келчүү эмес,
Чыкчуудай жаным кабынан.

Жандай көргөн досуңдан,
Көңүл оору эң жаман.
Көздөн түтүн чыгарып,
Көөнгө салган чок жаман.

Баалачуу элем “бийик” - деп,
Тумардай курбум ыйык деп.
Көңүлгө тийди ачуу сөз,
Кирденип калдым убай жеп.

Сулуунун жүзү жез болду,
Улуунун пейили терс болду.
Сөз менен найза сайганда,
Эзилчүү жүрөк берч болду.

**Баардыгы бар базарда**

Ашпозчу келип азанда,
Ашы да бышып казанда.
Капчыгың толоо пул болсо,
Калбайсың ачка базарда.

Жакшылар келген азанда,
Жамандар жүрөт базарда.
Ар кандай ишке урунуп,
Келишкен элдер базарга.

Сүйлөшүп мелүүн жакшыга,
Кеп салып уулуу жаманга.
Кеч киргенче чарчашып,
Кемпирлер жүрөт базарда.

Көңүлүн, жарпын ачууга,
Капаалык жагын басууга.
Жолугуп, бирге сырдашып,
Келиндер келген базарга.

Модасын берип сыланган,
Бийкечтер жүрөт базарда.
Картасын ачып, таш тизип,
Бакшылар келген азанда.

Ак сүйлөшүп, ак айткан,
Түз жүргөн адам базарда.
Чөнтөктү кактап какшаткан,
Уурулар келген азанда.

Сатуучу сатып картошка,
А бири сатат "Марковка"
Коммерсант табат байлыкты,
Кээ бири сатып калготка.

Бир-бири менен жандашып,
Жандары калбай жармашып.
Жалаңдап жанын жеп жүргөн,
Жанкечти жүрөт кармашып.

Өлөөрчө ичип мас болуп,
Кыйкырып, бири кас болуп.
Анан да калса жаш болуп,
Жол четинде укташкан...
Мастар да жүрөт тап коюп.

Тууганым келчи базарга,
Табасың, баары базарда.

## Ошол да доспу

Түз жолуңдан азгырса доспу?
Түтөтүп отко, жандырса доспу?
Түнөргөн шамдай өчүрүп сени,
Түпөйүл эстен тандырса доспу?

Басаар жолуң саз кылса доспу?
Баткакка булап мас кылса доспу?
Бийиктей түшсөң билгизбей тартып,
Белинен ылдый пас кылса доспу?

Жакшы жолдон жат кылса доспу?
Жакшы деп туруп, тап кылса доспу?
Жугузуп жаман адатын сага,
Жубайдан айрып так кылса доспу?

Жарык күн турса, түн кылса доспу?
Жардыга түртүп күң кылса доспу?
Айыкпай турган жарадай болуп,
Абийиринди кир кылса доспу?

* * *

Достуктун доору бир башка,
Доо кетирбе сырдашса.
Достуктун жолу эң жаман,
Доомат айтып чырдашса.

Доско доомат кылганды,
Доо кетирип турганды.
Кандай кылса оңолот,
Төбөдөн кудай урганды.

**Бир бололу**

Кел достор! Жаман айтып чырдашпайлы,
Көңүлдүн черин жазып сырдашалы.
Аманат, кайтып келбес бул жашоодо,
Достуктун доорун сүрүп сыйлашалы.

Жүрөктүн сырын угуп тыңдашалы,
Жан эргип жакшы күндө ырдашалы.
Тагдырдын ойдо - төмөн жолдорунда,
Түйшүгүн чогуу тартып бир басалы.

Өмүрдүн алоо отун бир жагалы,
Өрүнө кол кармашып бир баралы.
Өрөөндүн өктөм аккан дайрасында,
Өлгөнчө бирге жүрүп, бир агалы.

Жашоодо өнүп - өсүп көгөрөлү,
Куда-сөөк, тамыр болуп көбөйөлү.
Тагдырдын ачуу – таттуу тузун татып,
Жазмыштын ырыскысын бир көрөлү.

# Махабатка магдырап



**Кыз – жигит**

Жаз жамгыры жаап жатты төгүлүп,
Айлана бүт жашыл түскө бөлөнгөн.
Ой, максаты бир тарапка бурулуп,
Жигит турат, даракка ойлуу жөлөнгөн.

Көпкө чейин күтүп кызын зарыгып,
Махабаттын мастыгына малынып.
Олоң чачка кызгалдак гүл жарашкан,
Кыз келатат кол чатырын жамынып.

Кундуз чачы белден ылдый төгүлгөн,
Кызгалдактай, кыз да сулуу көрүнгөн.
Уялыңкы колун сунуп, жер карап,
Кыздын көөнү жигитине бөлүнгөн.

Кумарлана кучакташты ал экөө...
Бир адамдай болуп калды көлөкө.
Жигит ыктап шыбырады сулууга,
-Бербейм сени, тирүү болсом бөлөккө...

**Аялзатка**

Сулуусуң сен, улуусуң сен аялзат,
Ырга кошом ыйыктыгың баяндап.
Күнгө теңейм сенин жылуу табыңды,
Урмат менен, ызат менен аярлап.

Терең дайра мелмилдейт да, жай агат,
Деңиздейсиң чалкып жаткан баярлап.
Бешенеңден нур төгүлсө чачылып,
Турасың сен кенен пейил даярдап.

Бул дүйнөнүн сулуусусуң аялзат,
Силер барда көңүл жарык, өмүр шат.
Бала төрөп, жашоо, өмүр улаган,
Ыйыктыгың унута албайт адамзат.

Аял улуу, эне деген аты улук,
Аялдардын кундуз кара чачы улуу.
Аял барда дүйнөң түгөл, үйдө кут,
Аял барда бүткүл аалам бактылуу.

## Кайниден жеңеге кат

Эсте жашайт таза сезим түбөлүк,
Эңсөөмдө жоогазындай гүл өнүп.
Жүрөгүмдө күүсүн чалат бир сүйүү,
Комузуңдун кылдарындай күүлөнүп.

Сизге гана тартуу кылган күнүмдү,
Сизге арнаган ыйык, таза сүйүүмдү.
Бассам-турсам баардык оюм Сизди деп,
Арнагамын ширин уйку түшүмдү.

Элесиңиз көз алдымда үр болуп,
Кур эңсөөдө өзүң менен бир болуп.
Көңүл ээрип, көөдөнүңдө жыт аңкып,
Көз алдымда турат жеңем гүл болуп.

Минут сайын өзүңүздү сагынып,
Сөзүңүздүн шербеттери агылып.
Кусалыктын оту өчпөй көңүлдө,
Сезим күйөт көкүрөктө жагылып.

Таза жашап сүйүү өттү башыңдан,
Көңүл кушу кирпигиңе тагылган.
Ак чач болуп, тишиң түшүп калса да,
Гүлсүң жеңе жүрөгүмдө ачылган.

Түштөрүмдө, ойлорумда жанашып,
Чачың сылап ай жүзүңдөн өпчүүмүн.
Куру кыял санаам менен жолугуп,
Күндө бир маал эшигиңден өтчүүмүн.

Бул жашоомдо бирге басып, бир жүрүп,
Буюрбаптыр бир өмүрдү, бир сүрүп.
Ал эскирбей, ал көөнөрбөй жаш болуп,
Жүрөгүмдө жашап калды бир сүйүп.

## Жеңеден жооп

Көрүп калдым көчөдөн өтсөм бешимде,
Турупсуң күтүп кайра кайтсам кечинде.
Сени кагып басып кетсем таарынба,
Жаш төккөнүң дале менин эсимде.

- Жеңе! – дедиң жолум тороп, кол сунуп,
Мукактанып туруп калдың томсоруп.
Үн сөзүң жок карап турдуң жоодурап,
Сөздөрүңдү айталбастан ондонуп.

Көздөрүңдүн нуру жанып жаркырап,
Тиктеп турдуң ток тепкендей калтырап.
Кыздай назик мүнөзүңө баш ийип,
Ак жүзүңдөн кызыл нуруң албырат.

Алоолонуп кынга батпай жаштыгың,
Ашып-ташып махабатың, ашыгың.
Кыз сүйгөндөй “тун сүйүүм”- деп томсоруп,
Көздөрүңдөн жаш тамызып жашыдың.

Ал кездерде сен жаш жигит сулуусуң,
Бир кызыгы, эки-үч жашка улуумун.
Узак жылдар таза сүйүү арнасаң,
Сен айткандай, сөз айткандын кулумун.

Мен жарым саат олтурбасам жаныңда,
Колдорумду кармабасаң таарынба.
Ашыктыгың таза кылып апапак,
Менин дагы жашап келет жадымда.

Ооба, Сенде болбогондур эч күнөө,
Тумчуктурган сүйүүдөдүр ал күнөө.
Ашыктыктан чоң дастандар айтылса,
Сенин сүйүүң дастанчыга бир күбөө.

## Гүлкайыр элең

Шурудай тегиз тизилген,
Берметтей аппак тишиңден,
Бейтаптуу болуп жүрчүүмүн,
Бейкүнөө болуп ичимден.

Гүлдөгөн бактын ичинен,
Гүлүңдөп өттүң бешимде.
Гүл сундум тосуп алдыңдан,
Гүлкайын сулуу кезинде.

Албадың сунган гулүмдү,
Сыздаттың жүрөк, жүлүндү.
Сумсайып кеттим бурулуп,
Сөз айтпай карап жүзүңдү.

Секелек гүлдөй жаш кезиң,
Мен дагы бойдок бош кезим.
Уйкусуз өттү көп күндөр,
Убайым тартып бир сезим.

Жолугуп азыр каласың,
Козгойсуң жүрөк жарасын.
Арманың айтып ыйлаба,
Ал кезди кайдан табасың?

## Өзгөрөөрүң билбепмин

Бир гана сен деп жашап келем десең,
Сен үчүн жанымды да берем десең.
Мен билбей чын ишенип алыптырмын,
Кыйынбы? Керек болсо өлөм десең!

Тез эле көз жашымды төгөм десең,
Айтканың баардыгына көнөм десең.
Ишенгем айтты го деп чын дилинен,
Өзүңө бүт өмүрүм берем десең.

Сезбепмин ичте каткан кеселиңди,
Сезбепмин кир жанкечти экениңди.
Кулпурган кундуз таза сезимимди,
Кулатып жерге таштап кетээриңди.

Жалдырап айтып кеткен сөздөрүң жок,
Жалооруп тиктеп турган көздөрүң жок.
Жүдөмүш кебетеңди оңдоп койсом,
Жүзүңдү буруп кеттиң көңүлүң ток.

**Булбулду гүлдөр самашат**

Бейишке бөлөп дүйнөнү,
Буркурайт тоонун гүлдөрү.
Бурулуп сайрап өтсө деп,
Булбулду гүлдөр самашат.

Ааламга нуру төгүлсө,
Ай жакты гүлдөр карашат.
Толгонуп сайрап өтсө деп,
Торгойду дагы самашат.

**Сөзүңө ишенбедим**

Жаңы тааныш ээритти мүнөздөрүң,
Жалтанбай, "жаным сени сүйөм!"-дедиң.
Үн катпай тиктеп турдум көздөрүңдү,
"Жалган..."- деп жалбарган бул сөздөрүңдү.

Таңданттың?.. Бир көргөндө айткан кебиң,
Көп жолу сага айталбай кайткам дедиң.
Таңыркап түшүнө албай турганымда,
Таанышуу ойлоруна баткам дедиң.

Негедир калды ички сезимимде,
Жагымдуу айткан сөздүн кезегинде.
Жактырып турдум сени көпкө карап,
Сүйүүнүн майтарылгыс жетегинде.

Ойлордун баарын бүтүп кишендедим,
Көп жылдап жасалгандай бүт эмгегим.
Канчалык жалооруп сен турсаң дагы,
Деги эле сөздөрүңө ишенбедим.

Кечиргин, жаңы тааныш капаа болбо,
Бурулуп кете бердим көңүл толгоп.
Кайрадан кабылбачы алдым тосуп,
Түшкүм жок арасаттуу мындай торго.

**Агайынчы жетеленип шарыңда**

Жазындагы жашыл чөптүн бүрүндөй,
Көздөрүң да жанып турат күлүңдөй.
Бактымбы же, азабымбы? Билбедим,
Баардыгына кайыл болдум түңүлбөй.

Башым туман, оюм куюн, мунарык,
Баары алыс көзүм жетпейт тунарып.
Бакыраң көз, оттой ысык демиңе,
Жылына албай үшүп жүрөм кубарып.

Оюм күлүк чубалгандан-чубалып,
Оозун ачпай калчуу болду кубарып.
Ойлуу санаа эзип бүттү жүрөктү,
Миң түйшөлүп, улангандан-уланып.

Жээрибестен алып жүрчү жаныңа,
Чыдайынчы кыйындыктын баарына.
Бууркандаган дарыядай аксаң сен,
Мен да агайын жетеленип шарыңа.

## Сезимдерим эркелейт

Көздөрүңдөн жылдыз учса чачырап,
Кирпигимдин гүлзарына жашынат.
Көөдөнүмдө көлкүйт таза сезимдер,
Көңүл эргип ашынгандан-ашынат.

Жүздөрүңдөн нуруң чыкса чачырап,
Жүрөгүмдүн түпкүрүнө жашынат.
Жүлүн оруйт, салмагы оор сезимдин,
Жүгүн тартып ашыккандан-ашыгат.

Жолуксам деп күндө самайм, батыраак,
Жолуң карайм, үмүттөнөм чачырап.
Жоогазындай үлбүрөгөн көңүлүм,
Жалын болуп алоолонот чатырап.

Жалын жүрөк жароокерим кел-кел деп,
Жан дүйнөмдү кеткен белең жетелеп.
Жүрөгүмдө толкуйт сезим, бир гана,
Жалгыз сенин элесиңе эркелеп

Кетээр күнүң, келээр күнүң белендеп,
Кечикпестен айткан айлар келээр деп.
Көрбөсөм да, канча жылдар зарыгып,
Күтөм сени, күтөм жолуң элеңдеп.

**Таарынбачы периштем**

Таарынбачы, таарынбачы периште,
Көңүл барбы, кайра мени көрүшкө.
Күнөө кылдым, күнөө болот деп коюп,
Ыйык күндө кучакташса, өбүшсө.

Айып көрбө айдай сулуу периште,
Түшпө бекер көңүл ооруп кейишке.
Таркап кетет таарынычтын баарысы,
Ыйык күндөн башка күндө өбүшсө.

Таарынбачы таңдай аппак периштем,
Мага майрам сени менен көрүшсөм.
Көңүлүмдү көкөлөткөн дем берет,
Көрсөм сени, сен менен ой бөлүшсөм.

Таарынбагын тагдырлашым Перизат,
Сени менен жүргөн күндөр мага шат.
Кош жылдыздай катар жанып жүрөлү,
Таарынышуу бизден болсун алыс, жат.

**Сүйүүмө кубөө жүрөгүм**

Чын эле сени сүйөмүн,
Сүйүүмө күбөө жүрөгүм.
Эзилдим сени ойлонуп,
Эстөөдөн жадап жүдөдүм.

Көңүлүм көксөп толомун,
Көрбөсөм куса боломун.
Кыйнаган мени ушинтип,
Тагдырга күнөө коёмун.

Бир жүрсөм дагы жете албайм,
Буюрган жарың бар экен.
Бурулуп сенден кете албайм,
Бул дүйнө мага тар экен.

Ооруган жүрөк кагышын,
Тапканбы бирөө дарысын?
Тоскоолдук болот тоолордой,
Толкуган бийик намысым.

**Махабаттын керээмети**

Махабат эмне деген керээметсиң?..
Кыйнайсың, чагылгандай чартылдайсың.
Балкытып кумарыңа жан дүйнөмдү,
Жүрөктө каухар болуп жаркылдайсың.

Махабат эмне деген керээметсиң?..
Көздөн жаш жамгыр кылып төгүлтөсүң.
Заматта сыйкыр күчүң арбап жанды,
Булуттан чыккан күндөй көрүнтөсүң.

Махабат эмне деген керээметсиң?..
Баш бербей дайра кылып агылтасың.
Тез эле жаш баладай таарынтасың,
Кайтарып кайра өзүңө багынтасың.

**Сезим кайрыктары**

Көрүшөбүз, а балким көрүшпөспүз?
Өбүшөөрбүз, а балким өбүшпөспүз?
Жүрөктү эзип жат кылган таарынычты,
Бөлүшпөспүз, а балким бөлүшпөспүз?

Көңүл кирдеп ызаага дат болоорбуз,
Көрүшпөстөн алыстап жат болоорбуз.
Кечиришсек, кетирген кемчиликти,
Балким кайра табышып шат болоорбуз.

* * *

Жалындап күйүп жүрөктөр,
Жалбырттап жүргөн кез эле.
Жылуулук кетип жүздөрдөн,
Жат болуп калдык тез эле.

Мезгилсиз эрте жалбырттап,
Жалп өчкөн отко окшоштук.
Мээримдер өчүп көздөрдөн,
Мөөнөткө жетпей коштоштук.

* * *

Алдырып ачуу жинине,
Арзыбас ишке күйүнө.
Азапка салдың кызганып,
Ак сүттөй аппак дилиме.

Албууттуу ойлор сабалап,
Азгырды шайтан аралап.
Апапак таза сезимди,
Ак жерден койдуң жаралап.

* * *

Аруу дилди оорутуу өчпөс арман,
Аруу сезим болбосун бизде жалган.
Арзыбаган таарыныч, кызганычтар,
Ак сүйүүнүн канына сиңип калган.

**Куса болом көрбөсөм**

Керилип басып келатсаң,
Элестеп турдум Маралды.
Тынчытпай жүрөк сезимди,
Ыр менен жаздым санаамды.

Элесиң көзгө тартылса,
Элжирейт жүрөк тим эле.
Жанымды мынча кыйнаган,
Жаркыным деги ким эле?

Суйкайган сулуу жүзүңдү,
Суктанып карайм күнүгө.
Куса бир болдум көрбөсөм,
Шылтоолоп барам үйүңө.

Сага арнап сүйүү жазымды,
Ыр менен жаздым катымды.
Сыдырым соккон жел болуп,
Уурданып сылайм чачыңды.

**Бир өзүңө ишенем**

Жактырам жөпжөнөкөй мүнөзүңдү,
Теңебейм эч бир жанга бир өзүңдү.
Эш тутуп карааныңды тагдырыма,
Сага деп арнап койдум жүрөгүмдү.

Мен сага жолугуудан тажабастан,
Жүрөмүн жаман ойдон жадабастан.
Түбөлүк эскирбестен ушул сезим,
Калса дейм ойлоруму карабастан.

Өзүңө байлап койдум күдөрүмдү,
Өзүңө арнап койдум жүрөгүмдү.
Жалбарып тилеп келем жараткандан,
Өзгөрбөй ушул бойдон жүрөөрүңдү.

**Уурдап алайын**

Сизге мен ичте сырым айткым келди,
Сизге деп жакшы ырларды жазгым келди.
Санааркап сагынычым тынчтык бербей,
Санаадан кусалыгым айткым келди.

Жылдыздай, сиз тарапка учкум келди,
Жымырап көктү көздөй сызгым келди.
Жыргатып жанды эргиткен күлкүңүздү,
Жан жыргап, көңүл эргип уккум келди.

Укмуштуу ойлор келип, ойлоруму,
Бийик зоо, тоолордон мен ашкым келди.
Убайым санаа тартып жүргөн чакта,
Алыска сизди уурдап качкым келди.

Сиз менен кошо жашап жүргүм келди,
Сүйүүнүн көп сырларын билгим келди.
Сиз деген улуулукту бийик тутуп,
Сыйлашып жүзүңүздөн сүйгүм келди.

Бул турмуш, ойлогондой жомок болсо,
Буйдалбай үйүңүзгө барат элем.
Бушайман болуп дайым жашаганча,
Буйрутуп, сизди уурдап алат элем.

**Ким элең?**

Түшүмө кирген Перини,
Түйшөлүп жаным дегдедим.
Түпөйүл кылып кыйнаган,
Түйшүгүм белең сен менин.

Уктаарда эстеп күнүгө,
Кирсең деп түшкө жалына.
Көңүлсүз турам үшкүрүп,
Көрө албай калсам дагы да.

Гүл белең, таңкы үр белең?
Шамалдай оюм айдаган.
Чырмалып турган желеңе,
Көпөлөк болуп байланам.

Деги өзүң айтчы ким элең?
Түшүмө кирип сүйгүзгөн.
Оюмдан чыкпай оролуп,
Отуңа мени күйүзгөн.

**Болсо экен бакыт өмүрлөш**

Көңүлгө айтпас сыр катты,
Көөдөндө кайгы, мүң жатты.
Көзүнөн жашы куюлуп,
Көкүрөк толгон ый жатты.

Кайрылып жаштык канаты,
Кайгыртты жүрөк жараты.
Көөдөнгө толуп көп санаа,
Көңүлсүз ойлуу баратты.

Кыялдын кыйры көрүнбөс,
Кыйналса турмуш төгүлбөс.
Бооруна кысып сулууну,
Болсо экен бакыт өмүрлөш.

**Жарпым жазчы**

Сенсиң менин кыйышпасым, жакыным,
Сени менен кеткен окшойт акылым.
Эстегенде ойго батам сагылып,
Табалбастан сагынычтын акырын.

Элжиреди эңсеп сени жүрөгүм,
Эстен кетип, эндиреп мен жүрөмүн.
Ээлеп алып алыстаткан убакыт,
Эңсөө толгон сагынычтан жүдөдүм.

Мен үчүн бийик, чексиз сенин баркың,
Унутпайм сени эч качан, досум жаркын.
Уу жутуп, убай тартып жүргөнүмдө,
Учуп кел, кубандырчы жазып жарпым.

**Күтүп турам**

Көнөктөп жамгыр төгүп басылбады,
Көшөрүп күн да жаркып ачылбады.
Көңүлүм жамгыр болуп, нөшөр болуп,
Көөдөнгө тирелген муң жазылбады.

Бутактан салааланып аккан жаанга,
Ийилет ичиркенген жалбырагы.
Көңүл да чөгүп турат, өксүп турат,
Көөдөнгө сыйбай толгон армандары.

Нөшөрлөп жамгыр көпкө ыйлабачы,
Бактысыз жан дүйнөмдү кыйнабачы.
Ансыз да азап чеккен байкуш жанды,
Көп эле алсыз кылып туйлабачы.

Чыйрыгып үшүсөм да кетпей жадап,
Үмүттүү үзүлбөгөн ойлор самап.
Келээр деп, кечиксең да зарыктырып,
Өзүңдү күтүп турам жолду карап.

### Билбедим...

Сүрдөнүп сөз айтуудан, сыйласа да,
Сүйөм деп канча жандар ыйласа да.
Сүйө албай туталанып тумчукчуу элем,
Сезе албай жүрөк отун кыйнаса да.

Тоготпой жүрсөм дагы канча жолу,
Торуңа чалынаарың билбептирмин.
Туйлаган сезимдерге башымды ийип,
Тоорулуп сендей эч ким сүйбөптүрмүн.

Неченин мурда көзгө илбептирмин,
Эркимдии ээлегениң билбептирмин.
Эзилтип жанды кыйнап, жүрөгүмөн,
Эч кимди сага окшотуп сүйбөптүрмүн.

### Катылган сыр

Бул сезимди аяр кылып ыр кылдым,
Ыйык сактап, көңүлүмдө сый кылдым.
Жүз бурулуп өткөнчөктү бул өмүр,
Жүрөгүмө катып жүрөөр сыр кылдым.

Көңүлүмдө катылган ушул сырым,
Жан дүйнөмдү жаңыртып ырдай берсин.
Көкүрөккө сакталган белек болуп,
Көөнөрбөстөн көңүлдү сырда келсин.

Жоголбостон жүрөктө түнөк тапкан,
Ушул бир ыр сезимде уюп калган.
Жан дүйнөмдү жылытат нурун чачып,
Жарпым жазып, көңүлгө берет дарман.

## Оорутпачы жүрөктү

Сыйлап ыйык сүйүүмдү,
Көтөрөм оор жүгүңдү
Ооруп турат жүрөгүм,
Чече албастан түйүндү.

Өзгөрсө улам кыялың,
Ичимден сызып турамын.
Жүрөгүм сыздайт купуя,
Жүдөтөт санаа, убайым.

Кайра эле кыйнап жүрөсүң,
Жанчылтып жаңы мүнөзүң.
Тамаша кылбай тагдырды,
Так айтып койчу жүйөөсүн.

Жүрөктө таза дилимди,
Бир гана сага арнагам.
Жанымды берип өзүңө,
Жамандык ишке барбагам.

Ишенип, бир деп жолумду,
Сунганмын сага колумду.
Кылчактап азыр турасың,
Үзө албай жайган торуңду.

Үзсөң-үз эми таарынбайм,
Сүйгүн деп сага жалынбайм.
Жүрөктө сезим жок болсо,
Мен дагы сага таарынбайм.

## Издеймин бактымды

Издедим бактымды - айдың көл талаадан,
Издедим бактымды - жамгырдуу калаадан.
Издедим бактымды, үмүттүн оту өчпөй,
Алыскы, алыскы жылдыздуу аралдан.

Издедим бактымды - кар баскан зоолордон,
Издедим бактымды - адырлуу тоолордон.
Издедим бактымды, үмүтүм үзүлбөй,
Кол жетпес, ой жетпес алыскы жолдордон.

Издедим бактымды - ачылган гүлдөрдөн,
Издедим бактымды - ар өткөн күндөрдөн.
Издедим бактымды, сүтактай түн катып,
Ай жарык төгүлгөн азаптуу түндөрдөн.

Издеймин бактымды - азыр да түңүлбөй,
Издеймин бактымды - күдөрүм үзүлбөй.
Издеймин бактымды бир келген жашоодо,
Көңүлдөн өчпөгөн армандуу сүйүүдөй.

**Сага**

Таарыныччтуу ойго тушалып,
Көкүрөктү ээлеп ызалык.
Көңүл калып, урмат-сыйдан жок,
Көп кыйналып башка кусалык.

Сездиң балким, мүмкүн сезбедиң,
Көкүрөккө толгон кусамды.
Жыргалыңа жыргап мас болдуң,
Ойлободуң менин ызамды.

Кыйнап ойлор, кыйнап сезимдер,
Кыйын болду мага коштошуу.
Жакшы күндөр калды томсоруп,
Бүткөн белем биздин достошуу...

23.05.2009ж. Жалал-Абад ш.

## Аман жүрсүн алтын баш

Майрам кылып, туулган күндү жылына,
Өмүр өттү, сезбептирмин чынында.
Эки жакка көз жүгүртүп карансам,
Элүү жаштын келиптирмин кырына.

Өчүм бардай ашыгыпмын шашылып,
Өмүр жолун өтүптүрмүн басынып.
Ал күндөрдү кылчайып бир карасам,
Чиркин өмүр кеткен ашуу ашыгып.

Мейли келгин, кут болгунуң 50 жаш,
Өмүр берип, жуп болгунуң 50 жаш.
Бүгүн турам өзүң менен дос болуп,
Аман жүрчү, сак саламат алтын баш.

## Жаштыгымды сурасам

Улам алга кучагымды керипмин,
Билинбестен 50 жашка келипмин.
Жаштыгымды "кайдасың?"-деп сурасам,
Жигит болгон балдарыма берипмин.

Өмүрүмдүн мөмө, гүлүн терипмин,
Өргө чыгып 50 жашка келипмин.
Кыйгач каштуу келин кезди издесем,
Кыялы наз кыздарыма берипмин.

Бырыш басып, өңүмө өмүр жол салып,
Сулуу жүзүм күндөн-күнгө тырышат.
Карылыктын туткуну улам туткактап,
Болбой калды мурдагыдай көңүл шат.

Бүт жеримди оору басып "Ай! Ий!"-деп,
Өкумүнө башты ийем маакул деп.
Сурамжылап табып менен доктордү,
Таңдан кечке сүйлөөр сөзүм, ушул кеп.

## Курманжан Датка баяны

Он тогузунчу кылымда,
Чыгаан кыз чыккан кыргыздан.
Жазылып калган тарыхта,
Алайлык айым Курманжан.

Айтайын десем узун кеп,
Түгөнбөйт анын жомогу.
Элине кылган эмгегин,
Айтайын эми ободу.

Эрки күчтүү Курманжан,
Элинен чыккан акылман.
Кыз кезинде кыйласын,
Акыл, сүр менен качырган.

Даап алдына келалбай,
Мырзалар турган акылдап.
Эл түйүнүн чече алган,
Алайдан чыккан асыл жан.

Жапалак кызы айымга,
Ашыктар жетпей зар болгон.
Акылы зирек сулууга,
Алымбек датка жар болгон.

Ал кезде Датка Алымдек,
Кокон хан бийлик тушунда.
Бектик милдет аткарчуу,
Жан тартып чачкын кыргызга.

Алимбек датка тынч албай,
Эл мүдөөсүн ойлогон.
Кыргыздан мекен түзсөм деп,
Чоң үмүттү болжогон.

Жетини өлчөп, бир кесип,
Көп жолу ойлоп бир чечип.
Алымбек датка кеп баштайт,
Курманжанга сыр чечип.

Алымбек Датка кеп салды,
“Кайратың күчтүү асыл жан.
Колуңа алгын Алайды,
Ишенич сага артылган”.

Жок дебей, маакулдук берип,
"Айтканыңа көнөйүн.
Колумдан келээр иш болсо,
Аткара албайм дебеймин".

"Колуңдан келет Курманжан,
Акылың тетик асыл жан.
Эл-жериң алып колуңа,
Эл жүгүн көтөр колуңа".

Сөзүнө бектин "Маакул" дейт,
Ойлонуп датка убай жейт.
Эне элем бир үй башкарган,
Чоң элди кантип башкарам?

Түйүндү чечип даткалар,
Бир чечимге келишти.
Аманын элдин тилешип,
Батааны бирге беришти.

Ошентип Датка Алымбек,
Коконду кетти башкарып.
Курманжан калды Алайда,
Даткалык милдет аткарып.

Ошондой күндөр биринде,
Калайык калктын ичинде.
Кокондук ханга каршылаш,
Көтөрүлүш чыкты элдерде.

Жөн турбай Датка Алымбек,
Анжиян, Ошту бир кылып.
Эл башчы болуп алдында,
Көтөрүлүшкө түз бармак.

Кыраакы Датка артында,
Душманы барын сезиптир.
Кеңешүү үчүн элине,
Курманжанга келиптир.

Алымбек Датка ал сурайт,
"Тынчпы Даткам, тоо жерим.
Коркунуч жокпу Алайда,
Аманбы деги эл, жериң?"

Тосуп алды датка айым,
Алыстан келген күйөөсүн.
Алымбек Датка мындай дейт,
"Ук Даткам сөздүн жүйөөсүн.

Жүрөгүм сезет жамандык,
Мендеги суук кабарды ук.
Кетчүүдөй башым чабылып,
Көңүлүмө түштү жүк.

Акылман Даткам айтчы сен,
Мен кайрылып Коконго,
Барбай койсом болобу?
Душмандар түшсө артымдан,
Каргаша кылып коёбу?"

“ Качпаңыз Даткам ал жактан,
Сактасын сизди жараткан.
Намыска калып өлгөнчө,
Качтың дейт Кокон тараптан.

Уят го бегим мунуңуз,
Билдирбей кайра барыңыз.
Кудайдын башка салганын,
Эл менен чогуу көрүңүз.

Оңойдон намыс бербеген,
Даткабыз – бирге эл менен.
Жаратса кудай, кайра алаар,
Коркпоңуз бегим пендеден!”

Алымбек жөнөп жатканда,
Батаасын берип Курманжан.
Не болушун сезсе да,
Токтотот өзүн курган жан.

“Амандык болсун жан бегим,
Алдыңдан жаркып тосоюн.
Жанаша коюп кош жаздык,
Башыңа башым кошоюн”.

Датканын нарктуу сөздөрү,
Бегине катуу чеп болду.
Билгизбей кайтып Алымбек,
Өз ордуна бек болду.

Датка айым сезип билгендей,
Мерт кетти адам колунан.
Кылычта алып башынан,
Шейитте кетти жолунан.

Кабары келди суук сөздүн,
Алымбек Датка өлдү деп.
Каада-ашын берди элине,
Курманжан Датка убай жеп.

Датка айым акыл жыйгыча,
Ээрчишип келди каргаша.
Орустар кирип келишти,
Тоо курчаган Алайга.

Орустун орой мыйзамы,
Бүлүктү салды элдерге.
Баш ийбеген кыргызды,
Мыкчыды бекем чеңгелге.

Оор жүк түшүп башына,
Кетирди Датка айласын.
Эл журттун ойлоп тагдырдын,
Кечти го азап дайрасын.

Акылга салып ойлонуп,
Уйкусуз күн-түн толгонуп.
Тынчтыгын издеп элинин,
Көңүлдө дарты шор болуп.

Ойлосо, болоор иш эмес,
Орустар айаар киши эмес.
Аларың кылаар жамандык,
Көрүнүп турду миң элес.

Көнбөсө Датка мыйзамга,
Көгөндөп кысып асылмак.
Аладын эли кырылып,
Баарысы четтен атылмак.

Датка эне күн-түн ойлонуп,
Жетини өлчөп бир кести.
Элдерин сактап калууга,
Баш ийгенге бел чечти.

Узак жолго аттанып,
Орустун борбор шаарына.
Маакулдук берип кол койду,
Мыйзамдын долбоор тагына.

Ал кезде балдар эр жетип,
Кандары кызып турганда.
Үстөмдүк кылчуу душман деп,
Кам көрүштү кууганга.

Балдары келип даткага,
Айтышты болго кептерин.
Бир сөзгө туруп жигиттер,
Аларды көздөй беттээрин.

Чочуду “Жок!” – деп Датка эне,
Ал кылган иштер эч болбойт.
Акылды туура калчасак,
Андай иш менен күч болбойт.

“Жол бербейм андай нерсеге,
Алаамат түшөт элдерге.
Азамат сындуу жигиттер,
Кармалат ажал чеңгелге.

Сөзүмдү уккун балдарым,
Силерге акыл айтамын.
Көр ажал менен арбашпа,
Амандык болсун жандарың.

Мыйзамдык чекке баш ийип,
Эл-жерди сактап калалы.
Түшпөсүн кайгы элиме,
Ырбатып калбай жараны”.

Көгөрүп алган Камчыбек,
Көшөрүп ага көнбөдү.
“Баштарын бирден аламын,
Калгыңар келди өлгөнү!”

Камчыбек катуу кекенип,
Орустарга жөнөдү.
“Баштарын жулуп алмадай,
Бир-бирден орго көмөлү.

Тентибей кетсин бул жактан,
Болбосо бирди көрөсүң.
Кыжырга тийсе макулук,
Кыңшыган иттей өлөсүң!"

Каарынан кайтпас аларың,
Камчыны кармап алышты.
Колдорун байлап артына,
Кишендеп торго салышты.

Сурашып билди Камчынын,
Баласы экен датканын.
Дарга асмакпыз муну биз,
Баласы болсо башканын.-

Деп ошондо Генерал,
Кабарын берди Даткага.
Бир көрүп кетсин деп ойлоп,
Күнөөнү кылып жатса да.

Жан соогалап жаш-каары,
Турушту күтүп Датканы.
Даяр турат желдеттер,
Камчыны дарга асканы.

Датка айым келди шашылып,
Теминип атты бастырып.
Жер таптап чөгүп аларга,
Кеткен жок алдан каз туруп.

Камчыбек туруп ордунан,
“Апа!”- деп эне алдында.
“Тек!”-деди эне, балага,
“Өзүңдөн намыс алдырба!

Ушундай болоорун билгемин,
Койгун деп айтып жүргөмүн.
Кечиргин мени чырагым,
Сүтүмдөн кечтим, гүлдөйүм.

Эл – жерге бергин жаныңды,
Эл үчүн кечтиң каныңды.
Калдайган калың элиң бар,
Өчүрбөйт сенин шамыңды.

Кой десем такыр көнбөдүң,
Беттегенди бербедиң.
Тилимди укпай, балам ай...
Колуңду артка сермедиң.

Өлгөнүң көрбөй куруюн,
Араңдан чыдап турумун.
Тик кара уулум ажалга!
Арстан жүрөк кулунум!”-

Деди да эне кайрылды,
Өң – жүзүнөн билдирбей.
Көөдөнгө камап кайгыны,
Ичинен жашын сай кылды.

Генерал башка ойлогон,
Датка айым келет төгүлүп.
Кечирим сурайт ал бизден,
Тизесин бүгүп чөгүлүп.

Ойлонгон иштер болбоду,
Датка эне намыс бербеди.
Тоодой күчтүү эрк менен,
Тооруп басты элдерди.

Таң калды орус Генерал,
Датканын күчтүү эркине.
Топ жарып баскан эненин,
Карааны карек ээрчите.

Чөгөлсө Датка, кечирмек,
Асылбай калмак Камчыбек.
Акылдан кетсе Датка айым,
Намыстын күчүн кетирмек.

Аркан жип салып мойнуна,
Камчыбек дарга асылды.
Кан жутту Датка күйүткө,
Урматын кылып элине,
Баласын жерге жашырды.

Тогуз ай бойго көтөрүп,
Толгоону тартып, жан берип.
Көп азап менен чоңойтсо,
Түн уйкусун он бөлүп.

Боор-эттен бүткөн баласын,
Каратып туруп дарга асса.
Жылаандай болуп толгонуп,
Көзүнөн жалын-от чачса.

Тик карап турган эненин,
Мындайдан артык тозок жок.
Жанын эч жерге коё албай,
Тирүүлөй күйүп болду чок.

Чыдагыс азап-тозокту,
Кечкен экен Датка эне.
Ушундай заман болоорун,
Сезген экен Датка эне.

Аялдан чыккан биринчи,
Генерал экен энебиз.
Эрдигин билсек Датканын,
Эч кандай бийлик тең келгис.
Темирдей катуу түйүндү,
Эрдиги менен чечти дейт.
Кыргыздын элин Датка эне,
Ак жолун салып кетти дейт.

Бүлүгүн кылбай чоң элди,
Бүтүндөп алып калды дейт.
Шаңкайып нурдуу элеси.
Шам болуп жанып калды дейт.

Нукура Кыргыз элдерин,
Нугуна салып барды дейт.
Нур чачкан асыл энебиз,
Нур Датка болуп калды дейт.

Калдайган калың кыргыздын,
Элдерин сактап калды дейт.
Курманжан Датка энени,
Калың журт даңктап алды дейт.

Жыйырманчы кылым башында,
Токсон бир келген жашында.
Керээзин элге айткан дейт,
Тууган-уруктун кашында.

Кыштын акыркы айында,
Биринчи февралында.
Датка айым көздү жумду дейт,
Оштогу Мады айлында.

Курманжан Датка энени,
Урматын кылды улуу эл.
Асаба сайып боз үйгө,
Удургуп турду калың эл.

Ондогон жылкы, бээ союп,
Казы-карта, чучук май коюп.
Кадырын туу кылды дейт,
Казганактап эл толуп.

Эскерип төкмө жамактап,
Турган эл ыйлап шолоктоп.
Тууруна Датканы берди дейт,
Түбөлүк жерге коноктоп.

Көзү өтсө да жарыктан,
Алайда күйөт өчпөс шам.
Ааламы бүтүн турганда,
Датка эне өчпөйт тарыхтан.

# МАЗМУНУ


Жоогазын жылда ачылат....................................3

ЖАШТЫГЫМ ЖАРКЫН ЭЛЕСИН....................................5

Өткөн күндү эскертүү....................................6

Ырларым сырдаш болоор....................................7

Жаштыгыма....................................8

Сыйлашып өтөлүчү....................................8

Тоолорум сенден айланам....................................10

Эгемен Кыргызстан....................................11

Жакшы көрөмүн....................................12

Жаз элем....................................14

Атаганат....................................14

Өрөпкүп турамын....................................15

Толгонуу....................................16

Мезгил өкүмү....................................17

Акын дешет....................................17

Тыюу салат бир оюм....................................18

Жакшылыкка чакырам....................................19

Туулган жерим....................................20

Кара - Көлүм....................................22

Сузагыма 90 жыл....................................23

Курманбек баатырдан бир баян....................................24

Туулган жерге кайрылуу....................................25

Кетким келет....................................26

Ошол мен....................................27

Айылым сыр айтат....................................28

Жери сонун кыргыздын....................................29

Агайларыма....................................29

Эже - Агайым сыймыгым....................................30

Мугалим - мөмө дарагым....................................31

Студенттин парызы....................................31

Музыканттар....................................32

Балалыкка кайрылуу....................................33

Билим....................................35

Китеп....................................35

Китепкана чоң байлык....................................36

Талантка кенен жол каалоо....................................37

Ыр кесе сизге сунулду....................................39

Ыр деп согот акындардын жүрөктөрү....................................42

АРНОО ЫРЛАР....................................44

Ариет деп ат койдум....................................45

Азиретим - балдайым....46
Неберем Айгеримге....47
Неберем Айназикке....48
Биз үчөөбүз....48
Үч үйгө кут болгула....49
Бактылуу бол чыгарым....50
Учугумду улаарым....51
Балдарым - кубатым....52
Айылым сырдуу кеп айтат....53
Керегем сага айтам....54
Уулга насаат....57
Кызга насаат....60
Адамдын жаманы көп....62
Бар болгула энелер....65
Атамдай көрөм абамды....65
Абамдын 70 жылдыгына....66
Калдар акеге....66
Камбар агайга....67
Курбум Салтанатка....68
Гүлжанга....68
Эл артисти Шахра Талипова....69
Арзыбек Бедияровго....70
Чырмаш апска....70
Комузчу Токтомурат Осмоналиевге....71
Дарыгер курбум Баарыканга....72
Анипага....73
Эшим менен Айнурага....74
Муктар Сатаровичке....74
Абдыразакова Бурулга....75
Жаркын апа 80 жашта....76
Эркингүл....77
Сузактын перилери....78
Курбуларым....79
Камчыбек Ташиевге....79
Иним Кубанычка (Кубикке)....80
Кесиптешим Гуламгапырга....81
Армандуу ой....82
Өрөпкүп турамын....83
Сагынуу бар....84
Акын дешет....85
Өмүргө....85
Жалгыз дарак жана мен....87

Мен жашарып, жаралгансыйм....................................88
Нооруз майрамы....................................88
Апаат согушка....................................89
Жеңиш майрамы....................................90
Ким эле деп сурасам....................................91
Эсиңе кел Кыргызым....................................92
Жалгыз өскөн жоогазын....................................93
Арманда өткөн балалык....................................94
Балалыкка кайрылуу....................................95
<u>МАРКУМДАРДЫ ЭСКУРТҮҮ</u>....................................98
Атама....................................99
Арман ай! Арман....................................100
Ырда Рыспай, ырдагын....................................106
Булбул үндүү Рыспай....................................106
Сиз менен бир баспай....................................108
Ажыке жайлоосу....................................110
Кан достор....................................110
Сулайман - Тоодо эки элес....................................111
Ырдан тапкан баласы....................................112
Сумсайым мезгил суз кылды....................................114
Чыңгыз Айтматовдун көзү өткөндө....................................115
Жүрөгүм жаман сыздады....................................115
Маркум, төкмө акын Тайырбекке....................................117
Барпынын урпагы элең....................................118
Элесиңер дайым биз менен....................................119
Максуданы эскерип....................................120
7 - апрелде курман болгон иним Асылбектин жаркын элесине арнайм....................................120
Арман - арман....................................121
7 - апрелде көз жумган баатырларга....................................122
Манас Бердибековго....................................123
Азада Бегимкуловага....................................124
Арманда бүткөн жан балам....................................126
Капар ырчыны эскерүү....................................129
Ооганда курман болгон жоокерлерге....................................130
Гүл бейиш болсун....................................131
<u>МЕЗГИЛ ЖАНА МАЕК</u>....................................133
Кар жамынган дарактар....................................134
Жаңы жыл....................................134
Шамал....................................135
Сулуулукка бөлөп турат дүйнөнү....................................137
Күкүгүм....................................137

Үйүбүзгө ыр белек..........140
ТАГДЫР ТАРАЗАСЫ..........141
Кунарсыз жашоо..........142
Тагдырыма..........142
Жолубуз эки башка..........143
Ак дилимди ооруттуң..........144
Сенин да сыздаар жүлүгүң..........145
Аттап кеттиң..........145
Бир азапты алып кеттим..........146
Сага..........146
Сүйүү болсо, баары жаш..........147
Өзүң болчу дарыгер..........148
Түйшүгүмдү бөлө кет..........149
Ыйлайт, ыйлайт..........150
Бөксөргөн көңүл толбоду..........151
Сааты чыкпай ырлардын..........152
Абайлагын..........152
Зериктирбейт ушакчы..........154
Жаратканга кайрылуу..........154
Ыраазымын бактыма..........155
Өмүр неге аманат..........156
Тагдырыбыз бирдей..........156
Эне ыйык..........157
Сагындым досум..........158
Кымбаттуу кыргыз эл сулуу..........158
Кубанам кыргыз болуп калганыма..........159
Эгемендик..........160
Ак боз үй..........161
Жалал - Абад шаарына..........161
Кочкор - Ата курортуна..........162
Ыссык - Көлдүн баяны..........162
Спортчулар..........163
Балалыкка кетким келди..........164
Ыр жазам..........165
Көрөйүнчү күрөшүп..........166
Сулуу таңга суктанам..........167
Жаз айым..........168
Досума..........170
Кыргыз тилди унутпа..........170
Жол башчыгы, мугалим..........171
Бүтүрүүчү класстар..........173
Билип жүр..........173

Ыманым менин жолдошум........................................175
Ымансыз кеткен жаман........................................176
Ыман бер........................................177
Ыман менен кетели........................................177
Эстей жүр........................................179
Курбума таарыныч........................................179
Баардыгы бар базарда........................................180
Ошол да доспу........................................182
Бир бололу........................................183
МАХАБАТКА МАГДЫРАП........................................185
Кыз жигит........................................186
Аялзатка........................................186
Кайниден жеңеге кат........................................187
Жеңеден жооп........................................189
Гүлкайыр элең........................................190
Өзгөрөөрүн билбепмин........................................191
Булбулду гүлдөр самашат........................................192
Сөзүңө ишембедим........................................192
Агайынчы жетеленип шарыңда........................................193
Сезимдерим эркелейт........................................194
Таарынбачы периштем........................................195
Сүйүүмө күбөө жүрөгүм........................................196
Махабаттын керээмети........................................197
Сезим кайрыктары........................................197
Куса болом көрбөсөм........................................199
Бир өзүңө ишенем........................................199
Уурдап алайын........................................200
Ким элең?........................................201
Болсо экен бакыт өмүрлөш........................................202
Жарпым жазчы........................................202
Күтүп турам........................................203
Билбедим........................................204
Катылган сыр........................................204
Оорутпачы жүрөктү........................................205
Издеймин бактымды........................................206
Сага........................................207
Аман жүрсүн алтын баш........................................208
Жаштыгымды сурасам........................................208
Курманжан Датка баяны........................................209

АДАБИЙ - КӨРКӨМ БАСЫЛМА

Карабаева Анаркан Түркбаевна

# ЖАЛГЫЗ ӨСКӨН ЖООГАЗЫН

ырлар

*Редактору: Маматибраим Бостонкулов*
*Техникалык редактору жана корректору: Көчкөнбай Төрөкулов*
*Дизайнер жана компьютердик калыптоочу: Адилет Осмоналиев*

Терүүгө 10.02.2013ж. берилди. Басууга 15.03.2013ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1/16. Ариби Arial.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Көлөмү 14,25 басма табак.
Нускасы 300 даана. Заказ № 66

Бишкек шаары, индекс 720011.
«Полиграфбумресурсы» басмаканасы.
Сүйүмбаев көчөсү, 144/23
Тел.: +996 312 43-20-75, 43-19-51



Карабаева Анаркан Түркбаевна

1955-жылы. Аксы районунун, Кара-Жыгач айылына караштуу Сыны айылы азыркы Караван айылында төрөлгөн. Сузак районунун Кызыл-Туу селсоветиндеги Кара-Көл айылынын "Большевик" 4 жылдык башталгыч мектебинде окуп, андан кийин Ак-Булак айылындагы "А.Осмонов" атындагы 8-жылдык мектебин окуган. Андан кийин Кызыл-Сеңир айылында 10-классты окуп бүтүргөн. Учурда Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин Журналисттик факультетинде окуп аяктоодо. Сузак районунун маданият бөлүмүндө эмгектенүү менен, райондук клубда Рыспай Абдыкадыров клубунун филиалын ачып иштетип келет. 2001-жылдан бери ыр жазуу менен алектенип, райондук жана Жалал-Абад шаардык газеталарга жарыялап келүүдө. Рыспайдын ырларын жакшы аткарып райондук, шаардык, облустук кароо-конкурстардын Лауреаты, дипломанты болуп келген.